63.5 кыр
Р 95

Рысбек

# БОЗ ҮЙ



Книга должна быть
возвращена не позже
указанного здесь срока

Количество предыдущих
выдач

30.12.24.г 155

АПК. Зак. Б-192—20 млн.—84 г.

63.5 кыр
Р 95

КР 95

Рысбек

# БОЗ ҮЙ



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №. 469879

Бишкек – 2006

ОТДЕЛ ГОРОД...

ББК 63.52 (2 Ки)

**Рысбек**

Боз үй: – ИПЦ«Илимпоз» Бишкек, 2006.– 164 б.

ISBN 5-85550-065-2

© Рысбек

© ИПЦ «Илимпоз», 2006

## *АРНОО*

Бул көөнөргүс ачылышты
Теңир-Тоодогу түбөлүк Боз үйгө арнайм.

*Мени өз боз үйүнө тоскондорго, кыргыз салттарын көрсөтүп түшүндүргөндөргө, теңир тоодогу накта кыргыздарга, жана бул китепти которгондорго чоң ырахмат.*

# БАШ СӨЗ

Сенин мекениң – менин Меккем!
Боз үйүң – менин Кыбылам!
Жериң – менин Курортум!
Элиң – менин Имамым!
Салттарың – менин Парзым!
Ала-Тооң – менин ыйык Ажылыгым
Ак калпагың – менин ажылык Топум!
Ата-бабаларыңдын жолу – менин туткан Диним
Манастын Көк Теңири – менин Алла Таалам
Сенин табиятың – менин Мечитим
Эркин Тооң – менин керемет Ташым

(автору калифорниялык **РЫСБЕК**)



# ТАРЫХ

Туристтик китепчелердин көпчүлүгүндө: «Борбордук Азиядагы башка өлкөлөргө салыштырмалуу Кыргызстанда археологиялык табылгалар абдан аз», – деп айтылат . Бирок ата-бабаларыңар силер үчүн сактап, мураска калтырган боз үйдүн буюмдарындагы тарыхты баяндап турган баа жеткис асыл кенчтер Борбор Азиянын археологу тапкан нерселерден алда канча нарктуу да, эски да. Тоо буюмдары менен маданиятындагы жашырын сырлардын маанисин толук түшүнүү үчүн археолог же илимпоз болуу жетишсиз.

## ИШЕНИМ ЖӨНҮНДӨ

*«Ибраим пайгамбар Жараткан Эгебизге ишенди, ошондуктан Жараткан Эгебиз аны адил адам катары кабыл алды.»*

(Кудай сөзүндөгү торат китебинен).

*«Чыныгы мусулман болгон абалында өзүн Аллага тапшырган жана акыйкат жолдогу Ибрахимдин динине ээрчиген адамдын дининен да кереметирээк дин барбы?»*

(Куран 4:125)

Ибраим пайгамбар үч улуу диндин: Иудаизм, Христианчылык жана Исламдын атасы болуп эсептелет. Ибраим атабыз ушул улуу диндердин бүгүнкү акыбалын көрсө кандай абалда калар болду экен? Менин балдарым деп атаар беле алар-

ды? Ыйык Китеп эч жеринде Ибраимди динчил киши деп атаган эмес. Ал тек гана Кудайдын ишеничтүү адамы болгон. Тутунган кандайдыр бир диний мыйзамдары да, таат-ибадат кыла турган заңгыраган храмдары, мечиттери да болгон эмес. Жөн гана Кудайга бел байлап, ага ишенимин артып, алачыкта жашаган.

Ибраимдин алачыгы анын жөнөкөй ишениминин жана Кудай менен болгон достугунун белгиси (символу). Алачыкта жашоо ага эркиндикти берген. Кудайдын бар деген жагына эч буйдалбастан, токтоосуз жөнөп кете берген. Азыркы тармакташтырылган (структуралаштырылган) диндер менен алардын заңгыраган сарайларынан Ибраимди өзгөчөлөп бөлүп турган нерсе — анын тирүү ишеними болгон. Менимче, Ибраимдин чатыры менен силердин боз үйүңөр Ибраим атанын Кудай менен болгон достугу менен чыныгы ишенимдин туруктуу белгилери (символдору).

*«Ибраим пайгамбар Жараткан Эгебизге ишенди, ошондуктан Жараткан Эгебиз аны адил адам катары кабыл алды» деген пайгамбардык сөз аткарылды. Ошондой эле Ибраим пайгамбар Кудайдын досу деген атка конду.»* (инжил китебинен)

Бул китеп сиздин бейишке көздөгөн зыяратчылык(аж) сапарыңызда жетекчи боло албайт. Эгерде мен сизге жол-жоболору жазылган барактары берсем, анда ошол китепке же анын эрежелерине ишенүүнү үйрөнмөксүз. Бирок сиз көрүнбөгөн Кудайга ишениңиз, аны менен дос-



тошуңуз жана өзүңүздү анын Рухунун жетегине салып бериңиз.

«...Ибрахимдин динине ээрчигиле (келгиле)!»
(Куран 3:95)

## Жакып пайгамбардын Кудай Үйүндө Ак батага ээ болушу

Пайгамбарлар китебинен Жакып пайгамбардын жолдо чарчап, талаада уктап жатканда кандай окуяны башынан өткөргөнү тууралуу окудуңуз беле?

*«Күн батканда, Жакып бир жай таап, ташты башына жазданып алып, жата кетти. Түшүнө жерден көккө чейин жетип турган бир шаты кирди. Кудайдын периштелери аны менен түшүп чыгып жатыптыр. Шатынын жанынан бир Мырзаны көрдү. Ал Жакыпка мындай деди: «Мен – Эгеңмин, атаң Ыбрайым менен Ыскактын Кудайы болом. Жаткан жериңди сага жана урпактарыңа берем. Укум тукумуң кумдай көп болуп, төрт тарапка жайылат жана сен аркылуу, сенин урпактарың аркылуу мүлдө адам затка батам тиет. Мен сага жар болуп кайда болбо – коргоймун, кийин сени ушул жерге кайра алып келем. Убадамды орундатмайын сени калтырбайм». Жакып ойгонуп кетип: «Бул жерде Теңир бар экенине шек жок, а мен билбептирмин! Бул жер касиеттүү жер экен, биерде Кудайдын үйү бар экен, көккө кире турган экен», – деди*

(Тоорат китебиндеги «Муса пайгамбардын биринчи китеби»)

Арийне, Кудай бардык жерде боло алат. Бирок ошондой болсо да Жакып ата өзүнүн Кудайдын үйүнө, асманга кирүүчү дарбазанын түбүнө барып келгенин түшүнгөн. Ала Тоонун зыяратчысы үчүн менде бир суроо бар: сиздин оюңузча, эмне үчүн Кудайдын үйү бар? Эмне үчүн пенделери менен жолугуп, аларга батасын берүү үчүн, Кудай атайын өзгөчө жайга ээ болушу керек?

## Кудай менен мамиле тууралуу

«Кудай үйү» деген ойдун маанисин түшүнүү үчүн Кудай Сөзүн окуп, анын рухий жолдорунун маанисин билиш керек. Кудай сөзүн окугандардын көпчүлүгү Кудайдын мүнөзүнүн эң кереметтүү жагы — анын мээримдүүлүгү, сүйүүсү экендигине макул. Кудай — мээримдин өзү. Ал ар дайым мээримдүү болуп келген, ал тургай Адам атаны жаратаардан мурда эле ал мээримдин өзү болгон. Адам атаны жаратканда, адамзатты өзүнүн мээрими менен бөлүшүүгө, туугандык ысык мамилеге чакырган. Бул мамилелер аруу мамилелер. Булардан Кудай баарынан көп рахат алат. Жараткан Кудай — тууганчыл Кудай.

Адам ата менен Обо эне Кудай менен болгон ысык мамиледен ырахат алып, кубанычка бөлөнүшкөн. Алардын жан-дүйнөсү тынчтык менен кубанычка чексиз толуп, эмнеге муктаж болушпасын, эмнени каалашпасын, баарын алып турушкан. Алар үйгө муктаж болбогон. Кайда барышпасын Кудай жолдош болуп, кам көрүп, канатына калкалаган. Бирок, мындай таза, ыйык мамилени жек көргөн бирөө бар болчу. Ал Обо



энени алдап, Кудайдын Сөзүн эки кылууга түрткөн. Шайтан Адам ата менен Обо эненин Кудайга берилүүсүн митайымдык менен тартып алган. Алардын Кудай менен болгон аруу мамилесине кыянаттык деген кара так тамып, булганган. Бул кара так күйөөсүнүн көзүнө чөп салган аялдын күнөөсүндөй кир жана жийиркеничтүү болгон.

*«Чындыгында Биз инсанды эң көркөм көрүнүштө жараттык. Андан соң, аны асфаласафилийнге (тозокко) кайтардык».* (Куран 95:4,5)

Ошондо нике адалдыгын булгаган аялын үйүнөн айдап чыккан киши сыяктуу ыйык Кудай да биздин өзүмчүл ата-энебизди бейиш багынан кууп чыккан. Ошондон тартып Кудай менен адамдардын ортосундагы мамиледе олуттуу көйгөй өкүм сүрүүдө.

Бактыга жараша Кудайдын сүйүүсү күчтүүлүк кылып, бейкүнөө жаныбарларды курмандыкка чалуу жолу аркылуу биздин ата-бабаларыбыз кайрадан Кудай менен ынак мамилеге кайрыла алышарына жол ачкан. Кудай бейкүнөө жаныбарларды адамзаттын катачылыгынын куну катары берген.

Бирок адам баласы күнөө менен ишенбестикке берилип, андан ары жашоосун уланта берди. Биринчи ата-энебиз бизге ушундай мурас калтырып кетти. Колу-бутубуз, каш-кабагыбыз жана башка дене мүчөлөрүбүздүн формалары менен катар эле күнөөгө жакындыгыбыз да бизге баштапкы ата-энелерибизден өткөн. Бирок, бакты-

га жараша бузукулугубузга карабай, тууганчылыкты сүйгөн Кудай биздин аркабыздан калбай ээрчигенин уланта берди. Бир кезде ал бизди кайрадан өзү менен жолугуу үчүн, элдешүүнүн, туугандык мамиленин жана жолдоштуктун жайы катарында орноткон үйүнө чакырды.

## Кудайдын байыркы үйлөрү

Көп убакыт өткөндө Кудай адамдардын арасында жашоо үчүн көктөн түшүп келди. Жакып түш көргөн убакыттан кийин көп жылдар өткөндө, Кудай Муса пайгамбар аркылуу эмне дегенин карасаңар:

*«Мен силердин араңарга өзүмдүн алачыгымды тигем. Силерден жийиркенбей, араңарда жашайм. Мен силердин Кудайыңар болом, ал эми силер болсо менин элим болосуңар».*
(Муса пайгамбардын үчүнчү китеби)

Кийин Кудай Муса пайгамбарга сүйлөп, өз кишилерине малдын жүнүнөн, терисинен, жыгачтан жана чыйратылган жиптен турган кооз алачык жасоону буйруду. Муса пайгамбар Кудайдын айтканына тил алып, анын буйруганындай алачык жасады. Жакыптын балдары жасаган ошол алачык өз адамдарынын арасында жашаган Кудайдын турак-жайы болуп калды. Алачыктын дагы бир аталышы — Кездешүү Алачыгы болчу. Анткени ал жай ыйык Кудайдын Муса пайгамбар менен жана Жакып пайгамбардын балдары менен кездешүүчү жайы эле.



Тирүү материалдардан жасалган алачык (же боз үй) сыяктуу эле Кудайдын адамдар арасындагы байыркы үйү да көчүп жүрүүчү үй болду.

Муса ушул «Кездешүү Алачыгын» жасагандан кийин мага окшогон башка бир пайгамбар дүйнөгө келет деп алдын ала айткан.

Муса пайгамбардан кийин көптөгөн муундар өткөндө силердин Дөөт пайгамбарыңар Кудайга башка чатыр куруп, анын ичине касиеттүү сандыкты жайгаштырган. Бирок кийин ал боз үй кулап калган.

Андан соң Сулайман падыша Кудайга таштан жасалган чоң үй курду. Ал үй — Кудай өзүнүн даңк-салтанаты толуп, көзгө көрүнүп турууга мүмкүн кылган заңгыраган имарат болчу. Бирок бир нече убакыт өткөндө дин мугалимдери катаал, өкүмчүл болуп кетишти. Алар Кудайды таанып-билип, сүйүп, аны менен тынчтыкта болгондун ордуна диний мыйзамдарды көбүрөөк сүйлөп, окутуп киришти. Жыйынтыгында адамдар Кудайга тилинин учунан гана сыйынып, дилинде андан алыстап калышты. Адамдардын жүрөгү таштай катып, Кудайды ушунчалык тоготпой калышканда Кудай аларды кыйратып, өзүнүн аты менен аталып, даңкын чыгарууга курулган үйдүн таш-талканын чыгарды.

Ошол элдин тарыхы менен каталары кайталанбашы үчүн силер алардын жашоосун окуп-билип, каталарынан өзүңөргө сабак алышыңар туура болот. Алар өз тарыхы менен катачылыктарынан сабак ала алышкан эмес. 70 жыл бою туткунда жүргөн соң кээ бирлери Кудай алдында күнөөлөрүн моюнга алып, түндүктөгү чет мам-

лекеттердин бийлигинен бошонуп чыгышкан. Бонтондукка чыккан аларга Кудай таш чатырды кайра курууга мүмкүнчүлүк берген. Бирок кайра эле диний жетекчилер жашоо бере турган чындыктан көрө аткарууга оор мыйзамдарды көбүрөөк пир тута баштапты. Жүздөгөн жылдар өткөн соң ошол экинчи таш имарат да кыйратылып, Кудайга багыштап курулган үчүнчү үй пайда болду. Бирок ошол таш үйдүн дин мугалимдери диний мыйзамдар менен пенделик салт-санаалардан башка эч нерсени окутушпай баягы эле тас кейпине түшүштү.

Иса пайгамбар Кудайдын үйүнө келгенде бардык арам нерселерден ибадаткананы тазалашы керек болду, анткени ибадаткана Кудай менен кездеше турган жай болбой эле базарга окшоп кеткен болчу.

*«Иса пайгамбарга диний жетекчилердин ачуусу келип: «Кудайдын үйүн тазалаганга акың бар экенин далилдеген бир кереметтүү белги көрсөт!» — деп талап кыла баштапты.*

Ошол тарыхый таймаш тууралуу Кудай Сөзүнүн айткандырына көңүл бурсаңар:

*Иудей башчылары:*

*— Мындай кылууга кандай акың бар? Кандай аян көрсөтүп, далилдей аласың? – дешти.*

*Иса:*

*— Мынабу ыйык үйдү бузуп көргүлө, мен аны үч күндүн ичинде кайра тургузуп алам, – деп жооп берди.*



*Ошондо иудей башчылары:*

*— Эй, бул ыйык үй кырк алты жылдан бери салынып жатат, а сен аны үч күндө кайра тургузмакчысыңбы?*

*Иса «ыйык үй» деп өз денесин айткан болчу. Кийин, Иса кайра тирилгенде шакирттери анын ушул сөзүн эстешип, ыйык жазмаларда жазылган жана Иса ырастаган пайгамбарлык сөзгө ынанып же ишенишип калышты.* (Инжилден)

Иса ушул сөздөрдү айткандан 40 жыл өткөндө Кудайдын 3-чү таш үйү кыйратылып, бүгүнкү күнгө чейин калыбына келтирилбеди.

## Тоодогу үй

Илгери-илгери Пайгамбарлардын китебине мындай деп жазылган болчу:

«Акыркы күндөрдө ушундай болот:

*Теңир үйүнүн тоосу башка тоолордун башына коюлат, дөбөлөрдөн өйдө көтөрүлөт жана ага бардык элдер агып келишет. «Жүргүлө Теңирдин тоосуна чыгалы, Жакыптын Кудайынын үйүнө баралы. Ал бизди өзүнүн жолдоруна үйрөтөт, анын үйрөткөн жолдорунда жүрөлү».* (Исайя пайгамбардын китебинен)

Кудайдын Сөзү бизге айткандай Кудайдын үйү тоолордун үстүндө жайгашкан тоо сыяктуу. Кудайдын үйү тоолордун чокусуна орнотулат. Кудайдын жолдорун үйрөнүү үчүн келген көптөгөн элдердин ыйык жайы болот.

Мен да, алыстан ошол үйдө болуп келдим. Алыскы элден тоонун чокусуна келдим, жана Кудайдын үйүндө болдум. Бул үй — менин Жаратуучубуз менен кездешүүчү жайым. Бүгүнкү күнү Жаратуучубуз силерди, Теңирдин тоолорунун зыяратчыларын, башка элдерге барып: «Жүргүлө, Теңирдин тоосуна чыгалы, Жакыптын Кудайынын үйүнө баралы. Ал бизди өз жолдоруна үйрөтөт. Биз анын жолдору менен жүрүшүбүз керек» — деп айттыруу үчүн даярдап жатат.

*«Себеби Машайак даңктуу улуу Кудайдын «Бул Менин сүйүктүү Уулум. Мен Ага ыразымын» деген үнүн укканда. Кудай Ата Аны урматсыйга даңкка бөлөгөн. Асмандан келген ошол үндү биз да укканбыз, анткени ыйык тоодо Аны менен бирге болгонбуз».* (2 Петир 1:17-18)

## Дөөттүн суроосу «Дөөтү колдосун»

*(эл оозунан)*

Байыркы убактарда Манас сыяктуу бир улуу Падыша жашаган. Ал Кудайдын элине башчылык кылып, аларды ар кандай душмандардан коруган. Карыя энелерибиз аны ушул убакка чейин *«Дөөтүбүз»* деп келишет. Ошол Дөөт пайгамбар Кудай үйү тоого тигилген боз үйгө окшогон чатыр болгонун билген бекен? Ошондуктан Забур китебин жазып жатып:



*«Эгебиз, сенин алачыгыңда ким тура алат? Касиеттүү тооңдо ким жүрө алат?»* деген түбөлүктүү суроону Забур китебинен берген.

Мен ушул китебимде Дөөтүн суроосуна жооп берүүгө аракет кылам. Бирок бир нерсе эсиңерде болсун: силер уга турган жооптун маанисин терең түшүнүү оор болот. Жатташ үчүн ыйык сөздөрүн, же аткарыш үчүн кандайдыр бир милдеттерди албайсыңар. Жаратуучуңар силерди роботко окшотуп жараткан эмес. Өзүн таанып-билсин деп жараткан. Кудай үйүндө Жаратуучуңар менен болгон мамилеңер өзгөчө болот, анткени ал силерди башкалардан өзгөчө кылып жараткан. Демек силердин сыйынууңар жана Кудай менен тажрыйбаларыңар бири-бириңердикинен башкача болот.

Ошондой эле ага-ини да, өз ата-энесине, бири-бириникинен башкача сый урмат көрсөтөт жана экөөнүн мүнөздөрү да ар башка болот.

«Эгебиз, сенин тигилген үйүңдө ким тура алат? Касиеттүү тоондо ким жүрө алат?»

## Дөөттүн алачык-боз үйү

Көк Теңири өзүн таштан курулган имараттарга, тажатма философияларга, катаал диндерге чектебегени мени дайыма таң калтырат. Дөөт пайгамбарыңар Кудайга арнап, Кудайдын көңүлүндөгүдөй бир алачык (боз үйгө окшогон турак жай) курган.

*«Алар Кудайдын келишим сандыгын алып келишип, аны Дөөт тургузган жыйын чатырынын ортосуна коюшту. Анан Кудайга арнап бүтүндөй өртөлүүчү курмандыктарды жана тынчтык курмандыктарын чалышты. Дөөт бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен тынчтык курмандыктарын чалгандан кийин, элге Кудайдын ысымынан бата берди.*

*Анан баардык ысрайылдыктарга, эркектерге жана аялдарга бирден нан, бир кесимден эт, мейиз кошулган бирден таттуу токоч таратты. Ысрайылдын Кудай Теңирин даңктап, ыр менен мактап, ыраазычылык билдирип туруш үчүн, Теңирдин келишим сандыгынын алдына лебилерди кызматка койду. Асапты башчы кылып койду. Арфа чертип, лира тартып туруш үчүн, экинчи катарга Захарияны, Жейелди, Шемирамотту, Жехиелди, Мататияны, Элийапты, Бенаяны,Обейт-Эдомду жана Жейелди койду. Ал эми ыйык кызмат кылуучулар Бенаяа менен Жехазиелди Кудайдын келишим сандыгынын алдына дайыма сурнай тартып туруу үчүн койду. Ошол күнү Дөөт биринчи жолу Асапка жана анын бир туугандарына Теңирди даңктап ырдап туруш үчүн, бул забурду тапшырды: «Теңирди даңктагыла анын ысымын жар салгыла, Анын иштерин бүт элдерге жарыялагыла. Ага ырдагыла, Аны даңктагыла, Анын бардык кереметтери жөнүндө айткыла. Анын ыйык ысымы менен мактангыла. Теңирди издегендердин жүрөгү кубансын. Теңирди жана Анын күчүн издегиле, Анын жүзүн тынымсыз издегиле. Ысрайыл тукуму, Анын кулдары, Жакыптын уулдары, Анын тандалгандары, силер, Ал жасаган кереметтери, Анын жышаандарын жана Анын оозунан чыккан өкүмдөрүн унутпагыла. Ал биздин Кудай-Теңирибиз, Анын өкүмдөрү бүт жер жүзүндө. Анын келишимин, Анын муундан муунга осуят кылган келишимин унутпагыла. Ал сөз – Ыбрайымга берилген осуят, Ыскакка берилген ант. Аны Жакыпка мыйзам кылып, Ысрайылга түбөлүк келишим кылып берем. Ал: «Мен сага Канаан жерин мураска берем»,-деп айткан. Ошол убакта алардын саны аз, өтө эле аз эле. Ал жерде алар келгин эл болуп жашап турушкан. Алар бир элден бир элге, бир өлкөдөн бир өлкөгө барып жер кезишкен. Бирок Ал эч кимдин аларды кордоосуна жол берген эмес, алар үчүн падышаларды ашкере кылган: «Менин майлагандарыма тийбегиле, Менин пайгамбарларыма жамандык кылбагыла». Бүт жер жүзү, Теңирге ырда, Анын куткарылуусун күн сайын жарыялагыла. Анын даңкын бутпарастарга, кереметтерин бүт жер жүзүндөгү баардык элдерге жарыя кылгыла. Анткени Теңир улуу жана мактоого татыктуу, бардык кудайлардан коркунучтуу. Анткени башка элдердин кудайлары – болбогон нерсе. Ал эми Теңир асманды жараткан. Даңк менен улуулук Анын алдында, кудурет жана кубаныч Ал турган жерде. Бүт элдер, Теңирге Өзүнө тийешелүүсүн бергиле, Теңирди даңктагыла жана урматтагыла. Теңирди даңктагыла, Анын ысымын даңазалагыла. Тартуу алып, Анын алдына баргыла, Ага Өзүнүн ыйык жайында табынгыла. Бүт жер жүзү, Анын алдында ти-*





ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №....469879.......
ОТДЕЛ ГОРОД...

*тире, анткени ал ааламды негиздеген, ал солк этпейт. Асман кубансын, жер шаттансын, элдер: «Теңир падышачылык кылып жатат!» – дешсин. Деңиз шарпылдасын, анын ичиндегилер кубансын. Талаа жана андагы бардык нерселер кубансын. Токойдогу дарактардын бардыгы Теңирдин алдында кубанышсын, анткени Теңир жерди соттогону келе жатат. Теңирди даңктагыла, анткени анын ырайымы түбөлүктүү. «Кудайыбыз, Куткаруучубуз, бизди куткар! Бизди чогулт, бизди башка элдерден куткар, биз Сенин ыйык ысымыңды даңктайлы, Сенин даңкың менен мактаналы!»- дегиле. Ысрайылдын Кудай Теңири кылымдан кылымга даңкталсын!» Ошондо бүт эл: «Оомийин! Теңирди даңктагыла!» – деди.*

*Келишим сандыгынын алдында дайыма ар күнү кызмат кылып туруш үчүн, Асапты жана анын бир туугандарын Дөөт ошол жерге калтырды».*

(1-Жылнаама китебинен)

Дөөттүн чатырында күнүгө 24 саат даңктоо, мактоо, табынуу болгон эле. Бирок кийин Дөөт Кудайга ордунан жылбай турган башка бир туруктуу үй курайын дегенде Кудай аны кагып койгон.

*«...Теңир Нафан пайгамбарга мындай деди:*

*— Бар да кулум Дөөткө айт: Мен Израилдин балдарын Мисирден алып чыккандан бери үйдө жашаган жокмун, чатыр менен алачыкта сапар тартып жүрдүм. Эми сен мага үй курмакчысыңбы? Израилдин бардык балдары менен чогуу жүргөн кезимде өз элим Израилди кайтаруу үчүн дайындаган уруулардын бирине: «Эмне үчүн мага үй курбайсыңар?» деп айттым беле?»*

(Кудай китебиндеги 2-падышачылык китебинен)

Дөөттүн тиккен үйүндө Кудай менен адамзаттын мамилеси өзгөчө болчу. Адегенде Дөөт тиккен ибадат алачык үйү Кудайдын көңүлүнө жаккандай сезилген. Бирок Дөөт көз жумгандан жүздөгөн жылдар өтүп, тиккен ибадатканасы кыйрап, талкаланганда дагы башка бир пайгамбар чыгып, анын мурдагы алачыгы тууралуу жазып кеткен. Кудайдын сөзүндө жазылган төмөнкү үзүндүгө көңүл бурсаңар:

*«Андан кийин Мен кайрылып келип, Дөөттүн кулап калган чатырын кайрадан тургузам, анын ичиндеги бузулган жерлерин калыбына келтирем, аны оңдойм. Ошондо Менин ысымым кайсы элдердин арасында жарыя кылынса, ошол элдин бардыгы Теңирди издешет, – дейт ушунун бардыгын жасап жаткан Теңир».*

(Элчилердин иштери китебинен)

Ооба, акыркы убактарда Кудай өзүнүн ким экендигин каапырларга көргөзүү үчүн өз үйүнүн долбоору катары, кыймылдагыс үйдөн көрө көчүп жүрө ала турган алачыкты артык көрө тургандай. Бирок, эмне үчүн? Силер, Кудайдын үйүнө бара жаткан ажы-зыяратчылар, муну билип ал-

саңар жакшы болот: Дөөт курган үйгө байланыштуу бир нерсе бар, ошол нерсе башка адамдарга Жараткан Эгебизди табууга жардам берет. Кудайга бул абдан маанилүү. Ошондуктан ал өз көңүлүндөгү каалоосун аткаруу үчүн силерди колдонууну чечти, бирок бир шарт менен: эгерде ага кулак салып, чыныгы толук мусулмандар катары өзүңөрдү момундукка үйрөтсөңөр.

## Чабан Пайгамбарлар

*«Боордошторум, эстесеңер, Кудай чакырып алганга чейин силер ким элеңер? Араңарда адамдык көз караш менен алганда, акылдуу же кудуреттү же кадыр-барктуу болгондор көп беле? Бирок Кудай, адамдар акылсыз дегендерди тандап алып, акылмандарды уятка калтырды, алсыз делингендерди тандап алып, беделдүүлөрдү уятка калтырды. Кудай бул дүйнөдөгүлөр барктагандарды жокко чыгаруу үчүн алар теңине албай, кордоп, түккө турбайт деп эсептегендерди тандап алды. Ошондуктан эч кимдин Кудай алдында мактангыдай жөнү жок. Ал эми бизди Кудай Машаяк Иса менен биримдикке алып келип, Ал биз үчүн Кудай акылмандыгынын башаты болуп калды. Бизди Кудай алдында актап, Анын ыйык эли кылып, күнөөдөн куткарган – Машаяк. Ошентип Ыйык Жазууда айтылгандай: «Кимде-ким мактангысы келип турса, мактансын Эгебиздин иши менен»».*

(Корунттуктарга жазылган биринчи каттан)



Боз үйдүн ээси — жайлоонун койлору үчүн кам көрүүгө өзүн арнаган жоош-момун чабан. Шаарда чабанды көбү жактырышпайт, ал тургай «акылсыз» деп эсептешет. Бул дүйнөнүн чоң саясий талаштарында ал үчүн орун жок. Бирок Кудай адамды тандаганда, жайлоого көбүрөөк көңүл бурат. Тарыхтын узун сабак барактарында Кудай өзүнүн даңкын чыгаруу үчүн кайрадан-кайра так ушул чабан кесибиндеги адамды тандаганынан жазбай келе жатат.

Ибраим да, Исхак да, Жакып да — баары чабан болушкан. Ошол сыяктуу Манас (Менаше) баш болуп, Жакыптын балдары да кой кайтарышкан. өз ата-журтуна кайтып келгенден кийинки жүздөгөн жылдардын аралыгында Манастын тукуму чатырда жашап, жайлоолорго койлорун жайып келишкен. Муса пайгамбар, анын аялы жана башка көптөгөн пайгамбарлар да ушул кесипте иштешкен. Исраилдин падышасы болгонго чейин силердин Дөөт пайгамбарыңар да чабан болгон. Бирок, падыша болуп туруп да, анын мүнөзү койдой жоош эле. Анткени ал өзүн башка адамдар сыяктуу эле адашып кете турган жөнөкөй койго окшош экенин жана ал чабанга муктаж экенин билген. Ошондуктан Кудайды «Чабаным» деп атаган.

*«Теңирим — менин Чабаным;*
Эч нерсеге болбойм зар:
Оттуу жерге жуушатып,
Жай аккан сууга апарып,
Жаныма берет күч-кубат.
Өзүнүн зоболосу үчүн

Ак жолго мени багыттайт.
Ажалдын көлөкөсүнө
Капталган сайдан өтсөм да
Жамандыктан коркпоймун,
Кудайым, сенсиң мага жар.
Таягың менен чыбыгың
Жанымды бөлөйт тынчтыкка».
(Ыйык «Забур» китебинен)

«Чабан» деп аталуу Кудайга жаккан. Ошондуктан көп учурда ал адамдарды «койлорум» деп атаган. Сиз зыяратчы катары өзүңүздү тез-тез текшерип, таза, жоош-момун экениңизди андап турушуңуз жакшы дейм. Өзүнүн бачым эле адашып кетерин жана алданып калаарын зыяратчы жакшы билиши керек. Сизди ким башкарып турат? Кудайдын Руху башкарып турабы же ач көздүк, коркунуч, кумар, бөтөн элдин философиясы менен кудайыбы? Сизди Кудай башкарып турганы абзел. Же сиз кайда барышты, Кудайдын жардамысыз эле бейишке чыгышты билесизби?

## КУДАЙ РУХУНАН ТӨРӨЛГӨНДӨР

Иса пайгамбар Рухтан төрөлгөндөр, б.а. Кудайдан төрөлгөндөр, бейишке чыгышат деп айткан.

*«Шамал каалаган жеринде сого берет, үнүн угасың, бирок кайда кеткенин билбейсиң. Ыйык Рухтан туулган адам менен да так ушул сыяктуу болот».*

(Жакандын жакшы кабары китебинен)



Кыргыз эли Кудайдын жанында, анын үйүндө жашоо үчүн жаратылган. Силер бүркүттөрдөй шаңшып учуп, Кудайдын Руху менен үндөшүп туруу үчүн жаратылгансыңар. Мына ушул себептен ийкемсиз диний мыйзамдар менен адамдардын эрежелерине кул болбоо керектигин эстерине салып туруу үчүн жана шамал мекендеген улуу тоолордо жашоо үчүн Кудай силердин ата-бабаларыңарга боз үйдү берген. Силерди Кудай бийиктикке, Кудайдын Руху менен бирге болуп, каалаган жагына соккон шамал сыяктуу эркин жашоого чакырат.

Кудайдын Руху менен бирге бийик учууну үйрөнбөсөңөр канаты кайрылып, уча албай калган бүркүткө окшошуп каласыңар. Кудайдын Рухунан төрөлбөсөңөр же анын жетегинде болбосоңор, анда башыңарды ичкиликке ийип, бул жалган дүйнөнүн ар кандай жин-шайтандарына кул болосуңар.

*«Шарап ичип мас болбогула, ...бирок дайыма Кудайдын Рухуна толуп тургула»*

(Эфестиктерге жазылган каттан)

## КУДАЙ ҮЙҮ

*«Иудей башчылары Исага:*

*— Мындай кылууга кандай акың бар, ыя? Кандай аян көрсөтүп, далилдей аласың? – дешти. Иса:*

*— Мынабу ыйык үйдү бузуп көргүлө, мен аны үч күндүн ичинде кайра тургузуп алам, – деп жооп берди.*

*Ошондо иудей башчылары:*

*— Эй, бул ыйык үй кырк алты жылдан бери салынып жатат, а сен аны үч күндө кайра тургузмакчысыңбы?*

*Иса «ыйык үй» деп өз денесин айткан болчу. Кийин, Иса кайра тирилгенде шакирттери анын ушул сөзүн эстешип, ыйык жазмаларда жазылган жана Иса ырастаган пайгамбарлык сөзгө ишенишип калышты.»*

(Инжилден).

Дагы бир ирет төмөнкү сүйлөмгө көңүл бурсаңар:

*«– Мынабу ыйык үйдү бузуп көргүлө, мен аны үч күндүн ичинде кайра тургузуп алам».*

*«Иса «ыйык үй» деп өз денесин айткан болчу.»*

Демек Иса айткандай мындан ары таштан жасалган имарат Кудайдын үйү боло албайт. Кудайдын үйүнүн акыркы түрү — бул тирүү үй. Кудайдын үйү — бул Машаяктын өзү. Машаяк Иса — бул Кудайдын адамдар менен жолуга турган жайы. Кудай менен жолуктура турган жана аны менен туугандык мамиледе болтура турган бир гана жай бар — ал жай Исанын өзү. Иса — бул Теңирдин тоолорундагы кездешүү алачыгы. Иса Машайак — бул Кудайдын тирүү үйү — түбөлүктүү боз үй жана бейиштин дарбазасы.

Муну толук түшүнүү үчүн силер Кудайдын китебин окуп чыгып, андагы ар түрдүү үйлөрдүн тарыхын изилдеп, тоодогу боз үйдүн табышмактуу сырын түшүнүшүңөр керек. Окуп жатканыңарда Кудайдын жашырын сырларынын асыл кенчтерин түшүндүрүп беришин өтүнүп, Кудайдын рухуна кайрылгыла. Ошондо анын Руху силерди башкарат, а силер болсо ага ишенишиңер керек. Куранда дагы бул ыйык рух Иса Машаяк менен байланышаарын баяндаган.

*«Албетте биз Мусага китеп бердик. Андан кийин да пайгамбарларды жибердик. Иса бини Мариямга далилдерди жана аны ыйык Рух менен кубаттандардык. Ар качан бир пайгамбар силерге жакпай турган нерсе менен келсе, бирин жалганчы деп бирин өлтүрө бересиңерби?»* (Куран 2:87)

## МАНАС

«Манас» деген ысымдын мааниси эмне экендиги тууралуу Бишкекте көптөгөн талкуулоолор болуп өтсө да, кыргыз илимпоздорунун айрымдары гана дүйнө жүзүндөгү эң белгилүү жана көп окулуп жаткан китепке буга жооп издеп кайрылышты. Библиядагы биринчи китеп бизге Жакып менен Жусуптун таржымалын баяндайт.



Жусуптун бир туугандары ага ич күйдүлүк кылышкан. Күндөрдүн биринде алар аны өлтүрүүнү чечишти. Бирок алар аны өлтүрүп тынуунун ордуна кулдукка

сатып, көп сандагы акча алууну туура табышкандыктары тарыхта айтылат. Жусуп Мисирде кайгылуу көп жылдарды башынан өткөрсө да, Кудай ар дайым аны колдонгондуктан, акыры Жусуп Мисирдин башкаруучусу жана соттоочусу болуп калган. Андан жогорку бийлик бир гана фараондо болчу. Жусуп Мисирдеги диний кызматчынын кызына үйлөнүп, тун уулунун ысмын Менаше (Манасе) деп атады. Анткени Кудай Жусуптун бардык кайгы-муңун унутуусун каалаган.

*«Кудай менин баардык азабымды, атамдын үйүн унуттурду» – деп, Жусуп тун уулунун атын Менаше койду.* (Башталыш 41:51)

Жылдар зымырап өтүп, Жусуптун уулу өсүп-чоңоюп баратты. Күндөрдүн биринде Жусуптун бир туугандары эгин сатып алуу далалатында Мисирге келүүгө мажбур болушту. Жогорку бийликтеги Жусуп ага-инилерин тааныса да, өзүнүн ким экендигин аларга дароо билдирген жок. Ал аларды бир канча айлар, а балким, жада калса жылдар бою текшерип, кандайча соттоорун ойлонуп, сынап жатты. Жусуп өзүнүн баласы Менашени карап туруп, анын кайсы күнү төрөлгөнүн эстегенин элестетем. Жусуп өткөндөгү кайгыларынан арылып, кубанычка толуп турган. Кудай анын ага-туугандарынын кыянаттыгын жакшылыкка буруп, жүрөгүндөгү бардык жаракатты айыктырды. Эми минтип, анын агалары кайтып келип, Жусуп болсо алардын соттоочусу болуп калды. Эгер Жусуп кааласа, аларды өлтүрмөк эле. Кааласа аларды кулчулукка сатып же зынданга салмак, же болбосо ал аларды айкөл «Манас» кылмак, башкача айтканда кечирмек.



Бул ангеменин акыры сизге белгилүү эмести: Жусуп айкөлдүк менен ага-туугандарын кечирип, аларга Мисирдеги мыкты жайыттарды тартуулаган.

Менаше эр жетилип, Жакып тукумундагы чоң уруулардын биринин атасы болуп калган. Бир нече муун өткөн соң, Менашенин тукумдары Кудайдан алыстап, Кудай жөнүндөгү бөтөн эл, бөтөн жердин шарияттарын кабыл тутушту. Аларды кайра туура жолго салуу үчүн, Кудай пайгамбарларды жиберген. Бирок алар моюн сунганда, Кудай Менаше тукумун тукум-курут кылып, аман калган бирин-серин адамдарын туткун катары түндүк тоолорго сүрүп салган. Менаше тукуму тарыхтан такыр жоголуп, изи табылбай калган. Ушул күнгө чейин алардын кайда экенин эч ким билбейт. Бирок азыркы заманга чейин Манастын мүнөзүн, башкача айтканда, белгисин сактап жүргөн бир эл бар. Алар таң каларлык кечиримге жөндөмдүү калк. Азыркы күндө да алар бир кездерде орустардан көргөн кордуктарын «унутушуп», башкы аянтынан Лениндин эстелигин талкалабастан көлөкө кылып сакташууда.

Ооба, чынында эле кыргыздардай кечиримдүү калк жок. Менимче, Манас күчү кечиримдүүлүк күчү бул жер бетиндеги күчтөр менен бийликтердин эң бакубаты болсо керек.

Ошентип, тарыхтагы Менаше тукумунун изи үзүлдү. Манассе тукуму Кудайдын батасынан

айрылышты. Адамзат кечиримдүүлүк күчүн жоготту. Дин дагы Кудайдын Чатырын жоготту. Бирок Менашенин тукуму кайда экендиги Жаратканга маалым. Өзүнүн бийлиги менен жарык нурун боз үй түндүгү аркылуу төгүү үчүн Кудай аларды байыркы кылымдардан өзүнө чакырып келет. Кудай Таала Манастын тукумдарын кечирди. Алардын Кудай сүйүүсүн кабыл алуусун жана Анын кечиримин элдерге сүйүнчүлөп жарыялоосун каалайт.

## Жакыптын уулу Манастын Ордосу

«Көбүнчө эркектерге коюлган кыргыз аттары үндүү тамгалар менен аяктабайт, ошондуктан «Менаше» деген еврей аты кыргызчага Манас же Манаш деп которулат» (Кыргыз тили боюнча адистин сөзүнөн. Бишкек).

Мен уккан улуу көркөм чыгармалардын бири — силердин чакан элиңердин тарыхынын Жакып уулу Манас тууралуу оозеки эпосто сакталып калышы. Бул эпос жалгыз адамдын, Манас атанын өмүр баянын сүрөттөө менен бирге, миңдеген баатырлардын кандуу кагылыштарын айтып, кыргыз тарыхынын жүздөгөн, а балким, миңдеген жылдарын ичине камтый турганын укканмын.

Силер *«Дөөт пайгамбарыбыз»* деген киши Кудайдын Сөзүн: *«Менин басар жолумду жарык кылган чырак»*, — деп атаган экен. Түбөлүктүү Китеп болбосо улуу баатыр падыша болгон силердин Дөөт пайгамбарыңар өзүнүн кайдан келгенин, кайда баратканын билмек беле.



өзүңөр айткандай: *«тегин билбеген уул – кул, элин билбеген кыз — пул»*.

Эпосуңардагы Жакыптын уулу Манас ким болду экен? Кудай Сөзүндөгү Жакыптын уулу Манасчы? Дөөттүн басар жолун жарык кылган Кудай Сөзүндө силерди башка элге кул болуп калуудан сактай турган бир нерсе барбы?

Жакыптын уулу Манас тууралуу Кудай сөзү эмне дегенин карасаңар: Сүйүктүү аялы бала төрөбөй Жакып Кудайга зарлайт. Акыры Кудай ага Жусуп аттуу бала берет. Жусуп пайгамбарга бир туугандары чыккынчылык кылып, Мисирге сатып жиберишет. Мисирде жүрүп, ал эки балалуу болот. Биринин аты Манас (еврейче Менаше) экинчисиники Ефраим. Кийин Жакып өзүнүн уулу Жусуп менен жолугушканда өзгөчө бир иш кылган. Мен мындайды Кыргызстандан башка жактан эч качан көргөн эмесмин:

Жакып өзүнүн неберелерин, Манас менен Ефраимди, өзүнө алат да, алар «Жусуптун балдары» деп эмес, «Жакыптын балдары» деп аталып калышат.

Максат өзүнүн чоң атасын «ата» деп, анын үйүндө жашап жаткан сыяктуу Манас да өзүнүн чоң атасынын уулу болуп калат (Башталыш 48:5). Максат өзүнүн атасын «байке» деп атайт. Силер, кыргыздар, бул салтты кайдан алгансыңар? Бул суроо мен үчүн абдан кызык.

Кудай Сөзүндө дагы бир кызыктуу нерсе бар: Жакыптан тарагандардын баары, ошонун катарында Манастын урпактары да, көчүп-конуп жашаган чабандар болушкан. Алар жыгачтан жана малдын жүнүнөн жасалган чатырдын бир

түрүндө жашашкан. Кудай Сөзү айткандай алар чатыр тигишип, кыргыздар сыяктуу уруу-уруу болуп конуп, ар бир уруу өздөрүнүн уруу белгисинин алдында жашашкан. Кудай эли эсептелген алардын көптөгөн дагы башка салттары, адаттары силердикине абдан окшош. Кызыксаңар, Кудайдын Китебин өзүңөр окуп чыккыла. Үрп-адаттарыңардын Кудай Сөзүнөн канчалык көп орун алганын көрүп, оозуңар ачылат.

Албетте, Шайтан да тим жатпайт. Ал «кой терисин жамынган карышкырларды» жиберет. Алар: «Кудайдын китебин өзгөртүп коюшкан» дешет, ал тургай «капырлардын китеби» дегенге чейин барышат. Силерди караңгыда кармап, толук рухуңарды басынтып, өздөрүнүн идеяларынын кулуна айлантуу үчүн алар ар түрдүү калптарды ойлоп табып, ар кандай каргыштар менен коркутушат. Бирок ал тургай Мухамед менен Куран да Кудайдын сөзүндөгү мусулмандардын үч байыркы китебин окугула дейт:

*«Эй момундар, Аллага, Анын пайгамбарына жана ошол пайгамбарына түшүргөн китебине, ошондой эле мурун түшүргөн китептерине, ыйман ишенимиңер толо болсун. Кимде-ким Аллага, анын периштелерине, китептерине, пайгамбарларына жана акырет күнүнө ишенбесе, демек ал абдан катуу адашат.»* (Коран 4:136)

Теңир Тоого зыяратка чыккан силердин көбүңөр мен өзүмө берген суроону өздөрүңө беришерин билем: «4000 жылдай мурда Манастын уруусу жашаган алачыктар азыркы боз үйлөргө



окшош болушу мүмкүнбү? Алачыктарын тургузганда Манастын уруусу көтөргөн эмблема түндүк болушу ыктымалбы? А балким алардын белгиси азыркы кыргыз желеги сыяктуу болгондур?» «Кудай сөзү кыргыздын ата-бабаларынын байыркы китеби болушу ыктымалбы?»

Четтен келип, өзүлөрүн «кожоюндай» алып жүргөн диний мугалимдерибиздин оозун карап, айтканын кылып отурбастан ата-бабаларыбыздан мурас калган байыркы осуят китебине баш ийсек гана.

*«Тоорот түшүрүлүшүнөн мурун Исрайил (Жакыб) өзүнө арам кылган нерсе, башка баардык даам-тамактар Бани Исрайил коомуна адал эле. (Эй Мухаммад). «Эгер чынчыл болсоңор, Тооротту алып келип окуп көргүлө» – деп айткын!* (Куран 3:93)

## ЭПОС ҮЙҮ

Манастын урпактары кыскача гана Манас же Манастын уруусу делинип, атасынын урматына анын ысмы менен аталып жүрүшкөн. Манас жана Жакыптан тараган башка уруулар да Кудайдын жолдорун таанып-билүүгө муктаж болушкан, ошондуктан Жакыптын урпактары үчүн кылган өзүнүн улуу иштерин анын балдарына, неберелерине айтып берүүнү Кудай Муса пайгамбарга осуяттаган.



(Мисирден чыгуу 10:1-2, Мыйзамды кайталоо 11:16-23). Муса Кудайга тил алып, анын айткандарын оозеки түрдө башкаларга өткөрүп берүү салтын киргизген. Бул салт миңдеген жылдар бою Манастын уруусуна жана азыр дайынсыз жоголуп кеткен Жакыптын башка урууларына өткөрүлүп турган. (Эпосуңардагы, майрамдарыңардагы, боз үйдүн өзүндөгү сакталып калган көптөгөн үрп-адаттардын башталыш булагы Кудай Сөзүнүн Муса тарабынан жазылган бир китебинде.)

Жакыптын көптөгөн уруулары Кудайдын тирүү Сөзүн узак убак бою четке кагып келишип, көптөгөн оор күнөөлөргө малынышты. Күнөөлөрүнүн оордугу алар ойлогондон алда канча чоң эле. Бирок Кудуреттүү, Боорукер Кудай күнөөлөрүңөрдөн баш тартып, өзүңөрдүн санжыра-тарыхыңарды изилдеп окуп, ата-бабаларыңарды азаттыкка чыгарган Кудайдын жолдорун таанып-билүүңөргө мүмкүнчүлүк берүүдө. Мен Кудайдын ошол Сөзүн окугула деп кеңеш бермекчимин. Ал — Кудайдын эпосу. Анда силер үчүн да роль бар.

Эгерде адам баласы Манас эпосундагы осуяттардан сыртта жашаганы үчүн каргышка калса, анда Кудай эпосундагы өз ролунан четте жашаганга не болот?



## БУЛУТ ТҮРМӨК

### «Кудайдын батасы түндүгүнөн түтүнү түз булагандарда»

*(Көлдук карыя эненин сөзүнөн)*

«Кудайдын батасы түндүгүнөн түтүнү түз булагандарда» дегениңерди угуп калдым. Көп жылдар бою бул лакаптан бир жөндүү тыянак чыгара албай келдим. Анын рухий маанисин да таба албадым. Бирок, кантсе да зыяратчылыгымдагы бул сырды ачуу абдан маанилүү кадам экенин түшүнчүмүн. Күндөрдүн биринде Кудайдын Тирүү Сөзүндөгү бир түшүнүктүн үстүнөн терең ой жүгүртүп олтурганымда силердин ата-бабаларыңардан калган бул сөздүн мааниси мага ачылды.

«Түндүктөн түз булаган түтүн түрмөк» илгери Кудайдын алачыгынан көтөрүлүп турган булут түрмөктү эске салат. Ал булут түрмөк Кудай менен анын тандаган элинин ортосундагы мамилени билдирип турган. Эми, байыркы китепте эмне делгенин карасаңар:

*«Муса алачыкка киргенде булут түрмөк түшүп келип, босогодо туруп калчу. Ошондо Жараткан Эгебиз Муса менен сүйлөшчү.*

(Тооратгагы Мисирден чыгуу китебинен)

*«Айрым пайгамбарлар жөнүндө сага мурун баян кылдык, айрым пайгамбарларды болсо сага мурун баян кылганыбыз жок, Муса менен Аллаңын өзү(түздөн-түз) сүйлөштү».* (Куран 4:164)


Ошентип, Кудайдын Сөзүн окуп жатып, боз үйдүн түндүгүнөн түз булаган түтүн тууралуу макал аркылуу бизге кыргыз аталарынын эмнени айткысы келгенин түшүнө алабыз.

Кыргыз аталары кездешүү Алачыгы деп аталган үйдө Кудайдын адам менен бирге жашарын Ала-Тоонун зыяратчылары эстеринде сактап жүрүшүн каалашкан. Алар ыйык Кудайдын жоош-момун экенин жана адамдар менен жолугуу үчүн аларга абдан жакын экенин эстеп жүрүшүңөрдү эңсешкен.

Силердин Кудай үйүндө болууңар керек экендигин ата-бабаларыңар жакшы түшүнүп, алар Кудай үйүндө Ак Рух менен жолугуп турган адам бактылуу экенин билишиңерди жана ошондой эле алар Кудай үйүнөн четте жүргөн адам Кудайдын батасынан четте жүрөрүн эсиңерде сактап жашашыңарды каалашкан.

Кудай ушунчалык жакшы. Ал чексиз ыйык. Ал ырайымдуу жана момун болгондуктан бизге келип, арабызда жашоого даяр. Мага жана сага окшогон ажы Ала-Тоосуна умтулган мусулмандарга, Кудайдын ким экенин таанып-билүүгө милдеттүү экенибизди, касиеттүү боз үй улам-улам эске салып турат.

## ТҮНДҮК ТУУРАЛУУ



Боз үйдүн керегелери кыз-келиндерди, ал эми ууктары жигиттерди билдирет деген сөздү көп уктум. Бирок түндүк



кимди туюндураарын көп адамдар түшүндүрө алышпады. Кээ бирөөлөр «Кудайды» дешсе, кээ бирөөлөр «үй бүлөдөгү карыяны» дешет. Бирок эч кимиси айткандарын жөндүү далилдей алышпады.

Чындап эле, боз үйдүн эң чокусу, баарын бириктирип, чогуу кармап турган жери кимди билдирет болду экен? Адамзатка төгүлгөн нурдубу, же түбөлүк өмүргө ачылган терезениби же бейиштин дарбазасынбы? Араңарда аксакалга, ошону менен бирге эле жандүйнөңөргө нурун чачып, кубат берген кудуреттүү Кудайга да окшогон Бирөө барбы? Түндүк бизге кимди туюнтуп турат? Кыргызстан ошол түндүк туюнткан инсанга азыр абдан зар.

Биз, ажы-зыяратчылар (тоодогу умтулган ажылар), ошол баарынан улуу инсанды таап, түндүкө кошулган уук сымал, ага кошулууну максатыбыз деп билебиз.

## МАШАЯК ТУУРАЛУУ

Силерди тыңшап олтуруп, «*машаяк*» деген сөздү колдонгонуңарды байкадым. Бул сөздү силер: «*Сен эмне, Кудайсыңбы? Сен эмне, Машаяксыңбы?*» деген мааниде (контекстте) айтат экенсиңер. Бишкектеги тилчилерден сурасам, машаяк эң кыйын инсан дейт. Нарындагы имам дагы ошентип айтат: Машаяк жогорулардын жогоркусу, кыйындардын кыйыны.

Менимче силердин маданиятыңардагы ушул сырдуу сөздүн маанисин карап өтпөсөк, анда боз

үй же Кудай үйү аркылуу Кудайдын бизге эмнени айткысы келгенин түшүнө албайбыз. Деги бул сөз кайдан келди болду экен? Тилиңерге кантип кирди экен?

*«Машаяк»* деген сөздүн кыргыз тилинде ислам доорунан мурда эле бар болгонун билебиз. Себеби *«машаяк»* деген сөздүн арабча которулушу *«масих»*. Орусча *«мессия»* болуп айтылып жүрөт. Бирок башка араб эмес мусулман өлкөлөрүнөн айырмаланып, силер бул чет элдик сөздөрдү колдонбойт экенсиңер. Тескерисинче 3000 жыл мурдагы Кудайдын касиеттүү адамдары колдонгон сөздүн дал эле өзүн колдонот экенсиңер.

Археологиялык казуулардан табылган Кудай Сөзүнүн түп нускаларында Жакыптын уулу Менаше жана башка уруулары *«Машаях»* деген сөздү колдонушканы белгилүү болду. Алар бул сөз менен эң улуу, эң кыйын адамды, б.а. Кудай тандаган адамды аташкан экен.

## КЫДЫР ТУУРАЛУУ

Балким боз үйдүн түндүгү Машаяк эмес Кыдырды билдирет. Кыдыр жетинин бири болуп, Манасты колдоп, жолдошубуз болуп, өлбөй, ар бирибиз менен жолугат. Эгерде биз аны жакшы кабыл алсак бактылуу болобуз. Кыдырды тансак бакытыбыз жоголот дегенин улам-улам укканмын. Керегелери кыз-келиндери, ал эми ууктары жигиттерин билдирет. Ал эми түндүк кимди билдирет?



## Машаякты Куран ачат



*«Ошол кезде периштелер айтышты: «Эй Мариям, албетте Алла сага өзү тарабынан бир Сөз куш кабар кылып берет – Анын аты – Масих Иса бинни Мариям болуп, ал бул дүйнөдө жана Акыретте абройлуу жана жакындарынан. Ал адамдарга бешикте чагында кудум чоң адамдай сүйлөйт. Ары салих-жакшы пенделерден болот».*

(Куран 3:45-46)

Мухаммед Исанын Машаяк экенин билгенде аны *«Иса Масих»* деп атаган. Бул сөз кыргызча Иса Машаяк болот. Исанын элдикиндей атасы болбогонун, Кудайдын деминен пайда болгонун Мухаммед да айтып өткөн. Куран да Исанын бул дүйнөдө да, кийинки дүйнөдө да Кудайга жакын экенин баса белгилеп өтөт. Демек, Мухаммед үчүн да, Куран үчүн да Иса—эң улуу адам жана ал Кудайга эң жакын. Башкача айтканда Иса— Машаяктын дал өзү, башка пайгамбарлардын кылбаганын кылды. Исанын курандагы сөзүн карагыла:

*« Мен силерге Раббиңерден аят-далил келтирдим: Мен силерге ылайдан куштун келбетин жасап ага үйлөсөм, Ал Алланын ызны-амири менен жандуу куш болот. Дагы мен Алланын ызны-амири менен мен сокур, пес ала оору-*

*ларын сакайтамын, өлүктөрдү тирилтемин, ошондой эле силер өзүңөр жей турган жана үйлөрүңөрдө сакталып турган нерселериңерди айтып бере аламын. Эгер момун болсоңор, албетте бул иштерде силер үчүн анык аят-далилдер бар».*

(Коран 3:49)

*«Машаях»* деген сөз тууралуу Кудай Сөзү эмне дейт болду экен, ошону карап көрөлүчү. Анткени бул сөздүн алгачкы айтылыш (формасы) силердин *«машаяк»* деген сөзүңөргө абдан жакын. Мен бул сөз тууралуу көп адамдардан сурадым. Силердин аксакалдарыңар, молдолоруңар, тилчилериңер, таксисттериңер, дыйкандарыңар, профессорлоруңар, жазуучуларыңар, карыяларыңар жана студенттериңер берген аныктамалар да төмөндө келтирилүүчү изилдөөлөр үчүн Теңир-Тоодогу ажылыкка керектүү.

Ыйык китептер менен комментарийлер Машаяхты: Баш диний кызматкер, Түбөлүктүү Ата, падышалардын Падышасы, адамдардын күнөөлөрү үчүн өзүн курмандыкка чалган Инсан, Шайтанды, жамандыкты, жамандык кылгандарды жеңүүчү деп аташат. Машаяхты адамдар каргап, шылдыңдашып, кемсинтишкен. Ал — адамзаттын Куткаруучусу, Кудай шайлаган Падыша, ооруларды айыктырууга, күнөөлөрдү кечирүүгө, өлүктөрдү тирилтүүгө, макулуктарга жан берүүгө бийлиги бар Кудайдын кудуретине ээ адам. Ал— Теңир Уулу, Адам Уулу, баарынын Ээси, адамзаттын боштондукка Чыгаруучусу жана тынчтыктын төрөсү....



Кыргыздар Машаякты баарынан ыйык, эң кыйын, Кудайдын баласы, эң улуу киши, баарын билген олуя, көзү ачык. Бизге адамдын кейпин кийип келген Кудай деп аташат.

Жогорудагы тизмени окуганда мен абдан таң калдым: силердин ата-бабаларыңар *«машаяк»* деген сөздү кайдан алды болду экен да анын аныктамасын кайдан билип алышты экен? Алар бир кезде Кудай сөзүнүн ээлери болду бекен? А балким силер, кыргыздар, жарымы жоголгон Манасе уруусунан болуп жүрбөгүлө?

«Иса» деген кинону көрдүңөр беле? Ошол кинодо дин кызматкерлери Исаны өзүн кыйын деп ойлогон келесоо дешпеди беле. Башкалар Исаны Теңир Уулу, Баарынан ыйык, колунан баары келген инсан, куткаруучу, Кудай тандаган адам деп, ага табынышкан. Ал эми Кудайдын сөзү болсо акыр заманда Иса Машаяк кайра келип, Шайтанды жана Кудайды жек көргөндөрдү биротоло жеңет деп пайгамбарчылык кылат. Мусулмандардын баары ошентип ишенишет.

## АЙЛАНУУ

Жайлоодо балдар ойноп жүрүп улуулардан төмөндөгүдөй далай тил угушат: *«Ай, муну айланбагын!»* же *«Ай, боз үйдү айланбай, ары жакка барып ойно»*. Бир нерсени айланып тегеренүү менен аны талкалап салууга болорун бизге кыргыз карыялары түшүндүрдү. Мындай ишенимдин теги тээ оболку Жакыптын уулу Манас жана андан башка уруулары бекем чеп менен корголгон Иерихон шаарын алганына кетет. Айтылган

шаарды жетинчи күнү жети жолу айланган соң бардык калайык калк катуу добуш салышып, диний кызматчылар сурнай тартышты. Дал ошондо шаардын таш дубалдары кыйрап, Кудайсыз каапырлар талкаланды.

## ҮЧ КҮНГӨ ӨЛГӨН КИШИ

Кудайдын китебинде Машаяк өзүнүн өлүмүн алдын ала айткандыгы жазылган:

*«Ошол мезгилден баштап Иса өзүнүн Иерусалимге барарын, андан эл башчылары, дин башчылары жана дин мударистери тарабынан көп азаптарга салынары жана өлтүрүлөрү, анан үчүнчү күн дегенде кайра тирилүүгө тийиш экендиги тууралуу айта баштады».* (Инжил)

Мени бир нерсе таң калтырат: эмне үчүн силер, кыргыздар, өлгөн адамдын сөөгүн үч күнгө боз үйгө калтырып коесуңар? Балким бул салт түбөлүк жашоо үчүн тирилишинин алдында үч күнгө өлгөн Машаяк Иса менен байланыштуу болуп жүрбөсүн? Бирок мен Машаяктын өлүмү менен байыркы кыргыздардын өлүмүнүн ортосундагы ушул үч күндөн башка окшоштукту таба албадым. Кийин 1998 – жылдын акыркы күндөрүндө көптөн бери көрсөм деп дегдеп келген нерсени көрүүгө Кудай мага шарт түздү. Өз оюм менен бөлүшөрдүн алдында силерге бир суроо менен кайрылгым келет: эмне үчүн силер өлгөн адамдын сөөгүн көмөөрдүн алдында үч күнгө боз үйгө калтырып коюу керек деп эсеп-



тейсиңер? Бул салтыңардын асман-жердин Теңири менен рухий жактан байланышы жокпу?

Кантсе да Кудай биз ойлогондон алда канча акылман.

## ТЕҢИР ТОО

*Улуу тоого чыккан барбы,*
*улар үнүн уккан барбы.*

Алыстан келген ажылар Теңир Тоого улам өйдөлөгөн сайын Кудай Сөзүндөгү байыркы аяттардын иш жүзүндө аткарылып жатканына күбө болосуңар. Улуу тоонун жайлоолорунда көптөгөн кудуреттүү, рухий жашырын сырлардын символу болгон жөнөкөй гана боз үйдө жашаган бул дүйнөдөгү эң меймандос адамдарга жолугасыңар. Кудайдын тирүү сөзүндөгү кээ бир сүйлөмдөр кыргыздардын калмак, кытай, өзбек жана орус элдери менен болгон согушуна абдан окшош башка бир согуштун аякташы тууралуу баяндайт. *«Баскынчылардын жаагын жап кылган»* соң Кудай бардык элдерге той берет. Ошол тойдун кай жерде даярдалганын, анда эмне тамак берилерин, ал той ким үчүн берилерин карасаңар:

*«Жараткан Эге ушул тоолордо бордолгон малын союп, эң мыкты шарабын жайнатып, бардык элдерге чоң той берет». «Суусуз жердеги аптаптай, Сен душмандардын жаңжалын токтоттуң. Аптапты булуттун көлөкөсү баскандай, эзүүчүлөрдүн кубанычы басылат. Ошондо*

*Кудуретүү Теңир бардык элге ушул тоонун үстүнө дасторконун жайып, тамактын майлуусун, шараптын тазасын, жиликтин чучугун, шараптын эң тазасын коет. Бардык элдерди жаап турган жабууну, бардык уруулардын үстүндөгү жабууну ушул тоонун үстүнө жок кылат.»*

(Исайя пайгамбардын китебинде 2700 жыл мурда жазылган)

Кудай силерди курчаган баскынчылардын жаагын жап кылып, «таш үйлөрдөн» жана кызыл аянттан бошотту. Ал азыр эмне кылып жатат? Ал азыр расисттерди эмес, конокторуна колунда барын төгүп, акыркы жана бордолгон коюн сойгон адамдарды издеп жүрөт. Тоюна келип, кымыз ичип, эт жеп, жыргап-куунай турган, диндерге, философияларга кишенделбеген адамдар менен жайларды тапкысы келет. Ушундай той өткөрө турган жайды ал тапты бекен? Чакырган конокторуна кызмат кылууга макул болгон адамдарды жолуктурду бекен?

Ушунун үстүнөн ой жүгүрткүлө. Жараткан Кудай бардык элдер үчүн Ала Тоодо бир нерсе кылууга даярданып жатса, анда силер да даяр болушуңар керек.

Эсиңерде болсун, биздин тууганчыл Кудайыбыз абдан шайыр Кудай. Кубанычы койнуна батпай, ашып ташып турат. Кубанычын эч бир нерсе менен чектөөгө болбойт. Ал той берүүгө камынып жатат. Ошол тойго силер да чакырылгансыңар. Чакырылып эле тим болбостон, бүткүл адамзатка чакыруу кабарын тарата турган кабарчы болууга дайындалгансыңар. Ааламдын улуу тоюн тейлеген Кудайдын жоош-момун кызматчылары — чыныгы мусулмандар болгуңар келеби?



## БАРЫНАН – НАН УЛУК

*«Бабалар көзү – жаштардын көзү»* деп бекеринен айткан эмес экен силерде. Силердин Ата – бабаларыңар илгертен Көктөгү Теңирге сыйынып, тамак-аштын алдында бата тилеп, берген ырыскысына ыраазычылык менен нанды сындырып жешкен. Ушул убакка чейин кыргыздардын сактап келгенин көрөм. Ооба адам баласына бул жер үстүндө нансыз жашоого чын эле кыйын.

Амантур Акматалиевдин *«Баба-салты, Энеадеби»*, китебинде Куранды «ыйык» – деп, даaратсыз кармоого ылаажы болбогон сымал, нан андан ыйык экендиги шарыятта айтыла тургандыгы анык. *«Жетпей турсаң, куранды бутуңа коюп, нанды ал»* – дейт. Демек нандын баа жеткис, баа менен өлчөөгө мүмкүн эмес улуктугун билдирет экен. Ыйык жазууда:

*«Адам бир гана нан менен эмес, Кудайдын ар бир сөзү менен жашайт – деп жазылып турат».* (Иса Луканын китебинен)

Теңирибиз Иса машаяк адамдын Кудайдын сөзү менен жашаары жөнүндө айткан. Ал эми Матай китебинен Иса өзү «НАН» экени тууралуу айтып кеткен.

*«Шакирттери менен тамак ичип отуруш-*

*канда, Иса нан алып, Кудайга ыраазычылык келтирди. Андан кийин нанды сындырып, шакирттерине берип жатып: Алгыла, жегиле. Бул менин денем» – деди.*

(Матай китебинен 26-болум)

Адам Ата күнөө кетиргенде ал аркылуу анын тукуму да, жер үстүндөгү бүткүл адамзат күнөөгө баткан жана түбөлүк өмүрдөн ажырашкан. Бирок Ак Рухтан бүткөн Иса – бизге түбөлүк өмүр берүүчү нан. Ал аркылуу Ага ишенген ар ким түбөлүк өмүргө ток болот.

## КУДАЙДЫН ДАЧАСЫ

*Мага дагы Кудай даагы бир өзгөчө маанилүү сабакты досум аркылуу көрсөттү.*

*Мен биринчи Кыргызстанда жашап баштаганда жаңы кыргыз тааныш досум биздин үйгө келип аялым көп Америкалык тамак жасап чоогу жеп олтурдук.*

*Досум көп жегенден кийин мага тике карап наның барбы деп сурады. Мен жок деп уялып кеттим да, көчөгө чуркап барып нан сатып келдим. Андан соң досум мага кыргыздар нан жебесе тойушпайт деп ачык түшүндүрдү. Кыргыз досум көп күрүч жана эт менен жашылчаларды жесе да тойгон жок. Мен таң калып ошол тирүү сабакты жүрөгүмдүн түпкүрүнө алдым.*

*Силер да турмуштун дасторконундагы нандан көп жеп а бирок Кудайдын руханий дасторконундагы өмүр нанынан жебесеңер жаныңар*



*тойбойт жана бул дүйнөдөн руханий жаныңардан ачка жана кедей кетесиңер.*

*Ошол үчүн Ыйса Машаяк бул тууралуу мындай айткан: «Өтүп кете турган тамак үчүн аракет кылбагыла бирок түбөлүк өмүр бере турган тамакка умтулгула анткени Кудай ата өз мөөрүн баскан... Анткени ким Асмандан түшүп келип өмүр берсе ошол Кудайдын наны экен... Мен өмүрдүн наны экенмин Мага ким келсе ачка болбойт жана Мага ким ишенсе эч качан суусабайт».*

Кыргызстанда кайсы үйгө барбасаңар да, «куттуу үйдөн куру чыкпайт» – деп, меймандос үй ээси сизге нан ооз тийгизет. Ал эми сунган нанынан ооз тийбей кетсеңиз, үй ээсин катуу таарынтып алышыңыз мүмкүн. Бирок канткен менен жакшы конок үйүнө көңүлү ток кетет.

Төмөнкү аңгемени мага Кыргызстанга жаңы келгенимде эле айтып беришкен. Мунун өзү мен үчүн Кыргыз элин да, анын ички, катылган жан дүйнөсүн да дароо туюнткан чоң ачылыш болду.

Менин котормочум кеп козгоп, Кудай бир күнү бардык жерди бөлүп, ар бир элге өз энчисин бергени жөнүндө сөз баштап калды. Ал эми Кудай элдерге жер бөлүштүрүп жатканда Кыргыздар бейкапар уктап жатышкан болот. Ойгонору менен, жерден куру калышканына көзү жеткен алар Кудайга барышып, аларга да жер энчилеп берүүсүн суранышкан экен.

– Ошондо Кудайдын эмне кылганын билесизби?-деп сурады котормочум.

– Жок,– дедим бир аз ойлоно түшүп.

А жанымда отурган бир чети момун, бир чети

сыймыктуу жаш кыргыз котормочу жигит баянын мындай деп улантты. «Кудай өзүнө, жаратkандарына ыракаттанып, эс алгыдай эң бир сонун жерди сактап койгон экен. Бирок жери жок калган Кыргыздардын арыз-муңун укканда, ичи элжиреген Кудай айкөлдүгүн көрсөтүп, жанагы Өзүнүн жашыруун эс алуучу жайы-дачасын Кыргыздарга берүүнү чечиптир. Биз бүгүн жашап жүргөн жерибиз дал ошол Кудайдын таберик белеги».

Менин жүрөгүм дүкүлдөй баштады. Котормочу оюмду Кыргызстандын кооздугуна бурайын десе керек. Бирок ал аңгемени укканымда, жан дүйнөмдө дагы бир нерсе болуп өткөнсүдү. Өз ичимден мен бул аңгеменин маңызына катылып турган бир чындык бар экенин сездим. Мен ишенем, ошол учурда Кудайдын руху мага эч качан унутпа деп жатты.

Ошондон тартып мен ушул жердин да, ушул элдин да Кудай үчүн кандайдыр бир өзгөчөлөрү бар экенин байкай баштадым. Кудайдын рухун сезе билген ар адам муну Кыргызстандын баардык жеринен көрө да, сезе да алат. Мен да Кудайдын кандай экенин, Ал өз сүйгөндөрүнө өзгөчө, атайын бир белек тартуулай тургандыгын жакшы билем. Ошондуктан Кыргыздар чындыгында эле Кудайдын коногу болуп, анын жашыруун эс алар жерин мекендегенин ырастай алам.

Эми болсо силер өзүңөрдөн кандай конок болгонуңарды сурашыңар керек го дейм.

Ал эми суроонорго жооп берерде, өзүңөрдүн Кудай рухунан үйрөнгөн каада-салттарыңарды:



бата тилеп, нан сындырганыңарды, конокко нан ооз тийгизгениңерди, нанды урматтап, ыйык туканыңарды, нан тууралуу айтылган макал-лакаптарыңарды жана, ар бир даам татканыңарда, нандын ортого коюлгандыгын, эстеп көргүлө. Нандын ар Кыргыздын дасорконунда биринчи орунду ээлегени, Кыргыздын жашоо-турмушунда ага кастарлоо менен мамиле кылынганы бекер жерден чыккан эмес. Бул салтты силерге Кудайга өзү калтырып, Ал өз нанын алдыңарга койгондо, силер да ага кантип ыраазычылык келтирүүнү билсин деген. Эми бул мезгил келип калды: Азыр Кудай силерге ошол өмүр берүүчү Нанын сунуп турат. А силерчи? Үйүңөрдүн ээсин, Анын силерге сунуп жаткан Нанын кантип кабыл аласыңар?

Боордошторум, ушул суроого жооп бергениңерде, Кудай сөзүн эсиңерге алгыла. Кудайыбыздын ыйык сөзүнө Иса Машаяктын: «Мен асмандан келген өмүр Нанмын... Бул Нандан жеген ар ким түбөлүк өмүр сүрөт...»– дегенин эстегиле».

(Жакандын жакшы кабарынан)

Тургун Кыргызстан! Иса Машаяк азыр араңарда жүрөт. Анын айткандарына ынангыла. Машаяк-өмүр наны, Андан ооз тийгиле. Шайтан бул «Нандан жебегиле» деп алдап кетишине жол бербегиле. Асман ээси силерди өзүнүн ыйык жерине чакырып жатат; Аны капа кылып албагыла. Бүгүн-Кудайдын ыйык руху ата-бабаңарга үйрөтүп, калтырып кеткен улуу салтыңардын түбөлүктүү максатын эстей турган күн. Кудай

силерди өзүнүн ыйык эс алаар жайына чакырып, мурдатан сындырылган нанын, силерге сунуп жатат. Эми үйдүн Ээсин сыйлаган конок болуп, өзүнөрдүн салтыңар, ата-бабаларыңар, Кудайдын руху үйрөткөндөй анын ыйык Нанынан алгыла.

Дастарконуңарга береке берсин!

## ӨМҮР ТУУРАЛУУ

*«Силерге мен бир чындыкты айтып коеюн: менин сөзүмө кулак салып, мени Жибергенге ишенген адам түбөлүк өмүрлүү болот, кыямат сотуна келбейт, анткени ал адам өлүмдөн өмүргө өтүп кеткен адам». «Кудай Өз уулун бул дүйнөгө дүйнөнү соттош үчүн эмес, Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди. Ага ишенген адам соттолбойт, ал эми ишенбеген адам соттолду. Анткени ал Кудайдын жалгыз Уулуна ишенбей койду. Соттун себеби мында: «Дүйнөгө жарык келди, бирок адамдар жарыкка караганда караңгылыкты жакшы көрүштү. Анткени алардын кылган иштери жаман эле. Жаман иштерди жасаган адам жарыкты жек көрүп, кылган жаман иштери ашкереленбеши үчүн, жарыкка келбейт. Ал эми акыйкаттык жолунда жүргөн адам кылган иштеринин Кудайдын жардамы менен кылгандыгы көрүнүп туруш үчүн, жарыкка келет».*

(Жакандын китебинен)

Теңир Тоодогу Кудайдын үйүнө умтулган ажычылыктар катары биз Кудай Рухунун маанисин издешибиз керек. Ошондой эле аны менен үндөш жашоого үйрөнүүгө тийишпиз. Кудайдын түбөлүктүү сөзүндө мындай деп жазылган жерлер бар:

«Кудай бизге Жаңы Осуяттын кызматчылары болуу жөндөмүн берди. Биз тамганын (жазуу түрүндөгү диний мыйзамдын) эмес, Кудай Рухунун кызматчылары болуп калдык. Анткени диний мыйзамдын тамгасы өлүмгө алып барып такайт, ал эми Кудайдын Руху болсо «өмүргө алып чыгат.»

(Кудай сөзүндөгү Коринфтиктерге жазылган 2-каттан)

*Жана «Иса айтты: «Өмүрдү Рух берет». Бул пенденин колунан келбей турган иш. Силерге айткан сөздөрүм аркылуу Рух бере турган чыныгы өмүргө ээ болосуңар»* (Инжилден).

Ушул эки сүйлөмдө тең Кудай Рухунун өмүр берери айтылат. Боз үйдөгүнүн баары тирүү материалдардан жасалган: керегелери, ууктары, түндүгү дарактан, кийиз менен аркандары койдун жүнүнөн, байлоолору кой ичегисинен, булгаары материалдары мал терисинен. Өмүрдүн улуу символу болгон ушул боз үй жандуу нерселерге окшоп, журттан журтка көчө алат. Бул — эркин жылып жүрүүчү Рухтун символу.

Ал эми үйлөр болсо жансыз нерселерден: бетондон, темирден, кирпичтен курулат. Үйлөр жандуу нерселердей жыла да, турмуш тиричиликте ийкемдүү боло да алышпайт. Аларда өмүр жок. Ушул өмүрсүз, ийкемсиз үйлөр бүткүл адамзатты тозокко түшүүгө өкүм чыгарган жазуу

түрүндөгү мыйзам сыяктуу. Кудайдын мыйзамынын кичине эле жерин бузган адам Кудайдын осуятын бузган адам катары күнөөкөр болуп эсептелет да жазага тартылып, Кудайдан жана анын жакшылыктарынан түбөлүк ажыратылат. Ушундай мыйзамдар менен жашаган адамдар таш үйлөргө камалгандардай. Алар былк этишсе эле Кудайдын мыйзамынын бир беренесин бузуп алышат.

Ушундай адамдар көп учурларда аябай катаал жана өздөрүнөн башкача ойлонгондорду кабыл албаган зыкымдарга айланып кетишет. Мындайлар Кудайга жага алышпайт, анткени алар ыйык рухтун мыйзамы менен эмес, диний мыйзамдын ийкемсиз тамгалары менен жашашат. Алар басып жүргөнү менен чындыгында тирүү өлүктөр.

Бирок жогоруда айтылгандын баары таш үйдүн жана анын Шариятынын ыйык максаты болуп эсептелет. Шариат бизди соттоо үчүн жана канчалык күнөөкөр экенибизди көзүбүзгө көрсөтүү үчүн берилген. Шариат мыйзамы болбосо көпчүлүгүбүз Кудайдын мыйзамдарын бузган күнөөкөр экенибизди билмек эмеспис. Балким, «өз күчүм же такыбаалыгым менен бейишке чыга алам, анткени мен жакшы адаммын» деп ойлоп жүрө бермекпиз. Бирок эми, өзүңөрдүн күнөөкөр, алсыз, Кудайга жагууга жөндөмсүз, өлүмгө өкүм чыгарылгандар экениңерди түшүнсөңөр, анда ажыяратчылык сапарыңардын кийинки ашуусуна — өмүр үйүнө кадам шилтегиле. Мусулман деген сөздүн мааниси *«момун киши же баш ийүү»* экенин унутпагыла.



Ушул акыркы убактарда Кудай бизге мээримин төгүп, өзүнүн өмүр берүүчү рухун берип, биз менен тууганды к мамилени кайрадан калыбына келтирүүдө. Кудай бар жана ал бизге абдан кайрымдуу. Силер Кудайдын боз үйүнө чакырылган элденсиңер. Совет мамлекети кулагандан бери Кудай көптөгөн кыргыздардын түшүнө кирип, силерди Теңирдин тоосуна же Исага чакырып жатат. Ушул түштөрдүн баары бирдей. Кудайдын руху кыргыздарды өзүнүн түбөлүктүү үйүнө чакырып жатат. Ошого киргиле, Кудайдын жакшылыктарынан, ырайымдуулугунан жана түбөлүк өмүрүнөн рахаттангыла.

## МУСУЛМАНДЫН ҮЙҮ

Мухаммет менен Куран ачык айткандай, Иса Машаяктын жолун жолдогондор алар чыныгы мусулмандар жана исламдын коомунда турушат.

*«Биз Алланын жардам берүүчүлөрбүз. Аллага ыйман келтирдик. (Эй Иса,) күбө болгун, биз Аллага мусулман-баш ийүүчүлөрбүз»* (Куран 3:52,53)

Чөлдүк мусулмандар сени мусулман деп эсептебесе алар Куранды же өз динин билбегендер. Мухаммет менен Куранда да Исага каршы чыккан мусулмандардын кырылаарын кабарлады.

«Хаварийлер (шакирттер): «Мариям уулу Иса, Раббиң бизге асмандан бир дасторкон түшүрүүгө кудурети жетеби?! деген чактарында.

(Иса): «Эгер момун болсоңор, Алладан корккула», деп жооп кылды.

Алар (мындай) дешти: «Биз ал дасторкондон жегенди жана көңүлүбүз толуп-калбыбыз жайлануусун жана сенин чын сүйлөгөнүңдү анык билип, ал дасторконго күбөлүк берүүчүлөрдөн болууну каалайбыз».

*Мариям уулу Иса: «Эй Теңирим, Раббибиз, бизге асмандан бир дасторкон түшүргүн, ал абалкыбыз менен акыркыбыз үчүн майрам жана сенин аят-мөжизаң-кереметиң болуп калсын. Бизди пайдаландыргын. Өзүң эң жакшы ырыскы берүүчүсүң,» – дегенде, Алла айтты: «Мен аларды силерге түшүрүүчүмүн. А бирок ошондон кийин, силерде кимде-ким каапыр (ишенбеген) болсо, аны ушундай бир кирипттер кыламын, бүткүл ааламдан бир да адамды андай азаптабаймын».*

(Коран 5:112-115)

Биз Иса Машаяктын жолун жолдогондор, дээрлик мусумандардын арасынан эң бактылуу мусулмандар экенбиз. Анткени биз байыркы ата-бабаларыбыздын дастандарын, ырларын ырдап, эң сонун музыка куралдарын чертип, укмуштуу улуттук бийлерин бийлеп, кымыз ичип сүрөт тартып жана ушул сыяктуу дагы көптөгөн калган ыйык нерселерин таштабастан Кудайдын атак-даңкы үчүн колдонуп уланта беребиз.

Ал эми башка мусулмандар ушу биздей эркиндикте рахаттана алышпайт. Себеби «тамга» (шарият) аларга тыюу салат. Эгерде алар бейишке баргысы келсе «тамганы» толугу менен



аткарып, өз ата салттарын таштышы керек. А биз болсо Кудайдын эркинде жана ырайымында жашайбыз. Ал бизди заң мыйзам менен башкарбайт, бирок ал бизге болгон чексиз сүйүүсү менен бизди бейишке жетелейт.

*«Ибрахимди Алла Өзүнө дос тутган.»* (Корандан)

## Меймандостук жалпыбыздын үйүбүз

Меккеге тарткан узак жана катаал сапарына карабастан кыргыздар Каабада күтүлбөгөн жолбун жолоочу. Кыргыздар Каабага келгенде алдындагы эшик жабык экенин көрүп, эшикте кала берет. Сиздин баардык күч аракеттериңизге карабастан, Сауд Аравиясындагы Меккеде Кудай үйүнө кире албайсыз. Ал тургай динди тутКандар Меккеге да келе албайт эми Теңир тоодогу үй арабдарды, башка баардык масулмандарды жана түрдүү элдерди динине карабастан кучак жайып тосуп алат. Ала тоого келген ар ким боз үйдөгү кадырлуу мейман экенине мен Кудай Таалага миң мертебе ыраазымын.

Бүтүндөй адамзат сыяктуу эле кыргыздар дагы Кудай Тааланын бейишине араб тили, даарат алуу же ырым – жырымдарды сактоо аркылуу кирбегендигин Кудайдын Ыйык руху эске салат. Асманга ар кандай жол менен кирүүгө жандалбастаган ар ким бейишке эч качан кире албайт. Ал эми боз үй жана кыргыз бабаларыбыздын жолу аркылуу бардык адамдар асманга чакырылгандыгын Кудайдын жарыгынан көрүүгө болот.

Кудайдын Руху эмне себептен бизди ар-түрдүү «таш» диндеринин эрежелери же алардын ыйык туткан имараттары аркылуу эмес, боз үй белгиси аркылуу өзүнө чакырып жаткандыгы жөнүндө биз бул китепте дагы маектешебиз.

## ОСУЯТ САНДЫГЫ

Боз үйдө отуруп, жансыз материалдан жасалган бирдеме бар болду бекен деген ой менен айланама көз жүгүртүп карадым. Ошондо сырты жука, кооз темир менен капталган сандыкка көзүм түштү. Сандык ар дайым эң сыйлуу жайда — төрдө турат экен. Адатта ал туш кийиздин же башка бир көшөгөнүн алдында же артында турат. Ушунун баары Кудайдын алачыгынын эң сыйлуу жайында турган, Кудайдын осуяттары салынган ыйык сандыкка абдан окшош. Ыйык китебиндеги жазууга көңүл бурсаңар:

*«Акация дарагынан сандык жаса: узуну эки жарым, туурасы бир жарым, бийиктиги бир жарым чыканак болсун. Сандыкты ичинен да сыртынан да таза алтын менен капта. Бурчтарын тегерете алтын менен курчап чык*

*... Сандыктын ичине мен бере турган осуятты сал да капкагын жаап кой. Мен ошол жерден сени менен кезигишип, сүйлөшүп турам...*

... Илмектерге көшөгөнү ил да, осуят сандыгын ошол көшөгөнүн артына алып кир. Силер үчүн көшөгө ыйык жай менен эң ыйык жайды бөлүп туруучу нерсе болот».

(Муса пайгамбардын 2-китебинен)



Алтайлыктар да өзүнүн салтында алтын сандык бар эле, ичинде бир ыйык китеп бар болчу. А бирок алар Кудайдын сандыгын жоготот. Келечекте табылат дешет.

Илгери элиңерге жоо тийип, талап-тоногондо, ата-бабаларыңар алгачкы сандыкты жоготуп алышкан болуш керек, бирок муундан-муунга өтүп, ушул күнгө чейин жеткен эстелик ар бир кыргыздын үйүндө жашап, 3500 жылдан соң Кудайдын адам менен кездешүүнү каалаганын силерге ачык күбөлөндүрүп келүүдө.

*«Алардын Пайгамбары айтты: «Анын падыша болушунун белгиси – силерге бир сандык келет, анда Раббиңер тарабынан бейпилдик жана Муса менен Харундардын үй-бүлөлөрүнөн калган мурас бар. Аны периштелер көтөрүп турат. Эгер чыныгы ыйман ээлери болсоңор, шексиз, бул окуяда силер үчүн аян-белги бар.»* (Коран 2:248)

## ШАМАЛДАЙ ЭРКИН ЭЛ

Мусулмандардын кээ бирлери катуу дубалдуу, тик бурчтуу үйлөрдө жашашат. Алар бир идеядан экинчи идеяга көчө алышпайт. Мисалы, Пайгамбарлар жазмаларында жана Куранда Кудай өзүн *«Биз»* деп атайт. *«Катуу үй»* динчилдер болгон булар өздөрүнүн диний жетекчилеринин таржымалдарына макул болууга аргасыз. Ошол окуулардын (диний мыйзамдын тамгаларынын) катаал таржымалынан сыртка чыгууга алардын эркиндиги жок.

Алар диний *«дубалдарга»* камалып, адамдарга жана алардын таржымалдарына (пенделик мыйзамдарга) баш ийүүгө аргасыз. Буга окшогон диний системаларда жашоо абдан оор, капастагыдай кысылган жана баскан сайын айыпка каласың.

Бирок кыргыздар Ибраим, Исхак, Жакып жана Манас аталар сыяктуу эркин мусулмандардан. Алардын чек аралары ийкемдүү келип, бир идеядан башка идеяга эркин көчө алышат. Эмне үчүн Кудай өзүн *«Биз»* деп атады болду экен деп, эч кимден жалтактабастан, эркин эле суроо бере алышат. Ала Тоодо силерди муфтийдин көз карашына макул болбогонуңар үчүн эч ким өлтүрүп кое албайт. Ибраим пайгамбар алачыгын бир журттан башкан журтка эркин көчүрүп жашагандай, силер да бир идеядан башка идеяга эркин көчө аласыңар. Кудай берген акылыңар жана рухуңар менен бийик учуп, Кудай берген көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү чалгындоого эркиндигиңер бар. Силер эркиндиктин тоолорунун зыяратчысысыңар жана эркин тоодогу ажы адамдар экенсиңер.

Кудайга болгон мээриминерди эркин билдире алууңар үчүн Тирүү Боз Үй — Исада Кудайдын Руху силерге абдан көп жолдорду берген. Айткылачы, азыр ушул эркиндигиңерден рахат алып жатасыңарбы же бирөөлөр камап салган рухий түрмөдөн чыга албай, жалдырап олтурасыңарбы? Кээ бир кыргыздар өздөрүнүн эркиндиги менен ата-бабаларынын динин сатып кетишти. Аларга таш имараттарда, ата-бабалары четке кагып келген чөл тарапты, төмөн жактагы пас жерлерди карап Кудайга сыйынууну үйрөтүп салышты. Алар Теңир Тоого жана ата-бабаларынын ыйык боз үйүнө далысын салып сыйынганга үйрөнүп жатышат. Чет элдин ырым-жырымдарын өздөрүнө сиңирип, ата-бабалары билбеген тилде сыйынып окуп жатышат. Бул кыргыздар башка динге өтүп кеткен кыргыздар эмеспи. Мусулман болсоң мусулман боло бер. Ал эми, эми вахабистин кулу болсоң өзүң бил.

өзүңөрдү текшерип көргүлөчү, силер кайсыл түрдөгү мусулмансыңар, көчмөндөрдүн кайсы түрүнө киресиңер? Силер чындап эле Теңир Тоодогу — Эркиндиктин Тоосундагы зыяратчысысыңарбы же...?

## КУДАЙДЫН ҮЙҮ – КЫРГЫЗ ҮЙҮ

Өзүмдүн бул жакка жасаган зыяратчылыгымдын башынан тартып, кыргыздардын мага көрсөткөн меймандостугун айтууга сөз жетпес. Бул жерде мага жыргал. Силердин ысык мамилеңер менен убактымдын кызыктуу өтүшү жандүйнөмдү кубанычка бөлөйт. Семиз коюңардын эти менен чакан короонордогу коюңардын майын берип сыйладыңар. Алдыма ыйык нанынарды сындырып, ак дасторкон жайдыңар. Мен үчүн токтуңарды сойдуңар, башыма ак калпак кийгизип, менин зыяратчылыгымды майлап бердиңер, атургай, мага кыргыз ысым койдуңар. Силер мага мен күткөндөн алда канча чоң сый көрсөттүңөр. Жер бетиндеги эң меймандос эл кыргыздар дебесем, анда мен жеткен акылсызмын. (Силер, чет элдик зыяратчылар, жа-

кында буларды өз башыңардан өткөрөсүңөр. Бирок мен силерге бир нерсени айтып коюшум керек: кээ бир кыргыздар өздөрүн сатып, орустун ичимдиги менен сайдагы жин-шайтандардын кулдары болуп алышты. Ушундай кыргыздар силерди жакшы кабыл албай коюшу ыктымал. Алардын шайтандары зыяратчылыгыңардын башкы максатынан силерди буруп кетишине жол бербегиле. Сапарыңарды улай бергиле, ошондо Кудуреттүү Кудайдын меймандостугун чагылдырган кыргыздарга жетесиңер. Бизге Кудайдын кең пейилдүүлүгүн түшүнүүбүзгө жардам бере тургандар ошолор.)

Кудайдын Чатырынын Ээси да таңкалаарлык кең пейил. Ал да силерге окшоп, баарын өзүнө чакырып, колунда болгонунун баарын дасторконуна коет. Келбегендер гана ач калышат. Силер баарын жоомарттык менен берип жатасыңар, ошондуктан силердин коногуңар болгон мен да көңүлүм тойгудай алып жатам. Баарыбыз чогуу түбөлүк өмүр сүрө алышыбыз үчүн Кудай да жоомарттык менен алдыбызга төгүп берет. Анын айтканына кулак салсаңар:

*«Ким суусаса мен ага мүрөк суусунун кайнар булагынан бекер берем. Жеңүүчү баарын мураска алат жана мен анын Кудайы болом, ал болсо мага бала болот».* (Кудай сөзүндөгү Аян китебинен)

Силердин элиңер да, Кудай да чатырларда жашашкан. Экөө тең меймандостугу, жоомарттыгы менен белгилүү. Экөө тең эч кимди өйдө-



ылдый дебей тең көрүп, кабыл алышат. Бул абдан кызыктуу.

Кудайдын китебинен бир аңгемеге көңүл бурсаңар. Анда Кудайдын падышачылыгы тууралуу сөз жүрөт:

«Бир киши чоң той берип, көп элди чакырат. Тамактанаар кез келгенде чакырылгандарга кулун жиберип: «Келгиле, баары даяр болуп калды» деп айттырат. Ошондо баары сүйлөшүп алгандай кечирим сурай баштайт экен:

«Мен айдоо талаа сатып алдым эле, барып көрүп келбесем болбойт, кечирип койчу», — дейт биринчиси.

Экинчиси: «Беш жуп өгүз сатып алдым эле, ошолорду ишке салып, сынап көргөнү баратам, мени кечирип кой», — дейт.

Үчүнчүсү болсо: «Мен үйлөндүм, ошондуктан бара албайм», — дейт.

Кул төрөсүнө кайра келип, баарын айтып берет. Ошондо үй ээси каарданып: «Тез бар да шаардын аянттары менен көчөлөрүн кыдырып, жакыр, майып, сокур, чолокторду алып кел бул жакка!» — дейт.

*Кийин кул төрөсүнө келип: «Төрөм, буйруғуңду аткардым, бирок дагы бош орундар калды!» — дейт. «Жолдорго чык да чарбактарды, кашаларды аралап өтүп, адамдарды келүүгө мажбурла, үйүм толсун! — дейт төрөсү, — Силерге айтып коеюн: жанагы чакырылгандардан эч кимиси менин тамагымдан экинчи ооз тийишпейт!»* (Инжилдеги Лукадан)

Кудайдын кандай жакшы экендигин акылыңарга сыйдыра аласыңарбы? Кудай абдан чоң, бирок ошондой болсо да экөөбүзгө окшогон жакырлар менен бирге тамактангысы келет. Биз менен бирге тамактансам деген каалоосу ушунчалык күчтүү болгондуктан аябагандай кымбат бааны төлөп койгон. Көрчү кандай. Ошондуктан Кудайдын чакыруусун кабыл алып, анын үйүнө — улуу той боло турган жайга барчу жолго түшкөнүбүз оң.

## КАЙРЫМДУУЛУК ҮЙҮ

*«Дин башчылары менен иудей аксакалдары жиберген, кылыч-найзалар менен куралданган жоон топ эл Исага тап берип, колго түшүрүштү. Ошондо, Исанын катарында тургандардын бирөөсү кылычын кынынан сууруп алып, дин башчынын кулунун кулагын шылый чапты. Бирок Иса ага: «Кылычыңды кынына сал, анткени кылыч алгандар кылычтан кырылышат!» – деди»* (Инжил: Матай жазган жакшы кабардан)

Боз үйдүн мен байкаган абдан таң калаарлык жактарынын бири — адамзатка момундук менен талыкпастан кызмат кылганы. Нечендеген чет элдиктер боз үйгө келип, башпаанек табышпаган дейсиң. Мен ушуга таңмын. Баарынан да мурдагы душмандары менен баскынчыларынын урпактарын боорукерлик менен кабыл алганычы. Маал маалы менен болуп турган суу ташкынынан жана жер титирөөдөн качкан Кокон хандыгынын балдарына жардам берди. Көптөгөн жылдар бою орус падышасынын солдат балдарын жылуу кабыл алып, кымызын сунуп, курсагын тойгузду.

Мурда өзбектер менен орустар силерге жана силердин үрп-адаттарыңарга жогортон карашкан. Күнөө, кан, жек көрүү жана кек мурдагы баскынчыларыңардан силерди түбөлүккө бөлүп салды болуш керек деп ойлогом. Жамандыкка жамандык менен жооп кайтарасыңар го деп жүргөм. Бирок бүгүнкү күндө, кыргыз коомчулугу менен маданиятынын жүрөгү болгон боз үй, бир убакта башынан өткөргөн ырайымсыздыктардын баарын көңүлүнө албай, бир кезде ушунчалык таш боордук менен мамиле кылышкандарга меймандостук көрсөтүп, жардам берүүдө. Баардыгына кайрым кылып, аларга башпаанек, эс алуу, айыгуу жана коргонуч сунуш кылуудан талган жок. Боз үй сунуш эткен ушул белектерди ага киргендер бир нерсе жасашып, эмгек акысына сатып алышкан эмес. Мунун баарын боз үй жана андагы адамдар белек катары бекер берүүдө.

Мына, адамзат тарыхында мурда болуп көрбөгөндөй улуу боорукердикти боз үй азыр да көрсөтүүдө. Биз азырынча баарыбыз тең Кудай сыяктуу жашап келсек да, ал бизге өзү менен чогуу үйүндө боло турган түбөлүк тынчтыкты сунуш этүүдө. Биз аны эч кандай иш менен сатып ала албайбыз. Аны жөн гана ишеним менен кабыл алышыбыз керек. Анткени мунун баары Кудайдын бизге берген белеги.

*«Силер: «Кошунаңды сүй да, кордогонду жек көр!» деген осуятты уккансыңар. А мен силерге айтам: душмандарыңарды сүйгүлө! Силерди кодулап, куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла! Мына ошондо силер көктөгү Атаңардын уулдары болосуңар. Анткени анын күнү жаман-жакшыга бирдей тиет, жамгыры адил менен арамзаага бирдей төгүлөт. өзүңөрдү сүйгөндөрдү гана сүйсөңөр; анда силерге кандай сыйлык берилмек эле? Салыкчылар деле аларды сүйгөндөрдү сүйүшөт. Боордошторуңарга гана сый көрсөтсөңөр, анда силерге кандай сыйлык берилмек эле!? Аны кудайсыздар деле кылышат».*

Бирок капырларга жакшылык кылганыңар үчүн төлөй турган бааны унутпагыла. Исаны *«Каапырлардын Кудайы»* деп аташкан, анткени Иса алар менен бирге тамактанып, Кудай үйүнө чакырган. Эгерде силер начар адамдарга кайрым кылып, эмне максатта жаратылган болсоңор, ошону аткарганды таштабасаңар, анда таш имараттардын элдери силерди да жаман мусулмандар деп атайт. Коркпогула, Кайрымдуу, ырайымдуу болгула — атургай арамдар менен жакшылыкка татыксыздарга да кимдир-бирөө айткандай: *«атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер.»* Ошондо Кудайдын чыныгы балдары болосуңар.

*«Алар да өздөрүнө келген ар бир пайгамбарларды шылдың кылып күлүшкөн эле».*

(Куран 15:11)



## КУДАЙДЫН БЕРЕКЕСИ

Бүгүнкү күндө Кудайдын ырайым үйү тууралуу ой зыяратчылар үчүн абдан маанилүү ой. Адам аттуунун баары күнөө кетирип, Кудайдын душмандарына айланышты. Чет элдиктер да, ал тургай кыргыздар, силер да Жаратуучуңарды сатып Теңирден тескери кеттиңер. Адилеттүү мыйзам боюнча силерди ташбараңга алып, өлтүрүү керек. Араңардан киминер чет жердик кудайларга сыйынган болсо, анда ал өзүнүн Жаратуучусун четке каккан киши, ошондуктан ал Кудайдан жана өзүнүн оюнан чыгарып алган идеясынан түбөлүк ажыратылып, тозоктун түрмөсүнө салынышы керек.

Кетирген күнөөңөр үчүн *«сатып кеттиңер»* деген сөздөн алда канча оор сөздү Кудай колдонот. Кудай менен силердин ортоңордогу мамиле эне-баланын мамилесинен алда канча терең, эрди-катындын мамилесинен алда канча ыйык болууга тийиш деп эсептейт Жаратканыңар. Ошондуктан анын үйүн таштап башка кудайларга кызмат кылуу — сойкулук, ойноштук менен тең.

Көрдүңөрбү, кылган күнөөңөр силер ойлогондон алда канча оор. Шайтан силерди алдап, туура ишенимдин ордуна силерге кайдагы бир диний ырым-жырымдарды кылдырып, чет-элдик ритуалдарды аткартып, ошолор аркылуу күнөөлөрдөн тазаланса болот деген болбогон бир түйшүккө ишендирип койгон. Бирок, мунун баары күйөөсүнүн көзүнө чөп салып коюп, анан *«чай кайнатып берсем, жарашып алам»* деп ойлогон

аягы суюк аял сыяктуу. Чай кайнаттуу ала жипти аттабаган күндө деле демейдеги аялдык милдет. Бирок күйөөсүнүн алдында күнөө кетирип, ала жипти аттаганы үчүн анын кайра күйөөсү менен жарашууга жолу жок.

Араңардагы кандайдыр бир диний парыздарды аткаруу аркылуу Кудай менен жарашып алам деп ойлогондор өздөрүн өздөрү алдагандар. Силер өзүңөрдүн канчалык күнөөкөр экениңерди, күнөөңөрдүн канчалык коркунучтуу экенин түшүнгөнүңөрдө гана Кудайдын канчалык кең пейил экенин түшүнө аласыңар. Биз баарыбыз тең жалган кудайларга сыйынып, Кудай алдында нике адалдыгын буздук. Бирок Асман Теңири бизге кечирим, тазалануу гана тартуулабастан, өз үйүнөн орун сунуш кылууда. Кудайдын ырайымы чексиз.

*«Ал эми дин мыйзамы болсо күнөө тууралуу түшүнүгүбүздүн кеңейиши үчүн берилди. Бирок күнөө канчалык көбөйгөн сайын, Кудайдын ырайымы да ошончолук көбөйдү.»*

(Кудай сөзүндөгү Римдиктерге жазылган каттан)

## АЙКӨЛ

Теңир үйүнүн төбөсүндөгү түндүктү унутпагыла. Ал Тооратта келтирилген Курман айт тууралуу Кудайдын убадасынын символу. Тоорат менен Куранда: *«Кудайдын жазасына кетүүгө тийиш болгон адамдын ордуна Кудай башка бир улуу курмандыкты даярдайт»* дегендей. Силер Кудайдын үйүнө кайра бара алышыңар үчүн күнөөңөрдүн кунун Кудай өзү төлөйт. Кудай ошол кунду өзү төлөп, бизге толук кечиримди сунуш этти. Эң кыйын, баарынан кудуреттүү бир адам көктөн түшүп келип, биз ала турган жазаны өз мойнуна алды. Ал Курандын убадасы менен Тооратын үмүтүн ордуна келтирди. Машаяктан башка эч ким биздин ордубузга өзүн курман кылып, күнөөлөрүбүздү өзүнүн мойнуна ала албак эмес.

*»Алар «Баш сөөк» деп аталган жерге келишкенде, Исаны жыгачка керип туруп, кадап салышты. Берки эки кылмышкерди да, бирин Исанын оң жагына, экинчисин сол жагына, жыгачка кагышты. Ошондо Иса:*

*— Оо Атаке, буларды кечирегөр! Эмне кылып жатышканын өздөрү билишпейт, — деди.»*
**(Инжил)**

Кыргыздардын айрымдары да Исага каршы чыгып, Аны четке кагышат. Бирок Кудайга шүгүр, буга карабастан Иса бизди кечирип келет. Ал эң ырайымдуу жана кечиримдүү. Иса Ай Көл Манастын күчүн колдонот:

*Кудай менин бардык азабымды... унуттурду деп Жусуп тун уулунун атын Манасе койду.*

**(Башталыш 41:51)**

Иса азап тартканына карабастан, Кыргыз элин кечирет.

## ЭШИК ТУУРАЛУ

Мен боз үйдөн Кудай Сөзүндө сүрөттөлгөн дагы бир нерсени байкадым: боз үйдүн бир гана эшиги бар экен. Кудайдын түбөлүк тоюнда, анын түбөлүктүү үйүндөгү улуу нурунун жарыгында чогуу жашай тургандардын баары бир гана эшиктен киришет. Башка жол жок. Башка жол менен кирем дегендер четке кагылат. Өздөрүнүн же башка бирөөлөрдүн сунуш эткен жолдору менен кирем дегендерди Кудай кабыл албайт. Кудайдын бир гана жолу бар, ал — Кудайдын өзүнүн жолу. Боз үйгө кирип, түндүктөн түшкөн нурдун алдына келе турган жол бирөө болгон сыңары бейишке кирип, Кудайдын нурунун жарыгына биз бир гана жол, бир гана эшиктен кире алабыз. Кудай Сөзүндө Машаяктын мындай деген жери бар:

*«Силерге бир чындыкты айтып коеюн: кой короого эшиктен эмес, тешиктен кирген ууру-кески болот. Чабан эшиктен кирет. Күзөтчү болсо ага эшикти ачып берет. Койлор да өз чабанынын үнүн угушат. Ал койлорун атынан чакырып, сыртка алып чыгат. Анан алдына түшүп, баштап басат, койлору болсо аны ээрчийт, анткени анын үнүн таанышат. Чоочунду болсо ээрчибейт, тескерисинче чоочундан жаа бою качышат, анткени чоочун үндү таанышпайт.*

... Иса ушул ибаратты айтып берди, а бирок алар эмне дегенин түшүнүшкөн жок. Ошондо Иса кайрадан:



*Силерге бир чындыкты айтып коеюн: койлор үчүн эшик менмин. Мага чейин келип кеткендердин баары ууру-кескилер болушкан, ошондуктан койлор аларды уккан эмес. Мен эшикмин. Ким мен аркылуу кирсе, анда куткарылат. Ээн эркин кирип-чыгат жана жайыт да табат.»* (Жакандын жакшы кабарынан)

Биз үчүн ачык эшик бар экенине сүйүнөм. Кудайдын бизге деген ырайымы кандай зор. Сен ошол ачык эшикти көрдүңбү? Же, Кудайды өзүмчө табам, бейишке башка жол менен кирем деп курулай убара тартып, караңгыда куурап жүрөсүңбү?

## УЛУК БОЛСОҢ КИЧИК БОЛ


Боз үй сыяктуу улуу символдор чоң шаарлардан жана туристтерди кызыктырган жайлардан алыста жайгашкан кыргызстандын жакыр, чакан эли жашаган анчейин белгисиз өрөөндөрүн, ак кар, көк муз баскан тоолордун муздак чокуларынан табылары таң калыштуу нерсе эмес. Кудай адатта өзүнүн асыл нерселерин эр жүрөктөр жана жандили менен эңсегендер гана кароого даай ала турган жерлерге жайгаштырарын ар бир чыныгы зыяратчы билиши керек.

Машаяк Иса: *«Эң кичинекей, карапайым эсептелгендер, эң улуу болушат»* деген. Машаяк бул дүйнөдө жогору бааланган түшүнүктөрдү түп орду менен алмаштырды. Бул «жалган» дүйнөнүн баарынан жогору коюп, баалаган нер-

сеси, Кудайдын көз карашында түккө турбай калды.

Сиз зыяратыңыздын калган убактысын Кудай баалаган нерселерди табуу менен өткөрөсүз.

## АК КАЛПАК



Бир нерсени билип алышыңыз абзел: Ала-Тоонун зыяратчысы катарында сизге *«калпак»* деп аталган өзгөчө баш кийим берилет. Бул баш кийим ишенимдин жана Теңирдин тоосундагы чыныгы зыяратчылыктын адилеттүү экендигинин символу. Бул жакшынакай баш кийим кээ бир чет элдиктерге кызыктай көрүнүшү мүмкүн, бирок мен сизге аны кийип жүрүүңүз жана ага көнүңүз деп сунуш этмекчимин. Калпак — эң сонун символ, анда Кудайдын байыркы чындыктарынын сырлары жашырылган.

Окуучуларымын кээ бири мени жаңы дин ачып жатат ко деп ойлошу мүмкүн, бирок Теңир Тоолук мусулмандар кийген калпактын сырларын түшүнгөнүңөрдө менин айткандарымдын Кудайдын бир кездерде Адам атага көргөзгөн жолунун өзү экенин билесиңер. Кайрадан эң байыркы китеп — Тооратка кайрылалычы. Адам ата менен Обо эне күнөө кетиргенден кийин эмне кылышты эле? Алар уятын жалбырак менен жапкылары келишкен. Бирок Кудай эмне кылды эле? Бир жаныбардын терисин алып, тигилердин уятын жапкан. Аларга терини жабыш үчүн Кудайга бейкүнөө жаныбарды өлтүрүү ке-



рек болгон. Ошентип, тээ башынан бери эле эки дин жашап келе жатат: бири адам акылы менен иштерине негизделген болсо, экинчиси тирүү жандын курмандыкка чалынышы аркылуу Кудайдын иштерине негизделет. өсүмдүктөр материалынан жасалган баш кийимдер адамдык жолду билдирсе, жандын жүнүнөн жасалган Калпак Кудайдын жолун билдирип турат дейм.

Адам атанын тун уулу дыйкан болгон. Ал талаасынан жыйнаган түшүмүнөн Кудайга тартуу катарында алып келгенде Кудай анын бул курмандыгына ыраазы болгон эмес. Экинчи баласы чабан болгон. Ал Кудайга биринчи туулган семиз козусун алып келген. Кудай ушул чабан баласынын курмандыгына ыраазы болгон.

Калпак өсүмдүктөр материалынан эмес, бирок бизге Кудайдын жолун эсибизге салып туруу үчүн жаныбарлардын материалынан жасалган. өзүнүн уятын жаап, күнөөсүнүн кунун төлөө үчүн адам баласы миллиондогон жолдорду ойлоп тапты. Бирок Кудайды ыраазы кыла турган бир гана жол бар. Ошол жолду Калпак символдоштуруп, көрсөтүп турат. Калпактын эң чокусунда курмандыктын символу бар. Машаяк Иса таймандбастан ошол символ аркылуу өткөн. Биздин зыяратыбыздын көздөгөнү (фокусу) ошол. Кудайдын жолу ошол.

Көп адамдар: калпактын чокусуна кеткен сызыктар жолдорду билдирет дешет. Ошол жолдор менен чыгыш, батыш, түндүк жана түштүктөн Кудайдын тоосундагы Машаякка адамдар агып келет. Ошондуктан калпагыңарды сыймык менен кийип жүргүлө. Машаякка жана анын кур-

мандыгына баш ийгениңерде Кудайдын жашырын сырларын дагы тереңирээк түшүнөсүңөр.

Ошентип, Адам атадан бери Кудай-эге бизди ушул тарапка көрсөтүп турат.

## КУУГУНТУК

Шайтан бул дүйнөнүн башкаруучусу деп аталган. Бүткүл адамзат ага алданып, кол алдында калган. Силер бул коомдун сормо саздуу агымынан чукул бурулуп, Кудайга кайрылганыңарда силерди куугунтуктоо башталат. Бул бийик жана өйдөгө чыккан зыяраттын башталышында турган ар бир адам билиши керек: күнөөкөр дүйнө тарабынан Машаяк Иса кандай жек көрүндү болсо, ал да ошондой жек көрүндү болот. Бул китеп толук жазылып бүткүчө ишенбегендер кыргыз зыяратчыларына: *«диниңди саттың, башка жакка өтүп кеттиң»* деп, айыпташат. Бирок Исанын айтканын эсиңерден чыгарбагыла: *«Ким бирөөнү соттосо, ошол соту менен өзү соттолот»*. Чынын айтканда силерди куугунтуктаган адамдардын көбү силерге таккан айыптарга өздөрү батып алышкан.

Мисалы: «силерди динин сатып кетти» дегендер — кыргыздын боз үйүн сыйлабаган, ата-журтуна артын салып, жат тарапты карап, кыргызга жат тилде сыйынгандар, же чокунуп кыргыздын эркиндигин кордогондор жана чет элдиктердин диний баш кийимин кийгендер. Ата-бабаларынын динин сатып, кайдагы бир четтиктердин динине киргендер ошолор эмеспи?

Ошондуктан алардан коркпогула. Силердин



соттоочуңар Кудай. Ал силерди Машаяк келгенде колуна көтөрүп, ардактап алат. Эр жүрөк болуп, Көкө Теңирдин артынан калбай ээрчигиле да анын түбөлүк падышалыгын таштабагыла.

## АКТАЛ МОЛДОНУН АЙТКАН КЕБИ

Мен ата-бабаларымдай эле мусулманмын жана сүннөткө олтургузулганмын. Мен куран окуйм, орозо тутам. Көктө бир Кудай бар экендигине да пайгамбарларга да ишенем. Андыктан мен, Манас ата-бабаларыбыздай көктү карап, күнүгө өз эне тилимде эле, бир Кудайга сыйынам жана ошону менен катар эле мусулмандык майрамдарды да майрамдай берем.

Мухаммет пайгамбар, Араб элин жасалма бурикандарга сыйынуудан, чын кудайга сыйынууга үндөгөн жана ар бир мусулман адам Тоорат, Забур жана Инжилди окуп баамдап алсын деген. Куранда жана мусулман аксакалдарыбыздын айтканына караганда, Иса – Машайак. Машайак бул дүйнөдө эң маанилүү, эң жогорку, жана чексиз ыйык рухка толгон кудайдын сөзү дешкенине ишенем.

Андыктан мен эң жогоркуга баш ийем, себеби Машайак, Кудай алдында күнөөкөр адамдарды актоочу, куткаруучу, шайтанды жеңүүчү биздин күнөөлөрүбүз үчүн курман болгон Кудайдын улуу курмандык козусу жана түбөлүк өмүргө алып баруучу жалгыз жол. Машайак ал биздин Курман айт майрамыбыздын толук маанисин ордуна келтирүүчү.

Ыйык китептердеги бүт пайгамбарлар да Машайак жөнүндө күбөлүк беререрине жана ага баш ийээрине мен толугу менен ишенем. Ал бүт адамзатты соттоо үчүн жерге кайра бир күнү келет. Мен христиан эмесмин. Мен ата-бабаларымдай эле мусулман болуп төрөлгөм, Чиркөөгө барбайм, чокунбайм, крест тагынбайм жана христиандык майрамдарды майрамдабайм. Мен мусулман боюнча машайакты тааныдым жана кабыл алдым. Мен Машайакка чын жүрөгүмдөн ишенем жана мусулмандар коомунда калдым. Кыргыз, Манас ата-бабаларымдын салттарын таштабайм, үрп-адаттарын туу тутам, мындан ары да улай берем. Мусулман китептеринде жазылгандай, эгерде кимде-ким Машайакка каршы болсо анда ошол адам Кудайдын каарына калат.

*«...аларга кордук жана бечаралык жазып коюлду жана Алланын каар-казабына дуушар болушту. Буга себеп – алардын Алланын аяттарын тангандары жана пайгамбарларды жазыксыз өлтүргөндүктөрү. Буга себеп – баш ийбей чектен кеткендиктери.»* (Коран 2:61)


## АЯГЫ ЖОК АЙЛАНА

Айлананын башы да, аягы да жок. Ал башы да аягы да жок Кудайга окшош. Кудай дайыма бар болуп турган жана бар болуп тура бермекчи. Кудай өзү жиберген Бирөөгө ишенгендердин баарына түбөлүк өмүрдү берем деп убада кылган. Ошол түбөлүк өмүр бизге боз үйдүн айланасынан жана түндүгүнөн кайрадан көрүнүп турат.



Сен да түбөлүктөн түбөлүккө жашагың келеби? Чындап эле түбөлүк жашагың келеби? Сен үчүн бул дүйнөнүн бардык байлыгынан, атакдаңкынан жана жанга жаккан лаззаттарынан түбөлүк өмүр артыкпы? Анда Исаны тап. Бардык адамзат үчүн Кудайдын түбөлүк үйү ошол.

## ЫЙЫК СИМВОЛДУ КӨТӨРГҮЛӨ



Түндүк — бул кыргыз коомчулугундагы бийик бааланып, аздектелген кыргыз элинин ыйык символу. Кудай баарынан ыйык жана баарыбыз ага табынышыбыз керек, турмушубуздагы бардык ыйык нерселерибизден, ал тургай үй-бүлөбүздөн да аны жогору көтөрүшүбүз керек. Силер, кыргыздар, түндүктү, желегиңерди көтөргөндөй, сыйынууда колуңарды асманга созгондой, Кудайдын атын өйдө көтөрүп, урматооңор керек.

Карай салганда эле аман калууга мүмкүнчүлүк алууга боло турган жез жыланды Муса пайгамбар Кудайга моюн сунуп, шыргыйдын башына көтөргөн сыяктуу, келгиле, ыйык символду көтөрөлү. Кудай азыр Борбор Азиянын элдерине түбөлүк өмүр сүрүүгө мүмкүнчүлүк берип жатат. Ошондуктан ошону караган адамдын баары түбөлүк өмүргө ээ болсун үчүн ыйык символду көтөрөлү.

*«Муса чөлдө жасалма жыланды жогору*

*көтөрүп койгондой көктөн келген Адам да көтөрүлүп коюлууга тийиш. Ошондо ага ишеним арткан ар бир адам түбөлүк өмүргө ээ болот»*
(Инжил: Жакандын жакшы кабарынан)

Сиздер, чет элдик зыяратчылар, Исаны жыгачка кагып, өйдө көтөрүп коюшкандай, жашоо менен жарыктын символу болгон түндүктү боз үй тигип жатканда бакан менен көтөрүп, ушунусу аркылуу кыргыздар Кудайдын байыркы сырдуу иштерине катышып жатышканын көрөсүңөр. Бул дайыма курмандык чалуу менен коштолот да, Мусанын символундай эле Кудайдын куткаруусун урматтоону билдирип турат. Кыргыздардын боз үйүн тигилишин карап көргүлө.

## БОРБОРДОН ӨСҮҮ

*...Мындан ары адамдардын айлакердигине, митайым азгыруу өнөрүнө алдырып, ар түрдүү таалимдердин шамалы менен учуп, нары-бери термелген жаш балдардай болбойлу, бирок, сүйүүнүн деми менен чындыкты сүйлөп, бардыгында Машаякка карап өсөлү. Ал биздин башыбыз. Баштын башкаруусунун алдында дене мүчөлөрүнүн баары бири-бирине кийишилип, бүткүл тулку бой өзүндөгү муундардын жардамы менен кармалып турат. Ошондуктан ар бир мүчө өз милдетин аткарып, жакшы иштегенде бүткүл дене өсүп, чыңдалган сыяктуу жыйын мүчөлөрү да Машаяктын башчылыгы астында сүйүүдө өсөт жана чыңдалат.*

(Мусулмандын 3-китеби Инжилден)



Коомго өсүү берип, андагынын баарын: адамдарды болобу, башкалардыбы, чогуу ынтымакта кармап турганга адил жетекчинин күчү жетет жана бийлиги бар. Түндүк ошондой жетекчинин да символу. Ууктар менен керегелер коомдогу адамдарды символдоштуруп турат. Түндүктүн боз үйдү чачылтпай, чогултуп кармап турганы Машаяк аркылуу Кудайдын бардык нерселерди чогуу кармап турганына да символ болуп бере алат. Кудайдын Сөзү айткандай: *Ааламдагы бардык нерселерди Кудай Машаяк Иса аркылуу жараткан.* Түндүк кыргыздын боз үйүн чогуу кармап турган сыяктуу ааламдагы бардык нерселер Машаяк аркылуу чогуу гармонияда кармалып турат. *(Колоссадагы машаяктарга жазылган каттан. 1-бөлүм.)* Машаяк менен жакын байланышта болсок кана биз өсүп-өнүгүп, Кудайдын бизди жаратып жаткандагы максатындагыдай боло алабыз.

Кыргыз элинин ар кайсы уруулары түндүктүн алдына чогулушкандай, жер бетиндеги бардык элдер Иса Машайактын алдында чогула алышат. Иса Машайаксыз Кудай менен адам баласынын же жер жүзүндөгү ар түрдүү элдердин ортосунда чыныгы ынтымак болбойт. Мына ушул себептен биз ар кандай рассалык согуштарга кириптер болуп жатабыз. Анткени көп элдер түбөлүк түндүктүн жарыгы тийбеген жерде, караңгыда жашоону тандап алышкан.

Боз үйдө түндүк борбордук орунду ээлебесе ал кулап, бырын-чырын чыгат. Ошонун сыңарындай Иса Машайакты борбордук орунга жогору көтөрүшпөгөн адамдар, коомдор, элдер Кокон хандыгы жана СССР сыяктуу кыйрашат.

*«Силерден мурун да көп жолдор – тажрыйбалар өткөн. Демек, жерди кыдырып жүрүп Алланын динин жалган дегендердин акыбеттери кандай болгонун бир көргүлө».*

(Куран 3:137)

## КУДАЙДЫН ТАКТЫСЫ

Табияттын ордосу Көкө Теңирдин тактысы деп Манас эпосунда жакшы айтылган. Кудайдын сөзү да муну ачык тастыктайт:

«Курмандык Козунун алдынан эч ким санай алгыс, санаса сан жеткис, ар кандай улуттардан, уруулардан, калктардан жана тилдерден турган, аппак кийим кийишкен, колдоруна пальма бутактарын кармаган көпчүлүктү көрдүм. Алар катуу добуш менен:

*– Бизди мынабу тактыда олтурган Кудайыбыз жана Козубуз гана куткарган! – деп кыйкырып жатышты.»* (Инжилдеги Аян китебинен)

Түндүк асман тактысын билдирип турат. Түндүктүн борборунда Кудай козусунун курмандыгынын символу бар. Ал да Кудай менен чогуу тактыда олтурат. Бул Токту *«Алланын таламдашы-акылдашы жакынкы жана акыркы дүйнөдөгү»* деп Куранда айтылган Машаяк Иса.

*«Ошол кезде периштелер айтышты: «Эй Мариям, албетте Алла сага өзү тарабынан бир Сөз куш кабар кылып берет – Анын аты – Масих (Машаяк) болуп, ал бул дүйнөдө жана Акыретте абройлуу жана жакындарынан. Ал адамдарга бешикте чагында кудум чоң адамдай сүйлөйт. Ары салих-жакшы пенделерден болот».* (Коран 3:45)



Түндүктү тегеректеген кызыл ууктар Кудайдын ак тактысын тегеректеп турган расалар, элдер, улуттар жана тилдер. Алар курмандык Токтунун канына жуулуп, күнөөлөрүнөн тазаланышкан.

## КҮН ТУУРАЛУУ



Бүткүл дүйнөгө бир эле күн жарык берип турат. Бардык элдер үчүн бир күн берилген сыяктуу бардык элдер үчүн бир гана Машаяк берилген. Орустар үчүн өзүнчө бир күн, кыргыздар үчүн дагы башка бир күн жок. Ошонун сыңарындай мусулмандар да, христиандар да Исаны Машаяк (орусча Христос же Мессия, еврейче Машиях, арабча Масих) катары билишет. Машаяк Иса бүткүл дүйнөгө жана бардык адамдарга нурун төгүп турат дейт Кудайдын Сөзү. Исага ишенбегендер түндүгү жок, жарыксыз боз үйдө жашаган элдерге окшош.

*«Мен бул дүйнөнүн нурумун. Мени ээрчиген киши мындан ары караңгыда жүрбөй, өмүрдүн нуруна ээ болот.»* (Иса, Инжилдеги Жакандын китебинен)

Караңгыда жүргүң келеби же түбөлүк түндүк жана дүйнөнүн нуру — Исанын жарыгында жашагың келеби?

## ЧЫГЫШ

Байыркы кыргыздар эмне себептен боз үйдүн эшигин чыгышка караткандыгын биз жакшы түшүнүшүбүз зарыл. Бүгүнкү күндө бул өтө маанилүү!

«Манас» дастанынын алгачкы вариантында Манас чыгышка карап сыйынганы айтылат. Ошондой эле кадырман аксакалдардын бир нечеси эгерде мен таң заардан туруп жаңыдан атып келе жаткан таңдын нурларын карасам күн нуру менен бирге мага ак бата келээрин айтышкан *«Эрте турган адам Кудай чачып жаткан ырыскыга ортоктош болот».*

Чыгышка жүзүбүздү буруу эмне себептен биз үчүн мынчалык маанилүү? Кыргыздын көсөм бабалары жүздөрүн чыгышка бурганда эмнени түшүнүштү экен? Алар чыгыштан келе турган бир нерсени күтүшкөн. Көптөн күтүлгөн ал нерсе эмне эле? Алар эмне жөнүндө билишкен? Жоопту дагы эле Кудайдын Ыйык Жазуусунан табабыз Жезекил пайгамбар мындай дейт:

*«Анан ал мени дарбазага – чыгышты караган дарбазага алып келди. Жана мына, Израил Кудайынын даңкы чыгыштан келе жатты. Анын үнү – көптөгөн суунун дабышындай, Анын данкынан жер жарык болду,»* (Жезекиел 43:2)

Жезекиел паигамбар Кудайдын чыгыштан келе жаткан даңкын көргөн эле!

Ошондуктан кайсы бир периште же иудей болобу, христиан же мусулман болобу, же кайсы



бир башка адам болобу, ким болсо да, эгерде башка тарапка карап табынууга жана башка ушул сыяктуу нерселерге үйрөтсө ага кулак сала албайм. Андай адам бизди Кудайдын даңкынан жана ата-бабаларыбыздын акылмандыгынан айырууга далалат кылып жатат. Кыргыз ата-бабаларынын динин бурмалайт дейм.

Кудайдын даңкы чыгыштан келе жатат дал ушул себептүү Курандагы эң урматталган аял өзүн куугунтуктаган адамдардан качып, чыгыштан калканыч издеген.

Мариям (Мария) чыгышка качып барып ал жерде өзүнүн тун перзентин жеткилең уулун, Исаны көз жарганы Куран 19:16-34тө баяндалат, Исаны башкача дагы *«Кудайдын Руху»* жана *«Алла-Тааланын Сөзү»* деп аташат. Кудайдын бардык адамдар үчүн болгон ырайымын жана ачылышын билдирген ушул сыяктуу аяттарды Алланын Сөзү Иса дагы айтып калтырган.

«Анткени Кудай дүйнөнү ушунча сүйгөндүктөн өзүнүн туубаса ынтымакташ (жалгыз) Уулун берди, аны менен Ага ишенген ар ким өлбөсүн, бирок түбөлүк өмүргө ээ болсун. Анткени Кудай өз Уулун дүйнөнү айыптоо үчүн дүйнөгө жибербеди, бирок Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди. Ага ишенген адам айыпталбайт, а ишенбеген адам айыптуу, анткени ал Кудайдын жалгыз Уулунун ысымына ишенбей койгон. Айыптоонун маңызы болсо мындай: дүйнөгө жарык келди: бирок адамдар караңгылыкты жарыктан артык жакшы көрдү, анткени алардын иштери жаман болчу.

*Анткени жамандык кылып жүргөн ар ким жарыкты жек көрөт жана Анын иштерин ашкерелебес үчүн, алар жаман болгондуктан жарыкка келбейт. А мамилеси чындык болсо анын иштери талашсыз болуш үчүн жарыкка келет, анткени анын иштери Кудайдын урматына кылынган».* (Жакан 3:16-21)

Иса эр жетилген соң Кудай үйүнө чыгыштагы Зайтун тоосунан түшүп келген. Кудай Сөзү бизге бул нерселерди айткан себеби, биз Исаны караңгы дүйнөгө асмандан нурга бөлөнүп келе жаткан Кудайдын даңкы же ырыскысы катары кабыл алуубуз керектигинде. Ал бизге Жаратуучубуздун чыныгы жүрөгүн жана табиятын таанытат. Ал эми бизди динибизди сатып, чыгышка артыңызды салууга үндөгөндөр Кудайдын берекесине жана данкына каршы чыккан адамдардай сезилет. Алар Иса жөнүндө бир аз жылуу сөздөрдү айтканы менен сиз Ага чын дилиңизден ишенүүңүздү алар такыр каалашпайт. Мындай адамдар сизге да, сиздин элиңизге да кандай жакшылык каалайт экен? Алардын иштери Теңирибизден тескери дейм. Качан алар айыптарын моюнуна алып, Кудайдын даңкын жана аткан таңдын ак батасын кабылдашмайын алардын учугу уланбайт!


*«Анткени, мүмкүндүгү эле болсо, тандалгандарды да адаштыруу үчүн, жалган машаяктар жана жалган пайгамбарлар чыгат да чоң жышаандарды жана ажайып иштерди көрсөтөт. Мына, Мен силерге алдын ала айттым. Ошентип, эгерде силерге: «Мына, Ал ээн талаада«- десе барбагыла: «Мына, Ал жашырын үй бөлмөлөрдө»,- десе, ишенбегиле. Анткени, чагылган жарк-журк этип, чыгыштан батышка карай көрүнгөнүндөй Адам Уулунун келиши да ошондой болот».* (Матай 24:24-27)



Кыргыз жигит өз ашыгын ала качып кетүү үчүн капыстан келген сыяктуу эле Иса дагы дал ошондой чыгыштан капысынан келет. Сиз даярдыкта болосузбу же жүзүңүздү башкаларга буруп аласызбы?

## КЫРГЫЗ ТУУСУ

Кыргыз туусу менен улуттук символун Кыргызстандын бардык жеринен тапса болот. Кыргыздар өздөрүнүн ыйык символун шыргыйга илип көтөрүп коюшса, муну көргөн ар ким анын алдында тургандардын баары кыргызстанга жана кыргыз элине таандык экенин түшүнүшөт. Туу түбүндөгүлөр — кыргызстандын кол алдында. Иса биз үчүн өлгөндө Кудай аны да шыргыйга көтөрүп койду. Эми Кудайдын ыйык туусу — Машаяк менен анын ыйык курмандыгынын түбүнө келгендердин баары Кудайдын падышалыгына таандык болушат. А сен Кудайдын Падышалыгына таандык болуп жашагың келеби?



## КӨК ТУУРАЛУУ

*«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын ысмы менен.»*
(Коран 1:1)

Көктөн түшкөн Эгедерсиз Кудайдын адилеттүүлүгү менен ырайымын бул дүйнөнүн акылмандыгы бириктирип кармап тура албайт. Кудайдын адилеттүү соту ар бирибизден күнөөлөрүбүз үчүн кун талап этип, баарыбызды түбөлүк тозокко кетириши керек. Мындай болгондо ырайымсыз, бирок адилеттүү сот болмок. Кудайдын жеткилең ырайымы болсо баарыбызды актап жибермек да, көк асман алдында түбөлүк жыргап жашаганга уруксаат бермек, бирок анда адилеттүүлүк аксап калмак. Анда кантип Кудай жеткилең адилет, ошол эле убакта жеткилең ырайымдуу боло алат?

Кудай адилет сот. Ал баарыбызга күнөөкөрлөр катары өлүмгө өкүм чыгарып койгон. Бирок дагы бир Адилеттүү Сот болгон Машаяк өз ордун таштап, ырайымын төгүп бизге келди да, биз тарта турган жазаны өзүнө алды. Биздин ордубузга өлүмгө барды. Мына, ушул себептен ким Куткаруучуга ишенсе, кыяматтагы сотко барбайт. Бирок кимде ким ишенбесе, ал үчүн сотко баруугa өкүм чыгарылган, анткени ал Кудай Уулуна ишенген жок.

Көңүлүңөргө түйүп алгыла, күнөөлөрүбүз жана ишенбестиги биз үчүн көктөгү Кудай алдында төлөп бере турган эч нерсебиз жок. Жердин улуу байлыктары менен адам баласынын албан-албан



иштери, көлдөтүп төккөн мандай тери менен каны ыйык Кудайдын алдында чаң баскан чүпүрөктөй түккө турбаган нерсе. Көктөн түшкөн Адамдын ырайымдуу курмандыгы гана Кудайдын адилеттүүлүгү менен каарын басып, канаатандыра алат. Көктөн түшкөн Адам — Иса түптүз барып, Кудайдын адилеттүүлүгү менен ырайымдуулугун аралап өтүп, аларды өзүнүн өлүмү аркылуу бекем бириктирип, кармап турат. Кудай адилеттүү, ошону менен бирге эле ырайымдуу.

Түндүктүн жана керегенин айкашкан жыгачтарын кармап турган кайыш көк Кудайдын адилеттүүлүгү жана ырайымдуулугу тууралуу ушул чындыкты эсиме салат. өлтүрүлгөн көктүн адамы Иса сыяктуу, өлтүрүлгөн бейкүнөө жаныбардын терисине окшошуп кетет. Көк түндүктүн эки карама каршы таякчаларынын так ортосунан аралап өтүп, ушул таякчаларды жана боз үйдү бирге кармап турган сыяктуу Иса да өзүнүн айкашкан жыгачтагы өлүмү аркылуу Кудайдын акыйкаттарын бирге кармап турат. Иса — бул көктүн Теңири десем болобу? Кыскача айтканда Көкө Теңир.

## КУДАЙДЫН ҮЧ КУРМАНДЫГЫ

Үч маанилүү курмандык тууралуу Кудайдын жазылуу тарыхы бар. Биринчи маанилүү курмандык — Кудай Ибраимге өз уулу — Исхакты тоонун башында курмандыкка чал деп айтканда орун алган. Ибраим Кудайга моюн сунуп, тоого барып, уулун байлап, курмандык чалчу жайдын үстүнө жаткырып, союу үчүн кан-

жарды колуна алып, өйдө көтөргөн. Бирок Кудай аны токтотуп, баланын ордуна башка курмандыкты берген. Жана Кудай Ибраимди ишеними үчүн урматтаган. (Тооратагы Жаратылыштын башталышы китебинин 12-22 бөлүмдөрүнөн же Куран 37:99-13 аяттарынан бул окуя туура-луу окуп алсаңыз болот). Биз бул улуу курмандыкты ар жыл сайын Курман Айтта эске түшүрөбүз. Эгерде Кудай Исхактын ордуна башка курмандыкты жибербесе силер балким бул жарык дүйнөнү эч качан көрбөй калмаксыңар. Анткени көп окумуштуулар кыргыздарды Исхактын тукуму деп айтышат. Эсенкул Төрөкан уулу «Кыргыздын кыскача санжырасы» Кереметтүү курмандыгы үчүн Кудайга миң мертебе шүгүр.

Тарыхтагы кийинки маанилүү курмандык Муса пайгамбардын тушунда болгон. Муса Кудайдын тандаган элине эч бир кемчиликсиз козунун канын эшиктеринин кашектерине сүртүп коюну айткан. Кимдин эшигинде ушул кан белги турса жаналгыч периштеден корголгон. Жаналгыч алардын жанын алайын деп келгенде канды көрүп, ошол үйдөн жандап өтүп кетүүгө тийиш болгон. Бул окуяны окусаңар окшоштукту Кыргыз элинин кадыр түн майрамына айкалышаарын көрөсүңөр.

Көп кылымдар өткөндө жоош козудай болуп, адамзатка Иса өзү келген. Ал эки адам менен кошо тоо башында өлтүрүлгөн. Ибраимдин ордуна башка курмандык берилген сыяктуу Кудай биздин ордубузга өлүмгө баруу үчүн пайгамбарды өлтүргөн.



*Алла айткан бул сөздөрдү эстегин: «Эй Иса, албетте. Мен сени өлтүрүүчүмүн ...»* (Куран 3:55)

Биз өзүбүздүн күнөөлөрүбүз үчүн төлөй турган кунубуз жок. Эгерде Кудай Исаны силердин ордуңарга курмандык катары жибербесе, анда силер Асмандагы түбөлүк падышачылыктын нурун көрө алмак эмессиңер. Көргөн камкордугу үчүн Кудайга рахмат.

Ким Исанын каны менен курмандыгынын жаналгыч периштеден Мусанын курмандыгы сыяктуу коргой аларына ишенсе, анда ага ырайым көрсөтүлөт да, түбөлүк өмүр берилет. Үчүнчү курмандык — бул Иса. Ал тарыхтагы эң улуу курмандыктын орундалышы. (Кээ бир окумуштуулар Иса да Ибраим биринчи курмандыкты тартуу кылган тоодо курмандыкка чалынган дешет.)

Түндүк да сыртынан тоого окшошуп кетет. Анын ортосунда ушул азаптуу курмандыктын символдору бар. Боз үй болсо Курман Айт майрамдалчу жай. Андагы эшиктин кызыл түстөгү кашектери, керегелери, ууктары жана түндүгү Мусанын улуу курмандыгын эске салып турат. Ал Ала-Тоодогу бардык зыяратчыларга Кудайдын ырайымын жана биз үчүн чалынган акыркы курмандыкты эскертет.

Ушул акыркы күндөрдө чыныгы мусулмандарды, чыныгы христиандарды, чыныгы иудейлерди жана чыныгы Теңирчилик туткандарды бирге алып келүү үчүн Кудай боз үйдү кандайча колдонуп жатканын көрүп жатасызбы?

Түбөлүктүү боз үй бизге бул кыскача аңгеме

аркылуу көп нерселерди ачып бергиси келет. Бирок да мен өз зыяратчылык сапарымда бул купуя сырдын көп терендиктерине жете албадым.

## БИР КУДАЙ ЖАНА БИР ТҮНДҮК

*«Алла: «Эки кудайга пенделик кылбагыла! Болгону бир гана Теңир бар, Менден гана корккула!», деди.»*

(Коран 16:51)

*«Ыйса ага: -Бардык осуяттардын эң биринчиси: «Ук, Ысрайыл, Эгебиз, биздин Кудайыбыз-жалгыз Эге».*

(Марк 12:29)

*«Ошентип буркандарга багышталган тамактан даам сызуу тууралуу. Биз бул дүйнөдөгү буркандар дегеле тирүү жан эмес экенин жана бир Кудайдан башка кудай жок экенин билебиз».*

(1 Корунттуктарга 8:4)

*«Түбөлүктүн Падышасына, өлбөс, көзгө көрүнбөс бирден-бир Кудайга кылымдардан кылымдарга урмат жана данк болсун! Оомийин».*

(1 Тиметейге1:17)

*«Анткени Кудай бирөө. Кудай менен адамдын Машаяк» ортосундагы арачы да бирөө. Ал-адам кейпин кийген Ыйса Машаяк»*

(1 Тиметейге 2:5)

*«Кулак сал, Ысрайыл: Силердин Кудай Теңириңер-бир Кудай»*

(Мусанын бешинчи китеби 6:4)



Батыш зыяратчыларынын эң чоң ашууларынын бирин кыргыз түндүгүн кароо менен бирге жеңилдетүүгө болот. Түндүктөн биз Кудайдын мүнөзүнүн башкача жактарын көрө алабыз. Түндүк бирөө. Бирок бир түндүктөн биз үчтүн кайталанышын көрөбүз.

Кудай да бирөө. Кудайдан башка Кудай жок. Бирок бир Кудайдан үчтүн кайталанышын: Теңири Атаны, Машаяк-Кыдырды жана Ак рухту көрө алабыз.

Бул ой жаңы эмес. Куранда жана мусулмандардын эң негизги үч китебинде Кудай өзүн: *«Биз»* деп атайт. Бирок батыштыктар үчүн бул түшүнүүгө оор нерсе. Эгерде зыяратчылыгыңарда батыштан келген адам кошо жүрсө, анда гармониянын жаратылыштагы, музыкадагы, илимдеги, исскусстводогу жана коомдогу ушул түрүн көрө билүүсүнө көмөктөшкүлө. Силер, кыргыздар, батыштыктарга сапарындагы ушул оор үзүмүнөн өтүүгө жардам бере аласыңар. Алар бир нерседен анын көп кырдуулугун көрө алышсын үчүн касиеттүү комуздун үч кылын терип, чертип бергиле деп сунуш кылар элем. өзүңөрдүн ролуңарды аткарып, Кудайды жакшыраак түшүнүүгө аларга жардам бергиле. Башкаларга жардам берүү силердин зыяратчылык парзыңардын (вазифаңардын) бир бөлүгү.

Бир гана жараткан Кудай бар, дагы башка Кудайлар жок.

## ЖЕРДЕН АСМАНГА КӨЗ ЖЕТҮҮ

Бай Жакып менен Бакай атадай көк Теңирин түндүк аркылуу караган кыргыздар көктүн Теңири менен анын түбөлүк жарыгын көрүшөт. Кудайды Машаяк Исанын түбөлүктүү курман айты аркылуу караганыңарда гана анын пейилин көрөсүңөр жана түбөлүктүү мүнөзүн түшүнөсүңөр.


Түндүктө табылган Исанын айкаш жыгачын (курман айтын) четке каккан кыргыздар жана кыргыздардан башка элдер адамдардын философиялары менен бүтпөгөн диний мыйзамдарынын караңгылыгында түбөлүккө куурап, карайлаган бойдон кала беришет. Кыргыздар көп жылдарды түндүктүн аянынан алыста, караңгылыктын бүлбүлдөгөн нурларынын шооласында өткөрүштү. Бул карангылык кыргыз элинин күчүн жеп салды.

Зыяратчы адам Кудайдын жарыгына келгенде жаман иштерин ачыкка чыгарууга даяр болушу керек. Ошондо рак оорулуунун шишигин кескен хирург сыяктуу, хирургдардын Хирургу болгон Кудай жамандыкты силерден кесип ыргытат. Бирок, ошол учурда абдан чыдаш керек. Канчалык катуу ооруксунса шишик ошончолук жаман. Рухий шишик да ушундай.

Башыңарды көтөрүп, өйдө карагыла, бабаларыңар Жакып менен Манас сыяктуу көк Теңирин карагыла.



## ТҮНДҮГҮ БАСЫП КАЛГАНДАР



Кыргыздар: *«Кудай бизди жазаласа, түндүгүбүз башыбызга түшөт»* деп коюшат. Кудай ушул эле сыяктуу сөздү Машаяк Иса тууралуу да айтат. Иса калдайган оор аскадай болуп, ага ишенбегендердин башына түшүп, басып калат.

Эгер биз Машаяк Исанын жолун жолдобосок, анда тирүү түндүк — Машаяк Иса кайра келгенде башыбызга түшөт. Кудайдын Сөзү Исаны Кудайдын Козусу жана Арстан деп атайт. Иса — башчы. Ал аркылуу көрсөтүлгөн Кудайдын улуулугу менен сүйүүсүн зыяратчылар болгон биздин эсибизге салып туруу үчүн түндүк кыргыз элине берилген. Ыйык тоонун үстүндөгү Кудайдын майрамына келгендердин баары бул жакшылыкты көрүшөт. Бирок түбөлүк түндүктүн күбөлөндүрүүсүн четке каккан ар бир адам жана ар бир улут соттолот жана анын астында калат.

## КӨККӨ ЖЕТЕЛЕГЕН ЖОЛБАШЧЫ

Бир жолу Чолпонбек экөөбүз тоодо боз үйдө олтурганыбызда ал мага мындай деди:

— Кыргыздар өлгөн кишинин сөөгүн боз үйгө койгонунун себеби өлгөн адамды Кудайга боз үй узатсын деген максатта болушу мүмкүн деди. Мен анын жообуна таң калдым.

Машаяк Иса жаза жыгачка кадаларынын алдындагы түндө шакирттерине Атасы менен

бирге болуу үчүн асманга кетээрин айткан эле. Эми кереметтүү Кудайдын Сөзүндөгү башка сүйлөмдү карап көрөлүчү:

*— Эгем, кайда бара жатканыңды билбейбиз, анан кантип ал жакка алып барчу жолду билмек элек! — деп сурады Фома. Иса ага:*

*— Мен — жол, чындык жана өмүрмүн. Мен аркылуу болбосо, Атама эч ким бара албайт..., — деди.»* (Жакандын жакшы кабары китебинен)

Ошентип, боз үй дагы бир жолу бүткүл адамзат билүүгө тийиш болгон чындыкты символдоштуруп турганын көрөбүз: биз Кудайга өз күчүбүз менен жете албайбыз. Бизди өлүмдөн Кудай Ата менен бирге боло турган түбөлүк өмүргө өткөрө турган куткаруучу —Жол башчыга муктажбыз.

Чолпонбектин айткандарынан улам мындай тыянакка келдим: силер, кыргыздар, Кудайдын Сөзүнүн: (сиңирген эмгеги жана өз күчү менен) эч ким Кудайга бара албайт, деген жерин түшүнөт экенсиңер.

*«Кайра келем да мен болгон жерде силер да болушуңар үчүн силерди өзүмө алып кетем.»*

(Жакандын жакшы кабары китебинен)

## НУКТУН КЕМЕСИ

Бир күнү Дүйшөн имам мени Нух пайгамбардын кемеси жөнүндө эстетти. Ошол аңгеме Чолпонбектин Кудай үйү жөнүндөгү идеясын, Нуктун кемеси ырастай алат. Нуктун тарыхын эстесеңер:



*«Кудай адам баласынын ой-санаасынын баарынын жамандык экенин көрдү. Адамды жаратканына өкүндү. Адам аттуунун баарын топон суу менен жер бетинен кырып, жок кылууну чечти. Бирок Нук Кудайдын ырайымына ээ болду. Кудай ага төрт бурчтуу, чоң, бир сандык Кеме курдурду. Нук сандыкты куруп жатканда көп адамдар аны шылдыңдап күлүштү. Бирок ал Кудайга ишенчү, ошондуктан анын айткандарынын баарына баш ийип, аткара берди. Ал бир эшиктүү чоң сандык курду. Топон суу келер алдындагы акыркы жумада үй-бүлөсү менен жаныбарларды ошол сандыкка чогултту. Анан Кудай эшикти жапты. Жамгыр менен топон суу келгенде, сыртта калган адамдар үчүн кемеге кирүү кеч болуп калган эле. Эшик жабылып калган болчу. Сандыктын сыртындагылардын баары кырылды.»*

(Муса пайгамбардын Башталыш аттуу китебинен)

*«Биз асман дарбазаларын куюлуучу суу-сел менен ачып жибердик. Жана баардык жерден булактар чыгарып жибердик. Мына ошентип, суусу тагдыр кылып коюлган бир иш үстүндө учурашышты!»*

(Куран 54:11,12)

Сандыктын ичиндегилери өйдө көтөрүлүп аман калып, акырында бир тоонун чокусуна токтоп, ошол жерден жаңы дүйнөдө жаңы жашоо башташты. Сандык аларды эски дүйнөдөн жаңы дүйнөгө ошол бойдон өткөрдү. Ошол сыяктуу эле

Машаяк да бизди тозоктон сактап, пастагы жашоодон бейиштин чокусуна өткөрөт.

Балким, Кудай менен кыргыздардын көчүп жүрө турган, жашоого ийкемдүү үйдү тандаганынын себеби ушундадыр. Ал үй бизди төмөн жерден, көк асманга алып бара турган Машаяктын маанилүү транспорттук ролун символдоштуруп турат.

*«(Эй Мухаммад) Алла айткан бул сөздөрдү эстегин: «Эй Иса, албетте. Мен сени өлтүрүүчүмүн жана Өз жаныма көтөрүүчүмүн жана капырлардын жамандыгынан кутултуучумун, ошндой эле тээ Кыямат күнүнө чейин сени ээрчиген заттарды капырлардан жогору койомун»* (Куран 3:55)

## АК ҮЙ

*«Күнөө үчүн жаза — өлүм, бирок Кудай болсо бизге Эгебиз Иса Машаяк менен бирге түбөлүк өмүр сүрүүнү тартуулайт».* (Римдиктерге жазылган каттан)

Биз үчүн кымбат адамдардын бузулган табияты Кудай Падышалыгын мурастай албасын баарыбыз билебиз. Кудай ушунчалык таза жана ыйык — бир да жердик пенде анын алдында тура албайт. Мыйзамды бузгандардын баары кылмышкерлер, арамдар, оюу бузуктардын баары Кудай алдында бузукулар. Алардын арасында сиз да, мен да, туугандарыбыздын баары тең барбыз.



Өлгөн адамыңардын сөөгүн боз үйгө койгонуңардын себеби балким эгерде силердеги эң ыйык үй эсептелген боз үйгө коюлган жакын адамыңарды көргөн боорукер Жаратуучу ошол боз үйдүн ыйыктыгынын негизинде аны өзүнө кабыл алар деген үмүттөндүр. Абдан жөндүү. Жакын тууганыңар боз үйдүн ыйыктыгынын негизинде Кудай алдына барып, жанында тура алат.

Кыргыздын боз үйү менен салттары аркылуу бул дүйнөгө көрсөтүлгөн рухий образдар мага абдан жагат. Анткени түбөлүктүү Кудайдын айтканы боюнча баары бузулуп кеткен, ошондуктан бир гана жол — Иса Машаякта гана анын алдына барып, жанында тура алабыз. Ошондо, Кудай бизди соттогондо, бизден бир гана Машаяктын тазалыгын көрөт.

*«(Эй Мухаммад), ушул Китепте (Куранда) Мариямды эстегин: Ал өз үй-бүлөөсүнөн четке – күн чыгаар тарапка барып, алардан жашынып алган чагында Биз ага Өз рухубузду жибердик. Анан ал бүтүн (кемчиликсиз) адам болуп көрүнүп»* (Куран 19:17)

Машаяк ушунчалык ыйык болгондуктан аны менен жакын мамиледе болгондордун баарын Кудай абдан жакшы көрөт. Алардын күнөөлөрү кечирилип, толугу менен акталышкан. Аларды Кудай толугу менен өзүнө кабыл алган. Эмне үчүн? Анткени алар Машаяк менен жакын мамиледе. Машаяк асмандагы Атабыздын бизге берген белеги. Андан өткөн белек барбы?

Эгер Ак рух сиздин сезимиңиздин кылдарына тийип жатканын туйсаңыз, анда окуганды бир аз токтотуп, кылган эң оор күнөөңүз тууралуу ой жүгүртүңүз. Анан Курман айтта курман болгон Машаякка караңыз. Сиздин бардык күнөөлөрүңүздүн кунун төлөгөн ошол. Кудайдын каары ошого төгүлгөн. Исанын өлүмүнөн Кудайдын каары кайтып, моокуму канган. Чыныгы мусулмандардай Иса баарына толук моюн сунуп, момун болгондуктан Кудай аны кайра тирилтип, тактысынан орун берген.

*«Алла айткан бул сөздөрдү эстегин: «Эй Иса, албетте. Мен сени алуучумун жана өз жаныма көтөрүүчүмүн, жана каапырлардын жамандаганынан кутултуучумун, ошондой эле тээ Кыямат Күнүнө чейин сени ээрчиген заттарды каапырлардан жогору койомун.»*

(Коран 3:55)

Эми бороон-чапкындардан сизди калкалаган боз үй сыяктуу, күнөөгө малынган табиятыңызды Кудайдын сотунан Иса калкалап турат. Көрдүңүзбү, ал кандай сизди жакшы көрөт? Ишениңиз да Кудайдын үйүнө кириңиз.

## ЖАШЫРЫЛГАН

*«...Силер өлгөнсүңөр жана силердин өмүрүңөр Машаяк менен кошо Кудайда жашырылган. Силердин өмүрүңөр — Машаяк пайда болгондо, аны менен кошо силер да улуулукка бөлөнөсүңөр.»*

(Кудай сөзүндөгү Колоссалыктарга жазылгаттан)



*«Эх, Иерусалим, Иерусалим! Сен пайгамбарларды өлтүрүп, Кудайдын сага жиберген элчилерин таш бараңга алдың! Аттиң, жөжөлөрүн канатынын алдына жыйнаган тоок сымал, сенин балдарыңды чогултайын деп канча ирет далбас урдум. Силер каалабадыңар! Эми мына, үйүңөр каңгырап ээн калат. Силерге айтып коеюн: «Эгебиздин атынан Келүүчүгө урмат!» – деп айтаар убак келгиче мени экинчи көрбөйсүңөр!»*

(Инжилдеги Луканын жакшы кабарынан)

Ушул пайгамбарчылык сөздү айткандан көп өтпөй эле Иерусалимдик динчил жана саясатчылар Кыдыр- Исаны өлтүрдү. Бирок кырк жылдай өткөндө шаардын өзүнүн да таш-талканы чыкты. Кыдырды кабыл албай, анын үмөттөрүн ташбараңга алган Ооганстан менен да так ошондой болду. Кыргызстанга эмне болор экен? Кыргызстандын келечеги ак баталуу болушу же батадан ажырап, каргышка калышы силердин колуңарда. Ата-журтуңарга көктүн улуулугун бересиңерби же тозоктун согуштарынбы? Көктүгүңөрдү калтырып, Кудайдын калканычына келсеңер, түбөлүк өмүргө ээ боло аласыңар. Келгиле, Кудайдын калканычы менен тынчтыгына кирели, жана үч кылдуу комузубузду чертип аны мактап ырдайлы.

## ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮК

*«Өлгөн адамдын сөөгү алгач боз үйгө коюлушу керек, анткени боз үй тээ илгертен бери*

*ата-бабаларыбыз менен жашап келген жана келечектеги урпактар менен жашай бермекчи»* деген сөздү уктум кыргыздардан. Демек, силер утурумдук нерсени түбөлүктүү нерсенин ичине салат экенсиңер. өлүктү түбөлүк өмүр сүрүүчү нерсенин ичине чөмүлтөт экенсиңер. Демек, өлбөс боз үй өлгөн тууганыңарды толугу менен өзүнө сиңирип алсын деп үмүттөнөсүңөр.

Биз өзүбүздү түбөлүк жашоочу Машаякка салганыбызда да ушундай болобуз. Биз өзүбүздү түбөлүктүүлүккө салабыз.

*«... Биз, Машаяк Исага чөмүлдүрүлгөндөр, баарыбыз анын өлүмүнө чөмүлгөнүбүздү силер билбейсиңерби? Ошондуктан Машаяк Кудай Атанын улуулугу аркылуу өлүмдөн тирилгендей, биз да жаңы жашоо менен жашай алышыбыз үчүн анын өлүмүнө чөмүлүү аркылуу Машаяк менен кошо көмүлгөнбүз.»*

(Инжилдеги Римдиктерге жазылган каттан)

Силердин ата-бабаларыңардын боз үйү түбөлүк өмүрдү билдирет. Кыргыздар өлгөн адамдын сөөгүн үч күнгө боз үйгө койгонунун бир себеби ушунда. Ал эми өлүмдү талкалап, бейишке, Кудай менен түбөлүк тынчтыкка бара турган жолду бир гана Иса ачкан.

Көптөгөн батыштыктар 2000-жылды боз үйдө өткөргүсү келген. Кыямат кайым жакындап калды го деп чочулаарсыз. Бирок боз үй — бул Исанын модели гана экени эсиңизде болсун. Ал Кудайдын үйү. Балким Ала Тоого келип, боз үй сатып алуу сизге мүмкүн эмес, бирок ошондой болсо да сиз Исага чөмүлүп, түбөлүккө анын коргоосунда боло аласыз.



## ӨЗҮ ҮЧҮН ӨЛГӨНДӨР

Ыйык Жазмада: *«өзүңөрдү күнөө үчүн өлүк, бирок Машаяк Исадагы Кудай үчүн тирүү катары эсептегиле»* — деп жазылган. (Инжилдеги Римдиктерге жазылган каттан)

Толугу менен түбөлүктүү боз үйгө чөмүлүү үчүн адегенде өлүшүбүз керек. Тирүүлөр сыртта басып жүрүшөт. Биздин Машаякка чөмүлүүбүз туралуу да Кудай ушундай дейт. Машаякка толугу менен чөмүлүшүбүз үчүн өлүшүбүз керек, башкача айтканда күнөө үчүн өлүк болууга тийишпиз. Биздин ичибизде күнөө жашап жатса, анда Кудайдын биз үчүн жибергенинен сырттабыз. Күнөө үчүн өлүк болгонубузда гана толугу менен Машаякта боло алабыз жана Кудай бизди тирүү деп эсептейт. Кудай алдында күнөөгө өлүк болуу — бул мусулмандардын акыркы чечими. Ар бир чыныгы мусулман ушундай кылышы керек. Кудайды бардыгынан: азгырыктардан, табигый каалоолорунан, ал тургай өз өмүрүнөн да өйдө тутушу керек:

*«Эгерде биз Машаяктын өлүмүнүн бейнеси аркылуу аны менен кошулган болсок, анда кайра тирилүүсү аркылуу да сөзсүз аны менен кошулабыз. Анткени күнөөкөр табиятыбыздын жок болушу үчүн эски адамдык табиятыбыз аны менен кошо айкаш жыгачка кагылганын*

*биз билебиз, андыктан мындан ары күнөөнүн кулу болбошубуз керек, анткени ким өлгөн болсо, анда ал күнөөдөн бош. Азыр Машаяк менен кошо өлгөн болсок, демек аны менен кошо жашай турганыбызга да ишенебиз».*

(Римдиктерге жазылган каттан)

«Мусулман» деген араб сөзүнүн бир сонун мааниси Исанын мүнөзүндө. Иса өлгөнгө чейин, болгондо да ушунчалык басынып, кемсинип өлүүгө момундук менен тике басып барган. Анын бул момундугунан мусулмандар таалим алса болот. Ооба, биз Исадан үлгү алышыбыз керек. Мусулман жигиттер Исадан үлгү албаса, шайтандын колундагы куралга айланат да Кудай үчүн жаман үлгү болушат.

*«Аларга «Жер жүзүндө бузукулук кылбагыла» делинсе, «Биз түзөтүүчү-оңдоочубуз», дешет. Байкагыла, булар албетте бузукулар, бирок өздөрү муну сезишпейт».* (Куран 2:11-12)

## АРАЧЫ

*«Балакайларым, мен муну силерди күнөө кылбасын деп жазып олтурам. А эгер бирөөңөр күнөө кылып алсаңар, анда Кудай Атабыз берген адил коргоочубуз — Иса Машаяк бар. Ал биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилиши үчүн өзүн курман кылды. Биздин гана эмес, бүткүл адамзаттын күнөөлөрүнүн кунун төлөдү»*

(Кудай сөзүндөгү Жакан элчинин 1-катынан)



*«Ар бир жан өзү кесип кылган иштери себептүү (тозокто) кармалуучу. Жалгыз оң кол ээлери гана дептерлери оң колдорунан берилген бактылуу заттар гана тозоктон нажат табышат, куткарылышат.»*

(Куран 74:38,39)

Маанилүү чечимдерди коомуңардагы атактуу адамдарыңар боз үйдө чечип келишкен. Ооба, аксакалдар өкүм чыгара турган, элдин жашоосуна багыт бере турган жай — боз үй. Бул бир нерсени менин эсиме салат: ал — акыретте каерде боло тургандыгыңар чечиле турган Кудайдын сурак күнү.

Сурак күнүндөгү соттон кутулуш үчүн акыйкат арачыбыз (адвокатыбыз) жаныбызда болуш керек. Мисалы, көпүрө куруучулар эки өйүздү тең мыкты билиши керек. Ошонун сыңарындай адвокат да эки жактын тең талашын жакшы билүүгө тийиш. Кудай алдына келгенибизде, бу жашоодо кылган жаман иштерибиздин баарын айтып, Шайтан бизди абдан айыптайт. Ошондо баарынан кабардар болгон Кудайдан бизди коргоп кала ала турган күчтүү адвокатка муктаж болобуз. Эгерде мыкты адвокатыбыз болбосо, анда Шайтан бизди өз адамдары катары түбөлүккө жазалана турган жайга өзү менен бирге алып кетүү үчүн Кудайдан талап кылат. Жүрөк түпкүрүндөгү бардык купуя сырларды көрүп турган Кудай анын бийлигин таанып кеткениңерди билгенде, мыйзамдарынын эң эле кичинекей нерсесин бузганыңарды көргөндө, силерди күнөөкөр, кылмышкер, мыйзамсыздык, шайтандай

болгон каапыр деп жарыялайт. Анан шайтан менен бирге өчпөс отко сүйрөлүп кетесиң.

Бирок эгер соттун талабын төлөп койгон, Кудайдын ыйык мыйзамдарын билген, силердин күнөө алдында алсыз экендигиңерди түшүнгөн арачыга (адвокатка) өзүңөрдү ишенип тапшырсаңар, анда акыйкат коомдо түбөлүккө өмүр сүрөсүңөр деп мен кепилдикке өтө алам.

Эсиңерде болсун, Кудай менен силер жашаган жайдын ортосунда бир гана түндүк бар. Ал түндүк силерди жана силердин жашооңорду көрүп да билет. Ал асмандын шаан-шөкөттү көрүп да жана жердегини да билет. Ошонун сыңарындай Кудай менен силердин ортоңордо бир гана арачы (адвокат) бар. Эмненин адамдарга, эмненин Кудайга жагарын ошол билет. Кыяматтагы Кудайдын сурак күнү ошол гана жардам бере алат.

Анда эмне үчүн аны менен согушканды токтотпойсуңар?

*«Кудайды эч ким, эч качан көргөн эмес, аны менен бизди Атасына өтө жакын турган Уулу тааныштырды.»*

(Инжил: Жакандын жакшы кабарынан)

*«Бейбаштыгыңардын айынан Жараткан Кудайыңардан ажырадыңар; күнөөлөрүңөрдүн айынан ал силерди укпай, жүзүн жашырып алды.»*

(Исайя пайгамбардын китебинен)



# ТАЗА НУРГА ӨТҮҮ

*«Жараткан Эгебиз — Рух. Жараткан Эгебиздин Руху бар жерде эркиндик бар. Биз болсок баарыбыз ачык жүзүбүз менен, күзгү сыяктуу Теңирдин улуулугун чагылдырып, ошол улуулукка окшошуп, Эгебиздин Рухунун колдоосу менен улуулуктан улуулукка өтүп, өзгөрө беребиз»*

(Коринфтиктерге жазылган экинчи каттан)

Мага түндүктүн күндүн образын элестетип турганы жагат. Адамдар өрттөнүп өлбөй күнгө жакындай алышпайт. Ошонун сыңарындай биз, күнөөкөрлөр, өрттөнүп өлмөйүнчө Кудайга жакындай албайбыз.

Күнгө жакындоо үчүн биз өзүбүздүн табиятыбызды өзгөртүп, күн сыяктанган нурга айланууга тийишпиз. Ошонун сыңарындай Кудайга жакындоо үчүн биз өзүбүздүн табиятыбызды алмаштырып, Кудайдай таза болууга тийишпиз. Бирок эч бир адам өзүнүн табиятын алмаштыра албайт. Биз күндөй жарык нурга айлана албайбыз, ошондой эле Кудайдай таза боло албайбыз. Биз, Адам атанын балдары, Кудай болууга кудуретибиз жетпейт. Эч ким күнгө чыгып, аман кала албайт жана эч ким Кудайдын жанына жакындап барып, аман кала албайт.

Ушул проблеманы жеңиш үчүн көп адамдар адамдын фантазия оюнан чыккан жалган кудайларды, ибадатканаларды жана диндерди ойлоп табышты. Мындай философиялар менен диндер — идолдор. Адамдын оюнан чыккан мындай

кудайлар менен «нурларга» табиятыбызды өзгөртпөй туруп эле жакындасак болот. Бирок алар бизге залалын тийгизип келишкен жана тийгизип жатышат. Биз аларды таштап, Теңирдин чыныгы үйүндөгү Кудайдын алдына киришибиз керек.

## МОМУН КУДАЙ

*«Теңир бардык элдерден жогору, Анын даңкы асмандан жогору... Жогоруда тактыда отурган Ал асман менен жерге көз салып туруш үчүн, бийиктен эңкейет.»* (Забур 112:4,7)

Бактыга жараша Кудай, түбөлүктүү Рух, эч бир адам баласы жасай албаган образ жасап койгон. Ал өзүн кемсинтип, кызыл эт бөбөккө айланган. Бул кыргыз аталары Кыдыр-Машаяк деп атагандын өзү. Ал биз менен бирге болуу үчүн баарын таштап, жерге эңкейип келген. Биз жашаган дүйнөгө кирип, бизди өрттөп, өлтүрүп жибербестен жаныбызга келген, бирок ошону менен катар эле Кудай бойдон кала берген.

«Мындай болушу мүмкүн эмес!» — дээрсиң. Анда сен, Кудайдын колунан эч нерсе келбейт деп ойлойсуңбу? Кой, акылыңа кел, досум, ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө. Кудайдын эң акылсыз деп эсептелген оюу да сенин ашкан акылмандыгыңдан жогору турат, досум. Биз боз үй мусулманы бойдон кала берели. Боз үй мусулмандары — бийик үйдүн бийик акылмандыгына умтулгандар. Бир конуштан экинчи конушка



көчүүнүн оорчулугун көтөрө алган мусулмандардан бололу.

Асмандык киши экөөбүзгө окшогон динчил, саясатчыл адамдар тарабынан киши колдуу болгон. Эми Машаякты карагандар, анын улуу өмүрүнө аралашкандар, азаптуу өлүмүн бөлүшкөндөр, ошол көктөн түшкөн Адамдын табиятына окшошуп, өзгөрүшөт. Өзүңдү момундукка үйрөт да анын табиятына чумку. Айланаңдагы Кудай Атага момундук менен ишенгендер — кайра тирилген Машаяктын артынан ээрчип, кайрадан Кудай менен жана байыркы аталарыңар менен бирге бейишке кире ала турган мусулмандар.

*«Кыямат күнүнө чейин сен (Исаны) ээрчиген заттарды капырлардан жогору койомун. Кийин мага кайтасыңар.*

(Куран 3:55)

## КЫДЫР — ДАБАГЕР

Айыгуу максатында жайында жайлоого чыккан көп кыргыздарды билем. Жайлоонун таза абасынан жутуп, эттин семизинен жеп, кымыздын саамалынан ичип, боз үйдө жыргап жашап келишет. Бир эки жумадай ушул тынч, жанга жагымдуу эс алууда болгон адамдардын көбү ооруларынан кутулуп кетишет.

Пайгамбарлар жазмалары менен Курандан Исага айыксак экен деп көп адамдар барышканын окуйбуз. Кыргызстанда бүгүнкү күндө да көптөгөн адамдар айыгуу үчүн ага барып жаты-

шат. Ушул учурда да Исанын деминен кудурети менен сокурлуктан жана башка көптөгөн айыккыс дарттардан кутулган кыргыздар бар. Исанын Руху башкача айтканда азыр Борбор Азияда адамдарды айыктырып басып жүрөт.

## КУДАЙ УУЛУ

### Иса аларга мындай деп жооп берди:

*«Силерге бир чындыкты айтып коеюн: күнөө кылган адам күнөөнүн кулу. Ал эми Атасынын үйүндө кулу эмес уулу түбөлүк жашайт, анткени уулунун буга укугу бар. Ошонун сыңарындай, эгерде силерди Кудай Уулу эркиндикке чыгарса гана чындап эркин болосуңар»*

(Жакандын жакшы кабарынан)

Чөлдүк жана паста жашаган мусулмандардын Инжилдеги саптарындагы оор жерлери Исанын Машаяк экендигин, көктөн түшкөн Адам экендигин ж.б. жакшынакай атактарын айгинелеген сүйлөмдөр эмес. Алар үчүн түшүнүүгө оор болгон нерсе — бул анын *«Кудай Уулу»* деген атагы. Анткени алар боз үйдү урматтабаган калктар, ошондуктан ойлорун бир конуштан башка конушка көчүрүүгө кудуретсиз.

«Жок, жок, жок! Албетте Кудайдын аялы болгон эмес! Акылдан адашпа! Бирок, эстеп ал, биз акылман, сабырдуу болуп, бул атактын артында жашырылып жаткан кабарды изилдешибиз керек. Темабыздын аталышы болсо Машаяктын төрөлүшү тууралуу түшүнүк алууга жардам болуш үчүн берилген.»



*«Ошондой өз намысын сактаган аялды эстегин. Анан, Биз өз тарабыбыздан болгон рухту ага үйлөдүк жана аны уулу менен кошо бардык адамдар үчүн аят-үлгү кылдык.»*

(Коран 21:91)

*«Ошондой эле өз намысын сактаган аялды Марияm бинти Имрамды (мисал келтирдик). Мына ошентип Биз өз тарабыбыздан болгон рухту-жанды ага үйлөдүк. Ал Раббисинин сөздөрүн жана Китептерин тастыктады да, моюн сунуучулардан болду.»*

(Куран 66:12)

Инжил да, Куран да Исанын энесинин эркек менен байланышы болбостон кош бойлуу болгонун айтышат. Инжилде:

«Сенин үстүңө ыйык рух түшөт да сага Кудай тааланын кудуретинин көлөкөсү тиет. Ошондуктан төрөлө турган ыйык бала Кудайдын Уулу аталат».

Куран дагы:

«Кудай Мариямга демин үйлөгөндө ал кош бойлуу болду деп айтат.»

Экөө тең Исанын энесинин Кудай рухунан кош бойлуу болгондугун ырасташат. Демек, биздин түшүнүгүбүз боюнча Иса Кудай Уулу.

Аранарда боз үйдү сыйлаган мусулмандар бар болсо, алар чөлдөн келген мусулмандардын көңүлүн боз үйгө буруу аркылуу бул концепцияны түшүнүүгө жардам бере алышат.

Кыргыз салтына ылайык бейтааныш кыз аксакалдын уулуна турмушка чыкмайын анын үйүнө кирип жашаганга болбой турганын аларга айткыла. Уулунун колуктусу болбосо, анда ал жат, ошондуктан кош келиңиз деп кабыл алынбайт. Бирок эгер кыз аксакалдын уулуна турмушка чыкса, анда ал аксакалдын келини катары анын үйүнүн толук укуктуу мүчөсү болуп калат.

Түндүк менен керегени байланыштырып турган уук сыяктуу аксакал менен келинди уул байланыштырып турат. Уулдун аркасы менен келин дасторктондон тамактанууга, очоктон жылынууга, башпаанекке жана күйөөсүнүн жанында аксакалдын үйүндөгү жайда уктаганга укук алат. Баарын уул бир үй-бүлө кылат. Ууксуз түндүк менен керегенин ортосунда байланыш жок.

Эсиңерде болсун, рухий жактан ала келсек, адамзат келинге же болбосо керегеге окшош. Ал эми Кудай болсо аксакал же түндүк сыяктуу. Кудай бизди өзү менен бирге асманда болууга чакырып келди, бирок эгерде биз анын Уулундагы түбөлүк өмүргө келип, турмушка чыкпасак, анда сыртка ыргытылып, ыплас сойкудай жазага тартылабыз.

Эй досум, Кудайдын үй-бүлөсүнө кош кел. Айкөл Теңир атабыз кубанычы койнуна батпай, биз үчүн укмуш сонун той даярдап, күтүп жатат.



## МОМУН КЕЛИН

Бүткүл адамзатка ыймандуу келин сыяктуу момундук менен караган деңгээлге жетишкенибизде гана чыныгы Мусулман деген эмне экенин түшүнө алабыз. *«Мусулман»* деген араб сөзү *«Баш ийген адам»* дегенди билдирет. Кыргыздар мусулман болууну жоош-момун болуу деп сүрөттөшөт. Экөөсү тең жакшы.

Кыргыздын үрп-адатында чыныгы Мусулман деген эмне экенин келиндин мисалынан артык түшүндүрө ала турган мисал жок. Жакшы келин момун, тил алчаак. Үй бүлөсүндөгү улууларынын айтканын лам дебей аткарат. *«Керегеме айтканымда келиним угат»* дейт аксакал. Ушул келиндей болуп, биз да Кудайыбызга момундук менен баш ийгенибиз туура. Чыныгы мусулман — бул Кудайдын келини.

Башкалар — каапырлар. Жалган теңирлерге, туура эмес диндерге, керт башынын кызыкчылыгын гана көздөгөн каалоолорго, кара күчтөргө жана башка алдамчылыктарга өздөрүн берип салган рухий сойкулар. Ошондуктан адам инсан катарында ушунчалык ыйык, адилеттүү болуп, бирок Кудайдын Уулумду сүйгүлө деген осуятын четке какса, анда аны Кудай өзүнөн кыя чаап, рухий сойку катарында тозок отуна ыргытат.

*«Эми эгер ал жалган деген жаңылуучулардан болсо, ал учурда кайнак суудан болгон «Конок күтүү» жана тозокко киргизилүү бар!»*
(Коран 56:92-94)

Кудайдын үйүндөгү ордуңду орозо тутуп, ажылыкка барып, же намаз окуп, же чокунуп кайра сатып ала алам деп ойлобо. Кээ бир чет элдик дин окутуучулар айткандай Кудай капчыгы калыңдар үчүн ыйыктыкты сатып, базарда отурбайт. Сен чет элдик кудайларың менен төшөктө жаткан жериңден кармалгансың, эми эч нерсе кылып, Кудай алдында актана албайсың, болгону ырайым кылагөр деп жалынышың гана керек.

Чынында бүткүл адамзат Кудай алдында аялдын ролунда. Күйөөсүнүн алдында жоопкерчиликтүү келин сымал биз да Кудайыбыздын алдында жоопкерчиликтебиз. Бизди башкарган адамдар, кумарлуу ойлор, ичкиликтер, буюмдар, коркуулар, теңирлер эркектин ролунда. Алар бизди жетелешет, биздин үстүбүздөн бийлик жүргүзүшөт, бизди коргошот жана биз үчүн кам көрүшөт. Бир күйөөнү сүйүп, бир күйөөгө кызмат кылуу үчүн берилген кыз сыяктуу биз да бир Кудайды сүйүп, бир Кудайга кызмат кылуу үчүн жаратылганбыз. Убакыт тап да, булактын жанында олтуруп алып, кимдин келини болуп жүргөнүң тууралуу ой жүгүртүп көр. Кээ бир адамдар экономикадан, кара күчтөрдөн, каргыштардан коркуп жашаса, башкалары ач көздүк менен эгоизмдин жетегинде. Кандайдыр бир философия, дин коркунучу же ырым-жырымдар башыңа минип алган жокпу? А балким ачуу менен өч башкарып жүрбөсүн? Жок, сен Кудайдын гана рухуна жетелен. Чындап эле сени ким жетелеп жүрөт? Эмненин жетегиндесиң? Айтчы, сен кимдин келинисиң?



*«(Эй Мухаммад аларга) айткын: «Аны Рухул-Кудус (Ыйык Рух) Раббиң тарабынан чындык менен түшүрдү. Мусулмандардын кадамдарын бекемдөө үчүн, мусулмандарга хидаят жана куш кабар болсун үчүн түшүрдү.»* (Коран 16:102)

## СУЛАЙМАН ТОО

Дөөттүн уулу улуу Сулайман падышага окшогон Жакыптын урууларынын бири тоого чыгып, абдан көп убакыт бою сыйынганынан, эки тизеси тоонун чокусуна из калтырганы таң калыштуу эмес. Ыйык китептин элдери Кудайга жана чындыкка болгон изденүүлөрүндө абдан олуттуу болушкан. Сулайман атасынын Сион жөнүндө, адам Кудай менен кездеше ала турган Теңирдин тоосундагы боз үй жөнүндө ырдап жатканда көп жолу кулак салып, уккан болуш керек. Эгерде Сулайман Тоодогу ошол издер чындап эле Сулайман падышанын тизесинен калган болсо, анда анын эмнени издегенин биз билебиз. Манастын ак баталуу балдары, карасаңар, Кудай сөзүнүн кап ортосунда Сулайман өз китебине эмне деп жазып койгонун:

*«Алтын издегендей, катылуу кенчти издегендей, акылмандыкты издей турган болсоң, ошондо сен Жараткандан коркуу деген эмне экенин түшүнөсүң. Кудайдын ким экенин сезесиң. Анткени акылмандыкты Эгебиз берет, таза билим менен нак акыл да ошонун сөзү аркылуу келет».*

(Кудай сөзүндөгү Сулаймандын накыл сөздөрү китебинен)

Силердин көп уламышыңар Сулаймандын Кудай сөзүнөн окуп, билип алгандары менен дал келет. Балким, чындап эле ал тоонун чокусунда туруп алып, Кудайдан акылмандык сурап, Теңирдин жүзүн издегендир. Ошол сыяктуу бүгүнкү күндө Кудайды издегендер барбы?

Тоодогу Сулаймандын издери Исаны эске салат. Иса да көп жолу жалгыз калып, Теңири атасына сыйынуу үчүн тоого баргандыгын эстетет. Бүгүнкү күндүн көптөгөн динчил адамдары сыйынуу үчүн адамдардын көзүнө көрүнө турган жайларды тандашат, бирок бул бийик мусулмандарынын жолу эмес.

*«Сыйынганыңарда эки жүздүүлөрдөй болбогула! Алар элге көрүнүү үчүн синагогаларда (мечиттерде,чиркөөлөрдө, сыйынуу үйлөрүндө), жолдордун тоомдорунда (көрүнөө жерлерде) туруп алып, сыйынганды жакшы көрүшөт. Чын айтам: алар сыйлыктарын алып бүтүштү. А сен болсо сыйына турган болсоң төркү үйүңө кир да жашырын жердеги Атаңа сыйын, ошондо жашырын жерден сени көрүп турган Атаң сага сыйлыгыңды берет. Сыйынганыңарда кудайсыздарга окшоп, маанисиз сөздөрдү кайталап, маңыздана бербегиле. Алар «узак сыйынсак Кудай бизди угат» деп ойлошот. Силер аларга окшобогула. Силердин Атаңар муктаждыгыңарды андан сурай элегиңерде эле билет. Ошондуктан силер мындайча сыйынгыла:*
*Биздин Асмандагы Атабыз.*
*Сенин ыйык Ысмың кастарлансын!*
*Сенин Падышачылыгың орносун!*



*Сенин эркиң көктөгүдөй эле жерде да аткарылсын!*
*Күнүмдүк наныбызды берегөр!*
*Бизге карыздарды кечирип жатканыбыздай, сен да биздин сага карыздарыбызды кечир»*

(Матайдын жакшы кабары китебинин)

Мен силерге бир кеңеш берейин: сыйынуу үчүң тоого чыкканыңарда, же, үйгө киргениңерде, Сулайман менен Исадай көздөн далдаа жерге баргыла да бардык актыктын атасы болгон Теңири атага сыйынгыла.

## СУЛАЙМАНДЫН МАХАБАТ ЫРЫ

Кудайдын элинин байыркы-байыркы Ыйык Китебинде *«Эң мыкты ыр»* аттуу китеп бар. Бул китепте дээрлик бүткүл дүйнөгө белгилүү махабат ыры жазылган. Бул китепте Сулаймандын сүйгөн кызы сүйгөнүнө болгон махабаты жүрөгүнө батпай ташкындап турганда мындай дейт:

*«Токойдогу дарактар,*
*Арасында алма бак.*
*Топ жигиттин ичинен*
*Ошол бактай сүйгөнүм.*

*Көлөкөсүн пааналап,*
*Олтурганды сүйөмүн.*
*Жемишинен ооз тийсем*
*Кандай ширин ах чиркин.*

*Сүйгөнүм мени киргизди*
*Үйдө жаткан той өтүп,*
*Желбирете үстүмөн*
*Махабат туусун көтөрүп.»*

(Кудай сөзүндөгү Эң мыкты ыр китебинен)

Бул ырды окуганыбызда Сулайман менен анын сүйгөнүнүн ортосундагы махабаттын ысыктыгын сезебиз. Бирок Ыйык Китеп бардык мундардагы бардык элдерге түбөлүктүү кабарды жеткиргендиктен, ошондой эле Сулайман өзү келечекте келе турган Машаяктын көлөкөсү, же болбосо прообразы болгондуктан, мен бул романтикалуу сүйүүнүн Кудайга жана анын биз менен болгон мамилесине кандайча байланышы бар экенин көргүм келди. Эгерде Сулайман Машаяктын прообразы, ал эми мусулмандар, же ишенүүчүлөр болсо анын сүйгөн кызын билдирсе, анда Машаяктын бизге алып келе турган той үйү кайда? Үстүбүздөн желбирете көтөргөн махабаттын белгиси бар туусу эмнени билдирет?

Түн ортосунда курсагым айрылгыча тамактанып алып, ичим жарылып кетчүдөй сезилип олтурдум. Жүзү алоолонгон кызымтал кыргыз аксакал табагыма дагы бир үйүм бешбармакты салып жатты. «Же», — деди ал. Той кандай сонун. Курсагымды кармап, очоктогу оттун жарыгынан көрүнүп турган түндүктөгү Курман Айттын белгисин карадым. Ошол маалда мен да:

*«Токойдогу дарактар,*
*Арасында алма бак.*



*Кожоюндар ичинен*
*Ошол бактай Кудайым.*

*Көлөкөсүн пааналап*
*Олтурганды сүйөмүн,*
*Жемишинен ооз тийсем*
*Кандай ширин ах чиркин.*

*Кудайым мени киргизди*
*үйдө жаткан той өтүп,*
*Желбирете үстүмөн*
*Махабат туусун көтөрүп»*, — деп айтаар элем.

## КУДАЙДЫН СҮЙҮҮСҮ

Машаяк Иса адамдарга эки эле жөпжөнөкөй осуят калтырган:

*«биз чын жүрөктөн, бүткүл акыл-сезимибиз менен, күчүбүздүн барынча, бүт жан-дүйнөбүз менен Кудайды сүйүшүбүз керек. Ошондой эле өзүбүздү өзүбүз кандай сүйсөк, жаныбыздагыларды да ошондой сүйүшүбүз керек».*

(Матайдын жакшы кабарынан)

Иса биз муну кандайча аткарууну көрсөтүп кеткен. Ал биз ала турган жазаны өзүнө алып, өмүрүн биз үчүн кыйган.

*«Адам баласынын досторуна көрсөтүүчү эң зор сүйүүсү – бул алар үчүн жанын курман кылуусу».*

(Жакандан)

Бизди сүйгөндүгүн көрсөтүү үчүн Кудай мындан артык дагы эмне кыла алмак эле? Ниетибизди өзгөртүп, азыр эле тобо кылып, ага ишенишибиз керек эмеспи? Азыркы убак адамзат үчүн алар Кудайды сүйө турган, анын той үйүнө кайра кире турган убак.

## АДАМДАРДЫ СҮЙГҮЛӨ

Улуу Курман Айтта айкаш жыгачтагы бейкүнөө козунун төгүлгөн каны аркылуу Кудай биздин күнөөлөрүбүздү кечирип койгондой, биз да башкалардын бизге карата кылган күнөөлөрү менен каталарын кечиришибиз керек. Адамзат сүйүүгө зар. Кудайды чын жүрөгүнөн сүйгөн адамдар, душмандары үчүн да кам көрөт.

*«Желбирете үстүмөн сүйүү туусун көтөрүп»* дейт Сулаймандын ашыгы. Түндүк Кудайдын сүйүү туусун көрсөтүп турат. Түндүк элдешкис уруулар менен, айыгышкан жоолорду бириктирип турган нерсе. Кудуреттүү Кудай биз анын кас душманы болуп жүргөнүбүздө эле бизди кечирип койгонун эстесек, биз да башкалардын бизге карата кылган жамандыктарын оңой кечире алабыз. Курман Айттагы айкаш жыгачта адам Кудай менен жана адам адам менен биригет. Айкаш жыгач чачылгандар жыйналып, үзүлгөндөр уланып, туугандык мамилелер айыга турган жай. Түндүктү кыргыздар да ушундай дешет. Түндүк асман менен жердин тогошкон, түйүлүшкөн жери. Адамзаттын элдешкис урууларын бириктирип, байлап турган жайы. Ошондуктан түндүктөгү айкаш жыгач бүткүл түндүккө



тиешеси бар экени таң калыштуу эмес. Ушул жерден токтоп, азыр эле Кудайга кайрылып, аны менен болгон мамилеңиздин кандай экенине көз салып алсаңыз кантет? Кана, анда эмесе окуганды бир азга токтотуп, Машаяк буйрук кылгандай: *«Кудайды чын жүрөктөн, бүткүл акыл-сезимиңиз менен, күчүңүздүн барынча, бүт жандүйнөңүз менен сүйүңүз.»*

## КЫЗ ЖАНА АНЫН АТАЛЫК ҮЙҮ

Силердин салт-санааларыңар бизге акыйкаттын ар тарабын ачып берет. Кыз ала-качуу салтынын башаты Кудай Уулунун мисалында жатат деп ойлойм. Тилекке каршы бул салт кыргыз тарыхынын кайсыл бир булуңунда бузулуп кеткен.

Бул салттын түп нускасы Машаяктын адамзат менен болгон байланышында. Иса, Теңир Уул жерге адам кейпин кийип келген. Адамдар менен адамча сүйлөшүп, боорукердигин, мээримин жана кудуретин көргөзгөн. Көп адамдар анын ким экендигин түшүнүү үчүн келишип, түбөлүккө аны менен бирге болууну чечишкен. Карасаңыз, Атасынын үйүнө кеткенге чейин ал өзүнүн үмөттөрүнө эмне деген:

*«Кайгырбагыла! Кудайга ишенгиле, ошондой эле мага да ишенгиле. Көктөгү Атамдын үйүндө жай көп. Андай болбогондо, силер үчүн жай даярдаганы баратам деп айтмак белем? Барып, даярдап бүткөн соң кайтып келем да мен болгон жерде силер да болушуңар үчүн жаныма алып*

*кетем» жана «Теңирдин күнү ууру сыяктуу келет».*

(Жакандын жакшы кабары китебинен)

Ал келген да адамзатка өзүн жана мээримин ачкан. өзүбүздү жеңип, аны менен бирге «чыныгы турмушка чыгышкан» азыр бизде мүмкүнчүлүк бар.

*«Жанын аяган, андан айрылат, ал эми мен үчүн өмүрүнөн айрылган, аны кайра табат»*

(Матайдын жакшы кабарынан)

Иса жакшы кишиге турмушка чыккан кыздын келечеги кандай болорун сүрөттөйт. Кыз күйөөсү үчүн кыздык жашоосун жоготот да, күйөөсү менен бирге жаңы жашоону табат.

Иса өлүп, анан өлүмдү жеңип, кайра тирилгенин эстеңиз. Андан соң асманга чыгып, Атасынын жанына тактыга олтурган. Бирок кетээринде кайра келип, өзүнө ишенгендерди Атасынын үйүнө өзү менен бирге алып качып кетүүнү убада кылган.

Кайсы күнү кайрылып келерин билбесек да, анын бир кезде келерине ишенебиз. Ал бизди алып кетүү үчүн келет.

*«Ошондо асманда Адам Уулунун белгиси пайда болот. Жер бетиндеги элдердин баары өкүрүп, ыйлап, улуу кудурет жана салтанат менен көктөгү булуттарда келе жаткан Адам Уулун көрүшөт. Катуу тартылган сурнайдын коштоосунда ал периштелерин жиберет. Алар*



*төгөрөктүн төрт бурчунан Кудай тандап алган адамдарды чогултушат»*

(Матайдын жакшы кабарынан)

Теңир Уулу менен чогуу жашай турган жайга алынуудан артык бир нерсе барбы? Бизди алып кете турган андан артык кожоюн. Ал бизди алып бара турган Кудай Атанын үйүнө эч кандай үй тең келе албайт. Кудай ушунчалык сонун.

Ошондуктан кыз ала качуу салтыңарды сактаганыңар оң, бирок алгач ала кача турган колуктуңардын кыз экенин жана анын макул экенин тактап алгыла. Анан досторуңду чогултуп кызга билгизбей келип, атаңардын үйүнө ала качкыла. Иса да келечекте ушундай кылат.

## КӨЧМӨН РУХ

*«Ким мага кызмат кылгысы келсе, мени ээрчисин. Мен кай жерде болсом, кызматчым да ошол жерде болот. Ал эми мага кызмат кылганды Атам сыйлайт»*

(Жакандын жакшы кабары китебинен)

Кудай рухунун жетегинде болуу үчүн Ибраим, Исхак жана Жакып пайгамбарлар көчмөн жашоону тандаганын эстеңиз.

Азирети Муса пайгамбардын тушунда, Кудай тандап алган элин аларга берем деп убада кылган жерге жетелеп баратканда адамдар чатырларда жашашкан. Анткени Кудайдын рухунун артынан калбай ээрчүү үчүн ушундай женил жана тез жыла турган үйлөр керек болгон.


Бүгүнкү күндө көптөгөн элдер бул жалган дүйнөнүн азгыруучу рухтарын ээрчигенди жакшы көрүшөт. Байлык менен куру убадалардын шаарларынын жылтырак-жултурактарына алып бараткан жолдорго түшүп алышкан. Сапарыбыз аяктады деп мактанган текебер кишилердей мурдуларын асманга көтөрүп, өздөрүнүн диндери менен философияларына жармашып, көшөрүп олтурушат.

Күндөлүк жашоосунда Кудайдын рухунун багыттоосуна толугу менен көз каранды болгон адамдын рухий жашоо стилине чатыр менен боз үй гана мисал боло алат.

Сизди Кудайдын руху жаңы конушка алып бара алышы үчүн Кудай менен мамилеңиз жакшы болуш керек. А сиздики жакшыбы? Же жүрөгүңүздө Кудай менен өзүңүздүн ортоңузга таш дубал тургузуп алгансызбы?

## БОЗ ҮЙ

Макулдашканыбыздай Кудайдын Тирүү Сөзүндө Машаяк Мусулмандар үчүн айтылган улуу сырлардын бирин ачып көрсөтүүгө уруксат этките.





*«Силер Кудайдын ибадатканасы экениңерди жана Кудайдын Руху силердин ичиңерде жашап жүргөнүн билбейсиңерби?»*

(Коринфтерге жазылган 1-каттан)

Чыныгы мусулмандардын денеси Жыйналыш Чатырынын ичиндеги жыйналыш чатыры сыяктуу. Биз Машаяктын ичинде жашап жүрөбүз, ал эми Кудайдын Руху болсо биздин ичибизде жашап жатат.

Кудай силерди өзү менен тууғандык байланышта болуу үчүн жараткан. Силердин жогорку кеңешиңер да Кудайдын силер менен жолугуша турган Жыйналыш Боз Үйү болсун үчүн жаратылган. Эсиңерде болсун: машаяк мусулмандарга Кудай менен кездешүү үчүн алыстагы ыйык шаарларга, же заңгыраган диний имараттарга барууну мажбурлайт. Машаяк мусулмандар Кудайга каалаган жеринде табына алат, анткени алар Машаяк менен жакын мамиледе болушса, Кудайдын руху дайыма алар менен бирге болот.

Рухий Мусулмандардын денелери Кудай рухунун жетегиндеги сапарыбыздагы биз жашоочу боз үй сыяктуу. Жер бетиндеги бул жашообузда ал кайда жетелесе, ошол жакка кете беребиз. Биздин боз үйүбүз (денебиз) жылып жүрөт, бирок жаныбыз андан чыкпай, жашай берет. Каза болгонубузда ак кийим кийинип, Кудай менен түбөлүк бейиште бирге жашоо үчүн жаныбыз бул денени (боз үйдү) калтырып, чыгып кетет.

Муну Кудай Сөзү жакшыраак түшүндүрө алат. өз балдарына берген Кудайдын түбөлүктүү ак сөзүнүн мына бул жерине көз салсаңар:

*«Көзгө көрүнгөн нерселер убактылуу, ал эми көрүнбөгөн нерселер түбөлүктүү. Анткени биз билебиз: жердик үйүбүз болгон мынабул чатырыбыз кыйраганда, Кудай тарабынан берилген, кол менен салынган эмес, көктө түбөлүккө туруучу башка үйүбүз бар. Ошондуктан көктөн бериле турган жашоочу жайыбызга кирүүнү көксөп, бул чатырда ушкүрүнүп, онтоп жүрөбүз»*

(Коринфтиктерге жазылган 1 – каттан)

Биз бул дүйнөнүн көчмөндөрүбүз. Денебиз болсо биз жашаган боз үйлөрүбүз. Ибраим, Исхак жана Жакып сыяктуу биз да көрүнбөгөн Кудайга жана анын ишеничтүү убадаларына жетебиз.

## СИЛЕРДИН УЛУТТУК ТАГДЫРЫҢАР

*«...Кудайга кызмат кылуу жана аны сүйүү үчүн өздөрүн Теңирге тапшырган чет элдиктердин балдарын да, ооба, ал тургай ошолорду да мен өзүмдүн ыйык тоомо алып келип, сыйынуу үйүмө киргизип, кубанычка бөлөйм. Менин курмандык чалчу жайымдагы алардын өрттөө курмандыктары менен жөнөкөй курмандыктарын кабыл кылам. Анткени менен үйүм бардык улуттар үчүн сыйынуу үйү деп аталат»*

(Исаия пайгамбардын китебинен)

Кудай кыргыздарды башка бардык улуттардын куткарылышы үчүн өзү менен бирге сыйынууга кошкусу келет. Мен буга терең ишенем. Сыягы, Кудай жөпжөнөкөй кыргыз чабандарын



тандап, аларды башка элдерди кайра жаралтуу үчүн жана өзүнүн ыйык кызматчылары кылуу үчүн улуу сапарга жиберүүгө камынып жатат окшойт.

Силер Түбөлүктүү Атабыздан бардык элдерге ырайым кылуусун сураган Кудайдын үйүндө жашаган анын балдары болушуңар керек. Ошондо силердин балдарыңар да Теңирдин ырайымы менен күнөөлөрдүн кечирилишин жер четине чейин жарыялаган кабарчылардан болушат.

Жакыптын балдары, ордуңан тур, чыңал. Байыркы Күндөрдүн чакырыгына, илгерки Кудайыңдын үнүнө кулак салып, ага баш ий.

*«Кудай үйүнө чакырылгандар көп бирок тандалгандар аз»* дейт Машаяк.

*«Кубаттуу Теңир биз менен, Жакыптын Кудайы биздин коргоочубуз».* (Забур китебинен)

## КУЛ

*«Иса аларды өзүнө чакырып алып, мындай деди:*

өкүмдар өз элине өкүм кылышып, увазирлери үстөмдүк кылышарын билесиңер. Силерде мындай болбосун! Араңардан улуу болгусу келген адам силердин кызматчыңар болсун, биринчи болгусу келген кулуңар болсун. Адам Уулу адамдарды өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, өзү кызмат кылып, көп адамдар үчүн өз өмүрүн кун катары төлөп берейин деп келген. Силерде да ушундай болсун»

(Матайдын жакшы кабарынан)

Кудай адамзатка кызмат кылганды жакшы көрөрүн, басынтылгандарды өйдө кылгысы келерин адамдар билишпейт. Кудайдын адамдарга кызмат кылууга даярдыгын, анын ырайымы ошого жетээрин көрө албагандар, анын чыныгы улуулугун али көрүшкөн эмес. Алар али караңгылыкта. Иса башкаларды кызмат кылдыруу үчүн эмес, өзү кызмат кылуу үчүн келгенин жана кийинчерээк Кудай-Эге анын зоболосун көтөргөнүн эстегиле. Ошондой эле боз үй да башкаларды өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, башкаларга кызмат кылуу үчүн жасалган. Ошондуктан анын да зоболосу көтөрүлүүдө.

Өзүнө кызмат кылдырууну жана табынууну талап кылган үйлөр, имараттар, мечиттер, чиркөөлөр жана ибадатканалар сансыз көп. Алтургай силердин саясий имараттарыңар менен билим берүү мекемелериңер да чөнтөгүңөр менен жардамыңарга муктаж болгондой сезилет мага. Адамдар жыл сайын ушундай имараттарга барышып, акчаларын, алкыштарын, белектерин тартуулашат жана аларга кызмат кылышат. Бирок бул имараттар адамзатка жардам берүү үчүн эмес, адамдарды өзүнө кызмат кылдыруу үчүн тургузулгандай. өзүнүн урматы үчүн орнотулган белгилүү эрежелерди адамдарга таңуулоо үчүн жаратылгандай. Оштогу кырсыктан улам миңдеген адамдар үйлөрүнөн ажырап калганда бул имараттар аларга жардам беришкен эмес. Мындай имараттар чарчап-чаалыккан жолоочуларга жылуулук берип, нан-чайын алдына коюшпайт. Боз үй менен чатыр гана өзгөлөргө кызмат кылып, жардамын аяшкан эмес жана аяшпайт.



Муктаж болгондорго берген жардамы аркылуу кыргыз боз үйү адамзаттын көңүлүн жер бетиндеги эң табышмактуу Инсанга буруууда. Ал Инсан бизди адам баласын муктаж боло турган нерсенин баары менен камсыз кылган.

## КУДАЙДЫН АКЫРКЫ ҮЙҮ

Кудайдын эпикалык китебиндеги акыркы китеби *«Аян»* деп аталат. Аяндын акыркы аяны төмөндөгүдөй кереметтүү сөздөр менен башталат:

*Жана мен асмандан катуу үндү уктум, ал мындай деди: « Мына, Кудайдын чатыры адамдар менен бирге, жана ал алар менен жашайт, алар анын эли болот, Кудай өзү алар менен болуп, алардын Кудайы болот.»*

Кудайдын алачыгында аны менен түбөлүк бирге болгуңуз келеби?

Ал эми андан башка бир гана жол бар — оттуу тозокто түбөлүк күйүү.

*«Коркоктор жана ишенимсиздер, жамандар жана бузуктар, сыйкырчылар, буркандарга табынуучулар жана бардык жалганчылардын жазмышы-күйүп жаткан күкүрт көлдө болот, бул экичи өлүм» жана«Алланын аяттары тууралуу талашып-тартыша турган кимселерди көрбөдүңбү? Каякка бурулуп кетишүүдө ия? Китеп-Куранды жана Биз пайгамбарларыбыз менен жиберген нерселерди-Китептерди жалган*

*деген кимселер жакында билишет. Ошондо алар моюндарына кишен жана чынжырлар менен кайнак суу тарапка сүйрөлүшөт, андан соң от-алоодо жандырылышат».*

(Куран 40:69-72)

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАШОО

Бул оор мыйзамдар Кудайдын ким экендигинин сырларын билүүдөн бизди оолактатат. Кудайдын Сөзүн ачык окуганга мүмкүнчүлүгү бар элдер бар. Алар ишенбестигинен улам ыймансыз элдерден болушу ыктымал, бирок алар эски, катып калган адамдык ойлордон өйдө ойлонуунун жолун таап, ой жүгүртүүлөрүн бир кыйла өнүктүрүүгө жетишкен элдер. Көчүп жүрө ала турган боз үй сымал алар да адамзаттын эски конуштарынан илимдин, технологиялардын жана искусствонун жаңы жайыттарына көчө алышат. өмүр сөзүн окууга калкына уруксат кылган элдер илим жана технологиянын өнүгүшү боюнча дүйнө элдеринен алдыда экенинин бир себеби ушунда.

Мен бул өлкөлөрдү башкалардан жакшы же адилет деп эсептебейм. Алар болгону өздөрүнүн ой-жүгүртүүсүн кыймылдагыс идеялардын түрмөсүнө камалышынан сактап калышкан.

Эгерде сиз адамдардын, саясатчылардын, философтордун, диндердин ж.б.у.с. таштай катуу концепцияларына мындан ары канааттана албай калган болсоңуз жана кудуреттүү Кудайдын улуу, чексиз табиятын изилдегиңиз келсе,



анда өзүңүздү Кудай Рухунун жетегине салып, анын Сөзүн окууну уланта бериңиз.

## ТАР ДАРАБАЗА, ИЧКЕ ЖОЛ

***«... аны тапкандар аз.»***

Бул китепти жазууга сүңгүгөн сайын мындан улам чыгышы ыктымыл болгон талаш-тартышты катурак сезе баштадым. Бирок ушул кыйын-кезең убакта силерди, кыргыздарды, диниңерди сатуудан жана кыргыздын жан-дүйнөсүнүн андан ары бузулуудан сактап калуу үчүн бул талаш-тартышты Кудай атайын жаратты деп ишенем. Кудай көп убакыт бою силерди өз эркиңерге койду. Жардам өзүңөрдөн, чыгыштан, батыштан, түндүктөн жана түштүктөн келбей турганын билүүгө жетээрлик убакыт бою өз күчүңөргө таянып, өз аракеттиңердин сормо сазында жанталаштыңар. Жакыптын кандай сыйынганын эстегиле; *«ал түндүктү карап, көк Теңирине сыйынган.»* Силер да үмүттөнгөнүңөрдү көктөн алууга муктажсыңар.

Ибраим ата да силердей абалда болгон. Ал уулдуу болосуң деген Кудайдын убадасын билген. Көп жылдар бою күтүп, бул убада ишке ашпаган соң бул маселени аялы менен бирге өз алдынча чечкиси келген. Кемпири Саранын тилине кирип, анын күңүнүн койнуна кирип, кийин ошондон балалуу болушкан. Балага Ысмайыл деген ат коюшкан. Ысмайыл кийин улуу Араб элинин түп атасы болуп калды. Анын үйү чөл үйү катары сүрөттөлөт. Анын үйү Кудайдын ишин бүтүрүүгө далалаттанган адамдык аракеттердин

белгиси (символу). Бул үйдөгүлөр өздөрүнүн адилдиги жана сооп иштери менен Кудай алдында актала алабыз деп ойлошот.

Бул окуядан бир нече жыл өтүп, Ибраимдин өз аялынын боюна бүтүп, ал Кудай убада кылган уулду төрөгөн. Ага Исхак деген ат коюшкан. Исхактын үйү — көчмөндөрдүн чатыры. Ал Кудай Рухунун ишинин натыйжасында жаралган ишенимди символдоштуруп турат. Бул үйдөгүлөр Кудайдын ырайымы жана Машаяктын толугу менен бүтүргөн иши аркылуу Кудай алдында акталабыз деп ишенишет.

*«Мариямдын уулу (Исаны) жана анын энесин аят белги кылдык жана экөөнү бир агын суулуу бийик жайга жайгаштырдык».* (Куран 23:50)

Бүгүнкү күндө кыргыз элинин алдында Кудайдын эки үйү турат. Экөөсү тең бир пайгамбар менен бир жолду көрсөтүшөт. Бирөөсү ата-бабаларыңардан калган жол болсо, экинчиси чет элдиктер көрсөткөн жол. Кайсы жолго салууну жана кайсыл үйдө жашоону азыр чечишиңер керек.

Көп учурларда көп нерселердин ички маңызы үстүртөн көрүнгөндөй эмес. Чыныгы мусулман адам, адамдардын артынан ээрчибейт. Ал Кудайдын артынан ээрчийт:

*«Ант болсун, эгер сен Китеп берилген адамдарга бар болгон мөжизалардын баарын келтирсең да алар кыбылаңа ээрчишпейт-карашпайт. Сен да алардын кыбыласына кароочу эмессиң. Алардын өздөрү да бирөөсү бирөөсүнүн кыбыласына кароочу эмес. Ант болсун, эгер, сага келген чыныгы билимден кийин да сен алардын көңүлү каалаган нерселерине ээрчип кетсең, анда, күмөнсүз заалимдерден болуп каласың.»*

(Коран 2:145)

*«Тар дарбазадан киргиле, анткени апат болор жерге алып баруучу жол да, дарбазада кенен жана ошол дарбазадан кирип жаткандар көп. Өмүргө алып баруучу дарбаза менен жол ушунчалык тар жана ал дарбазаны тапкандар аз».*

(Матайдын жакшы кабарынан)

## ӨМҮР БЕРҮҮЧҮ ДАРАК

*« (Эй Мухаммед) ушул китепте Мариямды эстегин: Ал өз үй-бүлөсүнөн четке күн чыгаар тарапка барып, алардан жашынып калган чагында Биз ага Өз рухубузду жибердик. Анан ал бүтүн (даана) адам болуп көрүндү.»* (Куран 19:17)

Кудай Сөзүн окуган адамдардын көбү Ыйык Китептин биринчи жана акыркы китептеринде жазылган өмүр дарагы — бул Иса пайгамбарды билдирет деп көп окурман ишенишет.

Араңардагы жер бетиндеги эң байыркы окуяны окугандарыңар Адам ата менен Обо эне күнөө кетиришкенде ажал биздин айыгышкан душманыбыз болуп калганын жана Кудай өмүр дарагына барчу жолду жаап койгонун билишет.

Ошондуктан эч бир адам түбөлүк өмүр сүрө албайт, адамзат башында турган ажалдан качып кутула албайт жана өмүр дарагына жете албайт. Биз, адамдар түшсө чыккыс ажал түрмөсүнүн туткундарына айланганбыз.

Бирок Кудай биз жаткан түрмөгө кирип, ажалдын күчү менен согушууну чечти. Бул асман жоокери — Иса Машаяк. Ал ажалга бетмебет барып, эр жүрөк жоокердей аны тике караган. Адам аттуунун баары сыяктуу эле ажал огуна учуп, анын күчүнөн каза тапкан. Даракка асылып өлтүрүлгөн. Бирок Кудай Уулу — Исада күнөө болбогондуктан ажал аны кармап тура албаган. өлгөндөн соң үчүнчү күн дегенде кайра тирилип, мүрзөдөн чыккан да биз жаткан түрмөдөн чыга турган жолду ачкан.

Бүгүнкү күндө түндүктө элеси калган анын курмандыгынын символу — көп адамдардын жек көрүүсүнө жана көп адамдардын сүйүүсүнө айланды. Бул белги (символ) адамзат тарыхындагы эң ардакталган жана жек көрүнгөн белги (символ).

*«Аны болсо тактайлар менен мыктар ээсинде көтөрдүк. Ал Биздин көз алдыбызда сүзөт. (Бул өз коому тарабынан пайгамбарлыгы) танылып жокко чыгарылган киши үчүн сыйлык. Чындыгында Биз аны бир аят-үлгү кылып калтырдык. Ошентип, бирер эскертме-үлгү алуучу барбы?»*

(Куран 54:13-15)

Өз күчүнө таянып, ажал түрмөсүнөн чыга



турган жолду издеп табууга далалаттангандар үчүн Исанын курмандыгынын белгиси (символу) бечараларга таандык акылсыздыктын белгиси (символу). Бирок ажалды өз күчү менен жеңе албастыгын моюнга алып, момундук менен муну ачык айткандар үчүн Машаяктын Курман Айты (айкаш жыгачы) алардын өмүр дарагына айланды.

Машаяк Исанын Кудай Сөзүндөгү сырдуу өмүр дарагы экени менен макул болгон окумуштуулар сансыз көп. Буга себептер да жыйма жый. Дарактан жасалган жана кызылга боелгон түндүк да Кудай Сөзүнүн башында жана аягында айтылган сырдуу дарактын чыныгы маанисинин дагы бир учугу болуп жүрбөсүн?

*«Манастын көкүрөгүн Теңир өзү сылап турган. Манастын үстүнөн нур мунар жети айлана чыркырап учуп, анан из калтырбай зуулдаган бойдон типтик түндүккө чыгып, андан ары Көккө төнүп кетти»*

(Теңир Манас китебинен: А. Жакыпбеков)

## КӨККӨ КАДАЛГАН КӨЗДӨР

*«Ибраим Кудайдын бул айткан сөзүнө ишенди. Кудай ушул ишеними үчүн аны актады»*

(Муса пайгамбардын 1-китебинен)

Ибраим эмнеге ишенди? Эмнени көрдү? Кемпири Сара экөө тең бала көрбөй, карып калган чагында Кудай ага:

*«Сен көптөгөн элдердин түп атасы болосуң, урпактарың жыбыраган жылдыздардай сан жеткис көп болот», деген эле.»*

Ошондо Ибраим өзүнүн карыган денеси менен согончогу канабас кемпирин карабастан, асманды карап, Кудай өз сөзүнө турарына ишенген. Ошол ишеним Ибраимдин дүйнөсүн асмандын түбөлүктүү көрүнүшү (перспективасы) менен бириктирген.

*«Адамдын көзү-анын чырагы. Ошондуктан көзүң тунук болсо, бүт денең да жарык болот. Эгер көзүң арам болсо, бүт дене боюң караңгыда калат. Демек, сендеги жарык караңгыга айланып калган болсо, ал караңгылык абдан жаман!»*

(Матайдын жакшы кабарынан)

Сабыр агай айткандай түндүктүн формасы көз сыяктуу — кыргыздардын көзүнүн түзүлүшүндөй. Ооба, түндүк — бул кыргыз элин асманга көргөзүп турган силердин ата-бабаларыңардын көзү. Демек, кыргыздардын көзү Кудайдын падышалыгына келди. Ошондуктан ким рухий жактан боз үйдүн ичинде болсо, анын ишеними Ибраим атаныкындай. Көздөрү нурга толгон жакшы көздөр, асманга жетип, анын убадаларына үмүт арткан көздөр.

*«Кээде жүзүң көктө кезгенин (Мы видем, что ты обращаешь лицо свое к небу.) көрөбүз. Эми албетте, Биз сени өңүң ыраазы болгон кыбылага бурабыз. Эми жүзүңдү Масжидал-Харам тарапка бургун! Каерде болбогула, жүзүңөрдү ал тарапка бургула! Китеп берилген адамдар, албетте, мунун Жараткан тарабынан экенин билишет. Алла алар жасап жаткан иштерден кабарсыз эмес.»*

(Коран 2:144)

Өз көзүңөрдү четке какпагыла, алмаштырбагыла. Кудай өз Китебинде жазып кеткен убадаларын аткарганга кудуреттүү экенин ошол силердин өз көзүңөр көрсөтө алат. Эгерде ишенимиңер жок болсо, Куранда Иса көзү көрлөрдү, сокурларды айыктырганы тууралуу айтылганын эстегиле. Ага келгиле, көзүңөрдү ачканга ага уруксат эткиле.

## ДИНИЙ ШААРЛАР

Бул дүйнөдөгү Мекке, Иерусалим жана Ватикан сыяктуу диний ири шаарларды мен өтө урматтаарымды түшүнсөңүз экен. Бирок мен толук мусулмандар катары бул дүйнөнүн ири шаарларына таянбайм. Ыбрайым, Исхак, Жакып жана башка чабан пайгамбарлар сыяктуу биз дагы Кудайдын берген мындай убадасына таянам:

*«Ишеним аркылуу Ибрайым, мурасты ала турган жерге барууга буйрук алганда, баш ийип, каякка барарын билбесе да жөнөдү. Ишеним аркылуу ал убадаланган чоочун жерге конок катары жайланды, жана ошол эле убада алган мураскорлору Исхак жана Жакып менен чатыр-*

*ларда жашады; Анткени, бекем негизи бар шаарды ал күткөн, анын сүрөтчүсү жана куруучусу Кудай өзү.*

*Ишенимде болуп, Сарра төрөбөс болсо да, боюна бүтүп калууга мүмкүнчүлүк алды жана жашына карабастан төрөп алды; анткени, убада Бергендин ишеничтүү экенин билген. Ошондуктан бирөөдөн, анын үстүнө өлгөн сыяктуудан ушунчалык көп туулду, алардын саны асмандагы жылдыздай көп, жана деңиздин жээгиндеги сансыз кумдай көп. Булардын баары ишенимде өлдү, убадалангандны алышкан жок. Бирок алыстан гана аны көрүштү жана сүйүнүп куттукташты, өздөрү жөнүндө, биз дүйнөдө келгиндер жана жолоочуларбыз, деп айтышты; Анткени, минтип айтып жаткандар, өзүлөр ата-мекенин издеп жүргөнүн көрсөтүшөт. Жана эгерде алар өзүлөрү чыккан атамекенди ойлоп айтышса, анда кайрылып барууга убакыт табышаар эле; Бирок алар андан жакшыраак ата-мекенге, атап айтканда, асмандагы ата-мекенге куса болушту; ошондуктан Кудай да, өзүн алардын Кудайымын деп, алардан уялбайт: анткени Ал, алар үчүн шаар даярдап койгон».*

(Инжилдеги Еврейлерге жазылган кат)

Татаал жолдор эле такыбаалыкка алып келе бербейт. Биздин эң жогорку максатыбыз тамекини ж.б.у.с адаттарды таштаганы жакшы болсо да, мындай майда-барат иштерден тышкары дагы орчундуу нерсе бар.

Тоонун талабы бизди эр жүрөктүүлүккө, адилеттикке, ырайымдуулукка жана ажайып өмүргө үндөйт. Биз жер жүзүндө жашап өткөн адамдардын эң улугу болгон касиеттүү Кыдырдын жолун жолдоп, Теңирдин Рухуна жетеленгибис келет. Анын кылычы болгон Кудай Сөзүн колубузга кармап, жин-шайтандарга каршы турабыз.

Шайтан менен кызматташуу бизди акыл-эсинен айныгандар деп атап, диниңерди сатып кеттиңер деген жалаа жабышат. Алар бизди Кудайдын Падышачылыгын билдирген эркин тоодон түшүрүп, адамдын ойлоп тапкан динин билдирген түздөгү жана чөлдөгү шаарларда жашаганга окутууну каалайт. Андайды таптакыр унутуңуз! Андан көрө мага мингенге тулпар, чыкканга тоо, тикkenге боз үй, көтөргөнгө байрак, тунук сүйүү үчүн жубай жана кайтарганга койлор болгону артык. Карышкырлар кайда экенидигин мага көргөзгүлөчү; мен бороон-чапкынга жана ысык суукка чыдамдуулук менен каршы турам.

Мындай бакытты таба албай жаткан элди мага көрсөткүлөчү. Адам аягы баса элек тоолорго мени ээрчиткилечи, биз алардын жашыруун сырын чечмелеп жана көөнөргүс байлыктарын ачалы. Ал тоолордун көк мелжиген чокуларында мен ээн-эркин сыйына алам: бир күнү бакырып ыйлап сыйынсам, кийинки күнү кубулжута обон созо алам. Мен шаттанып бийлейм жана кубанам. Жүзүмдү сыдырым соккон желге тосуп, байыркы сырлар жөнүндө ой жүгүртөм.

Күндөрдүн биринде менин каныма боёло турган айкаш жыгачты мага көрсөткүлөчү! Мени жек көрүп, өлтүрүүнү самагандарды мээримди

көрсөтүүгө эр жүрөктүүлүк бергилечи. Алардын бардыгын мен азыртан эле кечиремин. Мен эркиндиктемин жана мен эркин ой жүгүртүп, изилдеп, баяндап же жароокер боло алам ж.б.у.с.. Мен чыныгы адам болууга эркиндигим бар.

Бирок мага чет элдик шарияттарыңар менен акыл үйрөтүүгө далалат кылбагыла. Мисалы: Мен өзүм такшалып бүткөн диний системада чет элдиктердин дин кийимин кийип жашаганга жаралган эмесмин. Мен түбөлүктүү Жараткан Көк Теңирди таанып билүү жана Ага табынуу үчүн жаралгам.

## ДИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ҮЙҮ

Кудай силерди дин кызматкерлери катарында өзүнө ушул учурда чакырып жатканына ишенүүгө менде көп себептер бар. *«Силер дин кызматкерлери болосуңар»* деген Кудай бай Жакып менен Манасенин балдарына бир убактарда.

*«Эгерде менин үнүмө чындап баш ийип, келишимимди сактасаңар, анда башка элдердин баарынан өйдө болосуңар. Алардын баары тең меники, бирок силер менин өзгөчө кенчим болосуңар. Мага дин кызматкерлеринин падышычылыгы жана ыйык эл болуп бересиңер.»*

(Тоораттан)

Байыркы ата-бабаларыңардын урууларынын кээлери Теңирден тескери кетишкен, анын келишимин бузган күндө да Кудай силерге болгон өзгөчө мээримин эсинен чыгарган жок. Тескерисинче, бүгүнкү күндөгү урпактарга өзүнүн дин кызматкерлери болууга дагы бир башкача мүмкүнчүлүк түзүп берүүдө. Бирок билип алгыла, дин кызматкери байыркы чындыктарды ачык түшүнүшү керек, ошондуктан биринчи дин кызматкери Арундун бул кызматка кандайча шайланганы тууралуу окуй кетели:

*«Анан Муса майлай турган майдан бир аз, ошондой эле курмандык чалчу жайдагы кандан бир аз алды да Арунга, анын балдарына жана Арун менен анын балдарынын кийимдерине чачыратты. Ошентип, Арунду, анын кийимдерин, балдарын жана балдарынын кийимдерин адалдап, ыйыктады. Анан Арун менен анын балдарына айтты: «Жыйналыш чатырынын кире беришинде этти кайнаткыла да, аны ыйыктоо курмандыктары салынган челектеги нан менен кошуп, ошол жерде жегиле...»*

(Тоораттагы Муса пайгамбардын 3-китебинен)

Силер дин кызматкерлери катарында өз ордуңар (ролуңар) тууралуу ой жүгүртүп тургула, а мен болсо боз үй темасына кайра кайрылайын. Боз үй төбөсүндөгү Машаягы (түндүк), ага кошулуп турган эркектери (ууктар) жана алардын алдында жайгашкан аялдары (керегелери) менен бирдикте бүткүл кыргыз журтчулугун билдирип турат. Боз үйдүн бардык бөлүктөрү кызыл. Бул силердин журтчулугуңардын бардык бөлүктөрү дин кызматкерлери болуу үчүн кан жана май менен ыйыкталгандыгын символдоштуруп турат.

*«Эгерде менин үнүмө чындап баш ийип, келишимимди сактасаңар, анда башка элдердин баарынан өйдө болосуңар. Алардын баары тең меники, бирок силер менин өзгөчө кенчим болосуңар. Мага дин кызматкерлеринин падышычылыгы жана ыйык эл болуп бересиңер»*

(Муса пайгамбардын 2-китебинен)

Куранда да Исанын энеси, Мариамдын ата-бабалары бүт элдерден жогору тургандыгы жазылган.

*«Албетте, Алла Адам жана Нухтун, ошондой эле Ибрахим жана Имрамдын үй-бүлөсүн (урпактарын) бүткүл аалам үстүнө (пайгамбарчылык үчүн) тандап алды.»* (Куран 3:33)

Ошондуктан эмне үчүн кыргыздар: өзүңөрдүн эркин рухуңарды чет элдиктин көз карамагына салып бердиңер? Кыргыз эли кымбат эмеспи? Эмне үчүн Манас, Кошой ата-бабаларыңардай көктү карап сыйынбайсыңар? Силердин эркин рухуңар кымбат эмеспи?

Силер, кыргыздар бай, кедей, эркек-аял дебей, баарыңар Кудайга кызмат кылууга чакырылгансыңар. Ошондуктан Кудайдын байыркы сөзүн окугула, Кудай алдында ыйыктангыла жана Машаяктын түбөлүк дин башчылык жетегинин алдында жашагыла.



## КҮЛКҮ-ШАТТЫКТЫН ҮЙҮ

### «Күлкү — жанга дабаа»

*«Теңир Мамрей деген эмен токоюнун жанында Ыбрайымга келди. Ал күн ысыкта чатырдын кире беришинде отурган. Ал башын көтөрүп караса, тушунда үч эркек киши турган экен. Аларды көрүп, чатырдын кире беришинен утурлай чуркап барып, аларга жерге чейин башын ийип таазим этти. Анан мындай деди: «Эгедерим! Эгерде мен сенин көз алдыңда ырайым тапкан болсом, кулуңдун жанынан кыя өтпө. Азыр бир аз суу алып келип, бутуңарды жууп беришет. Ушул дарактын түбүндө эс алгыла. Мен тамак-аш алып келейин, кубаттанып алып, жолго чыккыла, анткени кулуңардын жанынан өтүп бара жатасыңар». Алар ага: «Айтканыңдай кыл»,-дешти. Ошондо Ыбрайым чатырга шашып кирип, Саарага мындай деди: «Бол тезирээк, эң жакшы ундан үч сата камыр жууруп, ачыткысыз нан жасай кой». Анан Ыбрайым бадага чуркап барып, бир жакшы жаш музоону алып келип, уланга карматты. Улан аны даярдаганга шашты. Анан май сүт бышырылган музоо этин алып келип, алардын алдына койду. Алар тамак жеп жатышканда, өзү алардын жанында, дарактын түбүндө турду. Алар андан: «Аялың Саара кайда?»-деп сураштты. Ал: « Ушул жерде, чатырда»-деп жооп берди. Алардын бири мындай деди: «Мен келерки жылы ушул эле убакта сеникинде болом, ошондо аялың Саара уулдуу болот». Саара болсо анын артындагы чатырдан оозунда угуп турган эле.*

*Ыбрайым менен Саара картайып, улгайып калышкан эле. Саарaнын аялдарга мүнөздүү нерсеси токтоп калган болчу. Саара ичнен күлүп: «Картайып калганда мага ушундай сооронуч болмок беле? Мырзам да карыы»,-деди. Ошондо Теңир Ыбрайымга мындай деди: «Картайып калганымда кантип эле төрөйүн?»,-деп, Саара эмне үчүн күлдү? Теңир үчүн кыйын нерсе барбы? Келерки жылы, айтылган мөөнөттө Мен сенikinde болом, ошондо Саара уулду болот». Саара болсо: «Мен күлгөн жокмун»-деп мойнуна албай койду. Анткени ал коркуп кеткен эле. Бирок Ал: «Жок, сен күлдүң»,-деди. Анан алар орундарынан турушту да, ал жерде Содомго жөнөштү. Ыбрайым аларды узатып коюу үчүн, алар менен кошо жөнөдү»*

(Башталыш китебинен 18:1-16)

Кээде Кудай тамашалашкысы келет. Ал тээ өйдө жакта отуруп алып, мыйзамдардын баары аткарылабы же аткарылбайбы деп эле арканардан акмалап карап отурган жок. Ал биз менен досторчо сыртка чыгып, ары-бери баскысы, тамашалашкысы келет.

Ибраим пайгамбар Кудайдын досу болгон деп жазылган. Ибраимдин төрөбөс, карып калган аялы Сарра, карт чалына Кудайдын: *«ушул карыган, төрөбөс аялыңдан балалуу болосуң»* деген тамашасына күлгөн. Жүздөгү абышка менен токсондогу кемпир балалуу болот дегенди элестете аласыңарбы? Сарра да элестете алган эмес. Ошондуктан, кийин, төрөгөн баласынын атын Исхак (еврейчеден кыргызчага которсок «күлкү»)



койгон. Ал төрөгөндө элдин баары кубанып күлүшкөн. Алар гана эмес Кудайдын өзү да аларга кошулуп, жыргап күлгөн болсо керек.

Кудайдын үйү кубанычтын үйү. Кудайдын өзү да абдан шайыр. Чын жүрөктөн чыккан күлкүнү таза сактагыла, менин кыргыз досторум, силер да күлгөнүңөрдө, жылмайганыңарда ушунчалык сулуусуңар.

## БАЛБАНДАР ҮЙҮ

Чындык эч качан оңой менен табылбайт. Таап, аны ээлеп алгычакты аны менен талбастан күрөшүү керек. Силердин чындык менен күрөшүүңөр Манас, Кошой же башка баатырлардын таймаштарынан оңоюраак болот деп ойлобогула. Чындык менен күрөшкөндө бүт күчүңөрдү, акыл-сезимиңерди, жан-дүйнөңөр менен күрөшүңөр керек. Ата-бабаларыңардын жеңиштеринде, жеңилиштеринде олтура бере албайсыңар. Ар бириңер өз майданыңарга киришиңер керек. Кайдыгерлик каргышка калгандардын баары менен бирге кыйрайт. Тек, эр жүрөк балбандардын гана уламдан улам жогорулоого кайраты жетет.

«Жалгыз калган Жакып менен кимдир бирөө таң атканга чейин күрөшүп чыкты. Жеңе албай баратканын көрүп, жамбашын чыгара сокту. Анан Жакыпка:

— Кое бер мени, карачы таң атып кетти, — деди.

— Батаңды алмайын кое бербейм, — деди Жакып тырышып. Тиги:

— Атың ким? — деди.

— Жакып.

— Мындан ары атың Жакып эмес, Исраил болот, анткени сен Кудай менен күрөштүң, эми мындан ары адамдарга үстөмдүк кыласың, — деди баягы. Ошондо Жакып да андан:

— Сен да атыңды айт! — деп сурады. Тигил:

— Менин атымды билип эмне кыласың, — деди да Жакыпка ошол жерден батасын берди. *«Мен Кудайдын жүзүн көрсөм да аман калдым» деп Жакып ошол жерди «Кудай жүзү» атады.*

*Жакып жамбашынан сылтып, «Кудай жүзүнөн» өтүп бараткanda күн чыкты. Ошол себептен Исраилдин урпактары бүгүнкү күнгө дейре малдын жамбашынын тарамышын жешпейт, анткени Жакып менен Күрөшкөн Баягы Кудурет анын жамбашындагы тарамышка колун тийгизип койгон».*

(Муса пайгамбардын 1-китебинен)

Кыргыздар эмне үчүн жамбаш жилигинин тарамыгын жебестен, ыргытышат болду экен? Эмне үчүн спорттун күрөшкө байланыштуу түрлөрүн абдан сүйүшөт? Эмнеге батасын бермейинче Кыдырды кое бербейсиңер? А, силер Кыдырга ишенимиңер каяктан чыкты?

## БАТАНЫН ҮЙҮ

Эгер силер Кудайдын китебинде айтылган Жакыптын балдары болсоңор, анда ал китепте орустарга, америкалыктарга, каапырларга эмес, силерге түптүз тиешеси бар болгон көптөгөн



Кудайдын ак баталары бар. Силер билип алышыңар керек: бул китеп силердин ата-бабаларыңардын эң байыркы китебиби же жокпу, силер Жакыптын жоголгон урууларынансыңарбы же жокпу?

*«Оо Жакып,*
*чатырларың керемет!*
*Оо Исраил,*
*жашаган жайың ажайып!*
*Созулуп жаткан өрөөндөй,*
*Жээкте өскөн бактардай,*
*Теңир тиккен гүлдөрдөй,*
*Суу боюнда арчадай.*

*Алар сууга каныщат,*
*Суулуу сонун жайларга*
*Уруктарын эгишет.*
*Алардын падышалары*
*Улуу болот Агагдан*
*Алардын хандыктарынын*
*Зоболосу бийиктейт.*

*Мисирдин кулчулугунан*
*Аларды Кудай куткарат.*
*Жапайы топоздой болуп,*
*Кудай өзү болушат.*
*Жоолорун алар жалмашат.*

*Сөөктөрүн сындырып,*
*Жебелерин кайрышат.*

*Бул эл абдан кубаттуу,*
*Бөгүп жаткан арстандай.*

*Ал үргүлөп жатканда*
*Ким даап аны тургузат?*

*Ким сага батасын берсе*
*Өзү да баталуу болот.*
*Ким сага каргыш сөз айтса*
*Өзү да каргышка калат.»*

(Муса пайгамбардын 4-китебинен)

## КУДАЙДЫН БЕЛГИСИ

*«Ышмон аларга батасын берди да Мариямга карап: «Бул бала Израилдеги көп адамдардын кулашына жана көтөрүлүүсүнө себепкер болот. Жашырын сырларды айкындоочу талаштартыштардын белгиси болот. өзүңдүн да жүрөгүңдү кылыч аралайт» – деди«.* (Луканын жакшы кабарынан)

«Иса» – адамдар жек көргөн белги. Адамдын кандай мусулман экени жана анын Иса жөнүндө кандай ойдо экенин айтканынан билинет.

## АР ТҮРДҮҮЛҮКТӨГҮ БИРИМДИК

*«...Бирок алар ушундай деген бүтүмгө келишти: жанымдагы Тит башка улуттан болгонуна карабастан, аны сүннөткө олтургузууга зордошкон жок».*

(Инжилдеги Галаттыктарга жазылган каттан)



Кудайдын ырайымы тууралуу кабар өзүнүн алгач пайда болгон жери — динчил Чыгыш дүйнөсүнөн каапыр Батыш дүйнөсүнө тарай баштаганда «Кудай сүннөткө олтургузулбаган батыштыктарды кабыл алабы?» деген чоң маселе пайда болгон. Батыштыктар ишене баштапканда Кудай аларды ыйык рухка чөмүлдүрүп, аларды да Машаякка болгон ишенимдери аркылуу өзүнүн түбөлүктүү үйүнө кабыл алганын билдирген.

Бул жаңы окуя дүйнө тарыхынын жаңы доорунун башталганынын жана Машаяк каапырлар үчүн да жол көрсөтө турган Нур болот деген тээ байыркы Кудайдын убадаларынын аткарылышынын белгиси болуп калды.

Эгерде ниетин өзгөртүп, Кудайга дитин буруп, ишенсе, анда каапыр батыштыктар да Кудайдын үйүнө кабыл алынчу. Бирок көптөгөн чыгыштык динчилдер бул өзгөрүүгө даяр эмес эле. Чыгыштан, батыштан, түштүктөн жана түндүктөн адамдар Теңирдин тоосуна агылып келе баштаар замат, Кудайдан көрө динди жана өздөрүнүн байыркы мыйзам-эрежелерин артыраак сүйгөн көптөгөн чыгыштыктар Кудай Рухунун бул кыймылына каршы турушту. Иса мындай дин мугалимдерин даярдоого аракет кылды:

*«Ошондо силер Ибраим, Исхак, Жакып жана башка бардык пайгамбарлардын Кудай Падышачылыгында, а өзүңөрдүн болсо сыртка куулганыңарды көрүп, боздойсуңар, тишиңерди кычыратып, ачууланасыңар. Чыгыш менен батыштан, түндүк менен түштүктөн келгендер Ку-*

*дай Падышачылыгынан орун алышат. Ошондо биринчи болгон «акыркыларды» жана акыркы болгон «биринчилерди» көрөсүңөр».*

(Инжилдеги Луканын жакшы кабарынан)

... Бирок, көп адамдар бийик жайга барууну каалашкан жок. Алар Кудай Рухунун жаңы кыймылына ийиге алышпады.

Албетте Кудайдын үйүнө келүүчү жаңы муун мурдакы эски диний уюмдардан таптакыр башкача болот. Бирок кабыл алуу аркылуу алардын өзгөчөлүгү кереметтүү биримдикке айланат. Бул кереметтүү биримдик эски түп нускадан көрө Кудайды көбүрөөк даңктайт.

Калпак менен боз үй — экөө тең төбөсүнө карай кеткен жолдору бар тоолорду элестетет. Экөөнүн тең чокусу бардык улуттар Кудайдын жолдоруна үйрөнө ала турган Теңирдин тоосуна зыяратчыларды алып келүүчү чыгыштан, батыштан, түштүктөн жана түндүктөн чубалган жолдорду чагылдырып турат.

Боз үй — бул динчил, сүннөткө олтургузулган дүйнөдөгү сүннөткө олтургузулган жана олтургузулбаган элдер келип, чогуу кызмат кылып, ак дасторкондо чай ичип, нан сындырып, Кудайга табына ала турган Теңир Тоодогу жай болуп келүүдө.

*«Акыркы күндөрү Теңир үйү турган тоо бардык тоолордун башына коюлат, бардык дөбөлөрдөн жогору көтөрүлөт, ага бүт элдер агып келет. Көптөгөн элдер келип: «Келгиле, Теңирдин тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын*



*үйүнө кирели, Ал бизге өз жолдорун үйрөтөт, ошондо биз Анын жолдору менен жүрөбүз. Анткени Сиондон мыйзам чыгат, Иерусалимден Теңирдин сөзү чыгат», — дешет.*

*Ошондо ал элдерди соттойт, көп уруулардын айыбын ашкере кылат. Кылычтарын соко кылып, найзаларын орок кылып жаңыдан согуп иштеп чыгат, бир эл бир элге кылыч көтөрбөйт, ошондон кийин согушууга үйрөнбөйт. О Жакып тукуму! Келгиле, Теңирдин жарыгында жүрөлү!».*

(Кудай сөзүндөгү Ышайа китебинен)

## ЫРАЙЫМ ҮЙҮ

Сүннөткө олтургузулбагандар, же башка диндин өкүлдөрү үчүн кирүүгө уруксат жок көптөгөн диний имараттар бар. Бул *«ыйык жайлар»* расалардын, диндердин жана улуттардын ортосуна жик салып, жарака кетирүүдө. Диндин негизинде башкаларды жек көрүүгө ээликтирүүнүн натыйжасында көп кан төгүүлөр, согуштар болду. Ооганстандагы кан төгүүнүн башы – дин, Баткендеги согуштун башы да дин. Дин көптөгөн кыргыз жигиттерин да чет элдик согуштарга жалдап алып кетип жатат.

Бирок алданбагыла, Кудай бардык улуттарды бейиште чогуу көргүсү келет:

*«Ушундан соң, такты менен козунун алдынан эч ким санай алгыс, санаса сан жеткис, ар кандай улуттардан, уруулардан, калктардан жана тилдерден чыккан, аппак кийим кийи-*

*нишкен, колдоруна пальма бутактарын кармаган көпчүлүктү көрдүм».*

(Кудай сөзүндөгү Аян китебинен)

Көп учурда диний мыйзамдар Кудайдын каалоосуна каршы нерселерди кылат. Бактыга жараша бизди ынтымакка алып келип, бириктире турган Машаякты чагылдырып турган боз үй бар. Орустар менен батыштыктар сыяктуу сүннөткө олтургузулбаган батыштыктарга карата жазылган төмөндөгү катка көңүл бурсаңар:

*«Ошондуктан эсиңерде болсун: силерди, башка улуттуктарды (сүннөткө олтугузулбаган батыштыктар), этинен эт кесилип сүннөттөлгөн иудейлер «сүннөткө олтугузулбаган каапырлар» деп аташчу эле. Ал убакта силер Машаяктан алыс, Исраил (Жакып) үмүт кылган нерседен тышта жана Кудайдын келишимдеринде берген убадаларынан четте элеңер. Кудайды таанывай, бейүмүт жашап келдиңер. Бирок азыр Иса Машаяктын кан төгүп курман болушу аркылуу мурда алыс жүргөн силер (сүннөткө олтургузулбаган батыштыктар) эми Кудайга жакындадыңар. Машаяк биздин ынтымагыбыздын Башаты: ал эки жакты бириктирип, экиге бөлүп турган ортодогу дубалды талкалап, өчөшүүнү алып салды. Машаяк өзүн биз үчүн курман кылып, диний мыйзамдар менен эрежелердин күчүн жоготту. Ушундайча ал эки топту (сүннөткө олтургузулган жана олтургузулбаган) өзү менен байланышкан өз ара ынтымактуу жаңы адамдар кылды. Айкаш жыгачтагы курмандыгы менен экөөнүн өчөшкөнүн жоюп, Кудай менен элдештирип, бир коомго айлантты. Ошентип ал келип, Кудайдан сыртта жүргөндөргө жана ага жакыныраак тургандарга тынчтык кабарын жарыялады: анткени анын аркасында силердин да, биздин да бир Рух аркылуу Кудай Атага жолубуз ачылды.*

*Ошондуктан силер эми мындан ары бөтөн, чет элдик эмессиңер. Силер ыйыктар жана Кудайдын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү менен бирге туракташсыңар. Силер да Кудай үйүнүн элчилер менен пайгамбарлар салган пайдубалынын үстүнө «тирүү таш» катары коюлдуңар. Бул үйдүн эң негизги бурчундагы башкы ташы Иса Машаяк. Ал аркылуу бүткүл курулуш бириктирилип, Жараткан Эгеге багышталган ыйык үй болуу үчүн өсүп жатат. Ошентип силер Иса Машаяктын аркасы менен «Кудай жашоочу жай» катарында бирге кыналасыңар, Кудай Ыйык Рух аркылуу ушул имаратта жашайт».*

(Инжилдеги Эфестиктерге жазылган каттан)

Исадай ырайымдуу, боз үйдөй ийкем болгула. Адамдарды Машаяк жана боз үй кандай кабыл алса, силер да адамдар, бири-бириңерди ошондой кабыл алгыла. Дүйнөдөгү согуштарды токтоткула. Силер сүннөткө олтургузулган Кудайга жакын кыргыздарсыңар жана Кудайдан алыс болгон, сүннөткө олтургузулбаган, орустар менен батыштыктар сыяктуу эле акталып, Кудайга алынып келингенсиңер — дейт Жараткан Теңир. Экөөңөр тең (кыргыздар да, орустар да)

силердин күнөөлөрүңөрдү жууп-тазалап тургандын Машаяктын курмандыгы аркылуу Кудайдын үйүнө кабыл алынгансыңар.

## ПАЙГАМБАРЛАР ҮЙҮ

*«... Кудай мындай дейт: соңку күндөрдө адамдардын үстүнө Ыйык Рухумду төгүп жиберемин! Ошондо уул-кыздарыңар Кудайдын сөзүн айтышат, жашыңар аян, карыңар түш көрүшөт. Кулдарым менен күңдөрүмө да ыйык рухумду төгөм, алар да пайгамбарчылык кылышат...»*

(Элчилердин иштери китебинен)

Көп диндер аялдардын жаны жок, бейиште кызмат кылгандан башка нерсеге татыбайт деп эсептешет. Бирок боз үй ал жалган ойлорго каршы болуп, Кудай үйүнүн чындыктарын бизге көрсөтүп турат. Ал эми Кудай үйүндө болсо аялдар да, эркектер да, сүннөттөлгөндөр да, сүннөттөлбөгөндөр да — баары пайгабарчылык кылып, бир дасторкондон тамак ичишет.

Кудай үйүнө келген адам катары атаң менен кандай сүйлөшсөң Кудай менен да ошондой сүйлөшкөнгө көн. Кудай эч качан сени четке какпайт. Анын чындыктарын башка элдерге айтып бергенге үйрөнсөң жакшы болот.

## ТООЛУК МУСУЛМАН – ТОЛУК МУСУЛМАН

Төмөн жакка түшкөндөр Кудайдын жолунда эмес экендигин жана өз жаратылган кейпинен арылгандыгын ачык жазган Куранда:



*«Чындыгында биз инсанды эң көркөм көрүнүш – келбетте жараттык. Андан соң (ал Биз тартуу эткен ушундай сулуу сүрөт жана көркөм келбетин шүгүрүн кылбастан, купур жана чектен ашуу жолуна кеткенде), аны асфаласафилийнге (тактап айтканда эң төмөн тозокко) кайтардык.»*

*«что Мы создали человека в самых лучших размерах, потом Мы низведем его на самую низкую степень».*

(Куран 95:4,5).

Тооратта Нухтун уулдары тоодон түшкөндө мындай болгон: *«Жер жүзүндө бир эле тил болгон, адамдар бир эле тилде сүйлөшкөн. Алар чыгыштан көчүп чыгып, Шинар жеринен түздүк таап, ошол жерге отурукташышты. Анан алар бири-бирине: «Келгиле, кыш куюп, отко бышыралы»,-дешти. Алар таш ордуна кыш, акиташ ордуна жер чайырын колдонушту. Алар дагы: «Бүт жер жүзүнө тарап кетпешибиз үчүн, шаар жана асман тиреген мунара куралы, атыбызды чыгаралы»,– дешти. Ошондо Теңир адам уулдары куруп жаткан шаар менен мунараны көргөнү төмөн түштү. Теңир мындай деди: «Мына, бир эл, бардыгынын тили бир. Булардын баштаган иши ушул. Булар кылам дегенинен кайтышпайт. Төмөн түшүп баралы да, бири-биринин түшүнбөгүдөй кылып, ошол жерде булардын тилдерин аралаштырып салалы». Ошентип Теңир аларды ал жерден бүт жер жүзүнө таратып жиберди. Ошондо алар шаар*

*куруунý токтотушту. Ошондон улам ага Бабыл деген ат берилди, анткени Теңир жер жүзүндөгү баардык тилдерди ошол жерде аралаштырды, Теңир аларды бүт жер бетине ошол жерден таратып жиберди.»*

(Башталыш китебинен 11:1-9)

Ыйык тоолордун бешенесине Кудай эмнени жазганын толук түшүнбөйм, бирок тоолуктар жолунан адашып ылдый чөл тараптын диндерине кирип кеткенде, кутулгус кризиске батып калышкандарын өз көзүм менен көргөм. өздөрү тоолук болуп туруп, көп жылдар бою чөлдөгү үйлөргө карап сыйынып келишкен афгандар, тажиктер, кавказдыктар, югославиялыктар албандары, кашмирлер, чечендер жана курддар чоң кун төлөп, уулдарынын өмүрлөрүнөн айрылышууда.

Өздөрүнүн эркин мүнөздөрүнө жана асмандан алган чакырыгына каршы келген жиндерге кайрылып келишүүдө. Кудайдын бийик чакырыгы менен көк тартуулаган тынчтыкты четке каккан, өздөрүнүн ориентациясына таптакыр кайчы келген, статусунан алда канча пас чакырыктарды кабыл алган тоолуктар сөзсүз кризистин сазына батып, а балким согуштан башы чыкпай калышы ыктымал.

өзбекстан менен жана Баткен менен болгон жаңжал да эмненин таасири астында болду экен? Ал эми азыркы экономикалык кризис, биз өзүбүз жаратып койгон рухий кризистин физикалык чагылыш белгисиби?



Биз, кыргызстандыктар, тоолук мусулмандарбыз ошону менен бирге биз жогорку сыйынуу-намазыбызды, курмандыкка чалынган малыбызды, ыйык нооруз майрамдарыбызды ж.б.у.с. ылдый жакка арнабашыбыз керек, себеби ата-бабаларыбыз суунун аягын эмес, суунун булагын сыйлаган. Ошол үчүн башкалардын намазына, курмандыктарына өзүбүздү арнаардын алдында, биздин байыркы ата-бабаларыбыздын ишенимине кайрадан баа берип, дагы бир сыйра карап чыга алаар белек? Силердин киндик каныңар тамган Аталык үйүңөр тоолордо эмеспи.

Силер чөлдүктөр менен ата-журтуңарга бирдей жага албайсыңар. Же бул, же тигил. Анда Исанын айтканын уккула:

*«Эч ким эки мырзага кызмат кыла албайт: себеби бирөөнү жек көрүп, экинчисин жакшы көрөт, же бирөөнө ынтаа коюп, экинчисине шалаакылык кылат»*

(Инжилден)

## АЗАТТЫК ҮЙҮ

*«Чыныгы эркиндик — бул Машаяктын бизди эркиндикке чыгарганы! Ошондуктан эркин адамдар катары өйдө тургула, кайрадан кулчулуктун камытын кийгизүүгө жол бербегиле!»*

(Галаттыктарга жазылган каттан)

Көп диндер силерди кул кылып, өздөрүнүн таз кейпин кийгизүү үчүн силерди жеңип алууга

аракет жасашууда. Алар абдан жакынкы убактарда силерге өздөрүнүн кийимин кийгизүүгө, диний тилинде сүйлөтүүгө, мектептерине баргызууга, ибадатканаларына салык төлөтүүгө, мыйзамдарына баш ийдирүүгө, китептерин, кыймылдаганын окутууга, доктриналарына ишендирүүгө тырышып, башыңарды айлантууга умтулушат. Алардын кылып жаткан иш-аракеттеринин башкы максаты — силерди өздөрүнө кул кылуу, Жаратканыңар силерге эч качан ыраа көрбөгөн силерге жат, өздөрүнүн кейибине салуу. Тээ илгери жазылгандай, биз Машаяк Иса берген эркиндикте бек туруп, чет элдик кулчулукка эч качан бет албашыбыз керек. Кудай силерди ким болгузуу үчүн жараткан болсо, ошол болгула.

Машаяк бардык элдерди, тилдерди жана алардын үрп-адаттарын кабыл алат. Туш тарабынан келген жолдору бар дөбө сыяктуу болгон түндүк Машаяктын эркиндиги менен ар кандай салттарды тутушкан бардык элдерди кабыл ала тургандыгын чагылдырып тургансыйт.

*«Бузукулукка киргизүүчү ичкиликке берилбей, анын ордуна ыйык Рухка толгула. Бириңерге забурларды, гимндерди жана рухий ырларды ырдап, сүйлөшкүлө. Жараткан Эгебизге чын жүрөгүңөрдөн ыр ырдап, күү черткиле. Эгебиз Иса Машаяктын атынан бардыгы үчүн Кудай Атага ар дайым рахмат айткыла».*

(Эфестиктерге жазылган каттан)



*«Сүйгөнүм мени киргизди*
*Үйдө жаткан той өтүп,*
*Желбиретип үстүмөн*
*Махабат туусун көтөрүп.»*

(Эң мыкты ыр китебинин 2 – бөлүмүнөн)

*«Израилдиктердин (Жакыптын элинин) ар бири чатырын өз жамаатында, өз уругунун туусунун алдына тигиши керек.»*

(Муса пайгамбардын Санак китебинен)

*«Ушул тоонун үстүнө Кудуреттүү Теңир бардык элдерге тамактын жакшысынан, шараптын эскисинен, эттин семизинен жана мусалдастын мыктысынан дасторконуна жайнатып той берет. Ушул тоонун башында ал бардык калктардын жамынган жамынчысын тытат, бардык улуттардын үстүндө жабылып турган шейшепти сыйрып алат.»*

(Исаия пайгамбардын китебинен)

## АКАЙ

«Дарий падышанын падышачылыгынын экинчи жылында, алтынчы айдын биринчи күнү Жүйүт башчысы Шалтиел уулу Зоробабылга жана башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуяга Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду.

Кудиреттүү Теңир мындай деди: «Бул эл: Али убакыт келе элек, Теңирдин үйүн курганга убакыт келе элек»,– деп жатат».

Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду: «Бул үй кыйрап жатса, өзүңөрдүн жасалгалуу үйүңөрдө жашай турган убакпы?» Ошондуктан бүгүн Кудиреттүү Теңир мындай дейт: «Жүрөгүңөрдү өзүңөрдүн жолдоруңарга бургулачы. Силер үрөндү көп сээп, бирок түшүмдү аз алып жатасыңар; жеп, бирок тойбой жатасыңар; ичип, бирок суусунуңар канбай жатат; кийим кийип, бирок жылыбай жатасынар; эмгек акы тапкандар түбү тешик намыян үчүн эмгектенип жатышат».

Кудиреттүү Теңир мындай дейт: «Жүрөгүнөрдү өзүңөрдүн жолдоруңарга бургулачы. Тоого чыгып, жыгач көтөрүп келип, ийбадаткана кургула. Мен ага ыраазы болом жана даңкталам,-дейт Тенир.

«Көп нерсени күтүп, бирок аз нерсе алып жатасыңар. Үйүңөргө эмнени алып келсеңер, Мен аны сапырып жиберем. Эмне үчүн?- дейт Кудиреттүү Теңир.– «Менин үйүм үчүн, ал кыйрап жатса, ар кимиңер өз үйүнөргө чуркайсыңар. Ошон үчүн асман жабылып, силерге шүүдүрүм бербей жатат, жер өз түшүмүн бербей жатат. Мен жерге, тоолорго, эгинге, жүзүм ширесине, зайтун майына, жер эмнени өстүрүп чыгарса, ошонун баарына, адамга, малга, ар кандай кол эмгекке кургакчылык чакырдым».

Ошондо Шалтиел уулу Зоробабыл, Жетсадак уулу Жешуя жана элдин бардыгы өз Кудай-Теңиринин үнүн, өздөрүнүн Кудай- Теңири жиберген Акай пайгамбардын сөзүн угушту. Эл Теңирден коркуп калды.

Ошондо Теңирдин кабарчысы Акай элге Те-



ңирдин сөзүн айтты: «Мен силер мененмин,– дейт Теңир». Теңир Жүйүт башчысы Шалтиел уулу Зоробабылдын рухун, башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуянын рухун жана элдин бүт калдыгынын рухун козгоду, ошондо алар келишип, өз Кудайынын Кудиреттүү Теңирдин үйүндө иштей баштапты.

Иштн Дарий падышанын падышачылыгынын экинчи жылы, алтынчы айдын жыйрма төртүнчү күнү башташты. Жетинчи айдын жыйрма биринчи күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден мындай сөз болду: «Эми Жүйүт башчысы Шалтиел уулу Зоробабылга, башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуяга жана элдин калдыгына мындай де: Араңарда бул үйдү мурунку даңкы менен көргөндөр барбы? Азыр силер аны кандай абалда көрүп турасыңар? Силердин көзүңөргө ал эч нерсеге арзыбаган нерсе катары көрүнүп турган жокпу? Бирок сен азыр кайраттан, Зоробабыл, – дейт Теңир,- башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуя, кайраттан! Бул жердин бүт эли, кайраттан,- дейт Теңир,– иштей баштагыла, анткени мен силер мененмин ,– дейт Кудуреттүү Теңир. Мисирден чыкканыңарда Менин силер менен түзгөн келишимим жана Менин рухум силер менен, коркпогула! Анткени Кудуреттүү Теңир мындай дейт: «Жакын Арада Мен асман менен жерди деңиз менен кургактыкты дагы бир жолу солкулдатам, баардык элдерди солкулдатам, ошондо баардык элдер өздөрүнүн кымбат баалуу нерселери менен келишет, бул үйдү даңкка толтурам,– дейт Кудуреттүү Теңир. Күмүш меники,

алтын да Меники, – дейт Кудуреттүү Теңир. Бул акыркы ийбадаткананын даңкы мурунку ийбадатканананын даңкынан жогору болот, – дейт Кудуреттүү Теңир. – Мен бул жерге тынчтык берем,-дейт Кудуреттүү Теңир.

Дарийдин падышачылыгынын экинчи жылы, тогузунчу айдын жыйырма төртүнчү күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду: Кудуреттүү Теңир мындай дейт :«Ыйык кызмат кылуучулардан мыйзам тууралуу сура:« Эгерде кимдир бирөө ыйык этти этегине салып бара жатып, этегин нанга, же бышкан ашка, же шарапка, же зайтун майына, же болбосо кандайдыр бир тамакка тийгизип алса, ал нерсе ыйык болуп калабы?»

Ыйык кызмат кылуучулар: «Жок» – деп жооп беришти.

Анан Акай мындай деди: «Эгерде өлүккө тийип булганган адам ушул нерселердин бирине тийип кетсе, ал нерсе таза эмес болуп калабы?»

Ыйык кызмат кылуучулар: «Таза эмес болуп калат», – деп жооп беришти.

Ошондо Акай мындай деди: «Бул эл ушундай, Менин алдымда бул уруу ушундай, – дейт Теңир, – алар кылган иштердин баары ушундай! Алардын ошол жерге чалган курмандыктарынын бардыгы таза эмес. Эми жүрөгүңөрдү бүгүнкү күндөн Теңир ийбадатканасына таш үстүнө таш коюла элек мезгилге карай бургулачы.

Ошол убактарда мындай болгон: жыйырма өлчөм боло турган чөмөлөгө келишсе, он өлчөм болуп чыккан; жүзүм сыгылуучу жайга элүү өлчөм сузуп алганы келишсе, жыйырма эле өлчөм болуп чыккан. Мен силердин эгиниңерге дат оорусун жиберип, эгиниңерди күйгүзүп, кылган бардык ишиңерди мөндүр менен талкалап жазаладым, ошондо да силер Мага кайрылган жоксуңар – дейт Теңир.

*«Бүгүнкү күндөн тартып – тогузунчу айдын жыйырма төртүнчү күнүнөн, Теңирдин ийбадатканасы негизделген күндөн тартып артка карай жүрөгүңөрдү бургулачы. Жүрөгүңөрдү бургула:*

*Кампаларда дагы үрөөн барбы? Буга чейин жүзүм сабагы да, анжыр дарагы да, анар дарагы да, зайтун дарагы да, түшүм берген эмес. Ушул күндөн тартып Мен силерге батамды берем».*

*Айдын жыйырма төртүнчү күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден экинчи ирет сөз болуп, мындай деп айтылды: Падышачылык тактыларды кулатам, бутпарас падышачылыктардын күчүн жок кылам, майдан арабаларын жана аларда олтургандарды аласалдырам, аттары да, чабандестери да жерге кулатылат, ар бири өз бир тууганынын кылычы менен кулатылат. Кулум, Шалтиел уулу Зоробабыл,- дейт Кудиретүү Теңир,– ошол күнү Мен сени өзүмө алам, – декйт Теңир,– сени мөөр шакеги катары сактайм, анткени мен сени тандап алдым», – дейт Кудиретүү Теңир».*

(Акай пайгамбардын китебинен)

Жусуп пайгамбардын учурунда ачарчылык болгон эле. Ал дагы Кудай Теңирдин аянын угуп элдерди өлүмдөн куткарды. Манас эпосунда да,

алтын да Меники, – дейт Кудуреттүү Теңир. Бул акыркы ийбадаткананын даңкы мурунку ийбадаткананын даңкынан жогору болот, – дейт Кудуреттүү Теңир. – Мен бул жерге тынчтык берем,-дейт Кудуреттүү Теңир.

Дарийдин падышачылыгынын экинчи жылы, тогузунчу айдын жыйырма төртүнчү күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду: Кудуреттүү Теңир мындай дейт :«Ыйык кызмат кылуучулардан мыйзам тууралуу сура:« Эгерде кимдир бирөө ыйык этти этегине салып бара жатып, этегин нанга, же бышкан ашка, же шарапка, же зайтун майына, же болбосо кандайдыр бир тамакка тийгизип алса, ал нерсе ыйык болуп калабы?»

Ыйык кызмат кылуучулар: «Жок» – деп жооп беришти.

Анан Акай мындай деди: «Эгерде өлүккө тийип булганган адам ушул нерселердин бирине тийип кетсе, ал нерсе таза эмес болуп калабы?»

Ыйык кызмат кылуучулар: «Таза эмес болуп калат», – деп жооп беришти.

Ошондо Акай мындай деди: «Бул эл ушундай, Менин алдымда бул уруу ушундай, – дейт Теңир, – алар кылган иштердин баары ушундай! Алардын ошол жерге чалган курмандыктарынын бардыгы таза эмес. Эми жүрөгүңөрдү бүгүнкү күндөн Теңир ийбадатканасына таш үстүнө таш коюла элек мезгилге карай бургулачы.

Ошол убактарда мындай болгон: жыйырма өлчөм боло турган чөмөлөгө келишсе, он өлчөм болуп чыккан; жүзүм сыгылуучу жайга элүү өлчөм сузуп алганы келишсе, жыйырма эле өлчөм болуп чыккан. Мен силердин эгиниңерге дат оорусун жиберип, эгиниңерди күйгүзүп, кылган бардык ишиңерди мөндүр менен талкалап жазаладым, ошондо да силер Мага кайрылган жоксуңар – дейт Теңир.



*«Бүгүнкү күндөн тартып – тогузунчу айдын жыйырма төртүнчү күнүнөн, Теңирдин ийбадатканасы негизделген күндөн тартып артка карай жүрөгүңөрдү бургулачы. Жүрөгүңөрдү бургула:*

*Кампаларда дагы үрөөн барбы? Буга чейин жүзүм сабагы да, анжыр дарагы да, анар дарагы да, зайтун дарагы да, түшүм берген эмес. Ушул күндөн тартып Мен силерге батамды берем».*

*Айдын жыйырма төртүнчү күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден экинчи ирет сөз болуп, мындай деп айтылды: Падышачылык тактыларды кулатам, бутпарас падышачылыктардын күчүн жок кылам, майдан арабаларын жана аларда олтургандарды аласалдырам, аттары да, чабандестери да жерге кулатылат, ар бири өз бир тууганынын кылычы менен кулатылат. Кулум, Шалтиел уулу Зоробабыл,- дейт Кудиретүү Теңир,– ошол күнү Мен сени өзүмө алам, – декйт Теңир,– сени мөөр шакеги катары сактайм, анткени мен сени тандап алдым», – дейт Кудиретүү Теңир».*

(Акай пайгамбардын китебинен)

Жусуп пайгамбардын учурунда ачарчылык болгон эле. Ал дагы Кудай Теңирдин аянын угуп элдерди өлүмдөн куткарды. Манас эпосунда да,

Манас Баба-дыйканга баш ийип эгин сээп, чоң түшүм жыйнап, ачырчылыкта карып болгон нойгуттардын Карача канын да элин да куткарды.

Өткөн кылымдагы экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы ачарчылыкка биз Кудай Теңирдин буйругун аткарбагандыктан Жусуп жана Манас ата-бабаларыбыздай даяр болгон жокпуз. Тилекке каршы көптөгөн адам баласы көз жумушту. Эми Кудай Теңирдин буйругун билебиз, Эгебиздин үйүн тургузуп, мол түшүм алып, келечектеги ачарчылыкка даяр болуп көптөгөн элдерди Жусуп сыяктуу куткарышыбыз керек.

## КОРУТУНДУ

«Кудай-Атанын жана Машаяктын сырын билүү үчүн, жетилген акыл-ойдун бардык байлыгына ээ болсун деп, сүйүүдө кошулган жүрөктөрү тынчысын»

(Инжилдеги Колоссалыктардын китебинен)

Мен Теңир тоодогу куттуу боз үйгө, ардактуу орундагы ыйык сандыкка жакын келдим. Менин алдыма салынган шырдактын кооз оймочиймелери, төрдө койулган ыйык сандык, тээ Муса пайгамбардан берки жолугуу чатырынын укмуштай сырларын камтыйт. Ал эми менин үстүмдөгү түндүк адамзат жарыгынын түбөлүк көрүнүшү менен, менин айлана-тегерегимдеги керегеде курман айттын жүздөгөн белгилери (символдору) курчап турат.

Мага баа жеткис белектер тартууланып жана



сиздер менен мен бир аз гана пикир алмаштым. Боз үйдүн ичинде дагы эле сансыз ачыла элек купуя сырлар көп. Бул жөнүндө дагы нечендеген сырлар ачылып жазыла турган китептер күтүлүүдө. Кыргызда макал бар: «Аштын тузун — таткан билет» демекчи эми Кудайдын көнөргүс берекеси менен түгөнгүс байлыгын бардык элдерге сүйүнчүлөп жар салуу кезеги силерде. Силерди Кудай өзү колдосун! Оомийин!

Ал эми дасторкондун үстүндө турмуштун тууралган наны, сыйлуу боорсогу, курмандыкка салынган эт жана жанга жан кошуучу бир кесе кымыз турат. Мен Ала-Тоодой ардактуу ак калпакты кийип олтурам. Ал эми кимдир бирөө үч кылдуу комузда менин жанымды, бул азаптуу дүйнөдөн арылткан кооз күүнү чертип жатат. Менин айланамдагы элдер айырмаланып турушат, бирок менимче биз баарыбыз бир-туугандардайбыз. үйдүн ээси арстандай эр жүрөк, карышкырды кыска бирок кылычтай өткүр камчысы менен кубалап чыккан, бирок азыр ал эң момун жана эң кайрымдуу, касиеттүү экен. Маңдайыңардан күлкү кетпесин, күлкү биздин жүрөгүбүздү толтуруп турат. Кубанычым койнума батпайт. А мен көктөн түшкөнгө баттым. Дагы мындан башка, кандай Кудайга жакын болгон жер бар?

Анда эмесе, Жаныбек, комузуңду колго алып, бир кайрып ийчи, Окурмандар окуй берип көздөрү талыды окшойт, созуп кой көңүлдөрү көтөрүлүп, чери жазылсын.

# МАЗМУНУ


Баш сөз ........ 4
Тарых ........ 5
Ишеним жөнүндө ........ 5
Жакып пайгамбардын Кудай Үйүндө Ак батага ээ болушу ........ 7
Кудай менен мамиле тууралуу ........ 8
Кудайдын байыркы үйлөрү ........ 10
Тоодогу үй ........ 13
Дөөттүн суроосу «Дөөтү колдосун» (эл оозунан) ........ 14
Дөөттүн алачык-боз үйү ........ 15
Чабан Пайгамбарлар ........ 20
Кудай рухунан төрөлгөндөр ........ 22
Кудай Үйү ........ 23
Манас ........ 25
Жакыптын уулу Манастын Ордосу ........ 28
Эпос Үйү ........ 31
Булут түрмөк ........ 33
«Кудайдын батасы түндүгүнөн түтүнү түз булагандарда» ........ 33
(Көлдүк карыя эненин сөзүнөн) ........ 33
Түндүк тууралуу ........ 34
Машаяк тууралуу ........ 35
Кыдыр тууралуу ........ 36
Машаякты Куран ачат ........ 37
Айлануу ........ 39
Үч күнгө өлгөн киши ........ 40
Теңир тоо ........ 41
Барынан – нан улук ........ 43
Кудайдын дачасы ........ 44
өмүр тууралуу ........ 48
Мусулмандын үйү ........ 51
Меймандостук жалпыбыздын үйүбүз ........ 53
Осуят Сандыгы ........ 54
Шамалдай эркин эл ........ 55





Кудайдын үйү – Кыргыз үйү ........ 57
Кайрымдуулук Үйү ........ 60
Кудайдын берекеси ........ 63
Айкөл ........ 64
Эшик тууралу ........ 66
Улук болсоң кичик бол ........ 67
Ак калпак ........ 68
Куугунтук ........ 70
Актал Молдонун Айткан Кеби ........ 71
Аягы жок айлана ........ 72
Ыйык символду көтөргүлө ........ 73
Борбордон өсүү ........ 74
Кудайдын тактысы ........ 76
Күн тууралуу ........ 77
Чыгыш ........ 78
Кыргыз туусу ........ 81
Көк тууралуу Кудайдын үч курмандыгы ........ 83
Бир Кудай жана Бир Түндүк ........ 86
Жерден Асманга көз жетүү ........ 88
Түндүгү басып калгандар ........ 89
Көккө жетелеген Жолбашчы ........ 89
Нуктун кемеси ........ 90
Ак үй ........ 92
Жашырылган ........ 94
Түбөлүктүүлүк ........ 95
Өзү үчүн өлгөндөр ........ 97
Арачы ........ 98
Таза Нурга өтүү ........ 101
Момун Кудай ........ 102
Кыдыр — Дабагер ........ 103
Кудай Уулу ........ 104
Иса аларга мындай деп жооп берди: ........ 104
Момун Келин ........ 107
Сулайман Тоо ........ 109
Сулаймандын Махабат Ыры ........ 111

Кудайдын сүйүүсү ........ 113
Адамдарды сүйгүлө ........ 114
Кыз жана анын Аталык үйү ........ 115
Көчмөн рух ........ 117
Боз үй ........ 118
Силердин улуттук тагдырыңар ........ 120
Кул ........ 121
Кудайдын Акыркы Үйү ........ 123
Чыгармачыл жашоо ........ 124
Тар Дарабаза, ичке Жол «... аны тапкандар аз.» ........ 125
Өмүр берүүчү Дарак ........ 127
Көккө кадалган көздөр ........ 129
Диний шаарлар ........ 131
Дин кызматкерлеринин үйү ........ 134
Күлкү-шаттыктын үйү ........ 137
«Күлкү — жанга дабаа» ........ 137
Балбандар үйү ........ 139
Батанын үйү ........ 140
Кудайдын белгиси ........ 142
Ар түрдүүлүктөгү биримдик ........ 142
Ырайым үйү ........ 145
Пайгамбарлар үйү ........ 148
Тоолук Мусулман – Толук Мусулман ........ 148
Азаттык үйү ........ 151
Акай ........ 153
Корутунду ........ 158



Бул ачылыштын оордугун жалгыз көтөрө албаймын. Ушул бүтпөгөн китеп, ачылышы менен силерге тапшырам.

*Боз үйдөгүлөр өз динин сатпасын*
*Теңир тоодогулар өз дилин сактасын*

55c

Рысбек

# БОЗ ҮЙ

Терүүгө 20.01.06 берилди. Басууга 14.02.06 кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$. Нускасы 2000
«SchoolBookCTT» ариби. Келишим баада.

Бишкек ш., «Илимпоз» басмасы, Исанова көчөсү, 87.

Буюртма 35.
Басылма ЖЧК «Басылма Үйү «Саламда» басылды
Бишкек ш., Гоголь көч., 120

[illegible]